# Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жана анын аймактык бөлүмдөрүнө жүргүзүлгөн функциялык анализ

**БУЙРУТМАЧЫ:**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**АТКАРУУЧУЛАР:**

**КОМПАНИЯЛАРДЫН КОНСОРЦИУМУ: ERFOLG CONSULT ЖЧК, EDNET АГЕНТТИГИ, ФПОИ**

ФОНД
ПОДДЕРЖКИ
ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ
ИНИЦИАТИВ

**НОЯБРЬ, 2020**

**Мазмуну**


**Методология** ........................................ 3

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин учурдагы ишмердүүлүгүнүн обзору** ........................................ 6

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратынын жана анын аймактык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү) функцияларын талдоо** ........................................ 8

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүү маселелери боюнча мамлекеттин ишин жөнгө салуучу мыйзамдык жана ченемдик-укуктук базасын талдоо** ........................................ 8

**Министрликтин 2000 - 2019-жылдар аралыгындагы түзүмүн жана функционалын өзгөртүү демилгелерин талдоо** ........................................ 18

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ишмердүүлүгү туурасында тышкы жана ички бенефициарлардын ой-пикирлерин талдоо** ........................................ 26

**КР ББжИМдин кызматтык нускамалары менен жоболорун талдоонун жыйынтыктары** ........ 42

**Тыянактар** ........................................ **Error! Bookmark not defined.**

**Сунуштар** ........................................ **Error! Bookmark not defined.**

1- Тиркеме. КР ББжИМдин 2040-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аныкталган жаңы ролунун шартында, учурдагы мыйзамдык жана ченемдик-укуктук базага ылайык, мамлекеттин жана КР ББжИМ функцияларын жана компетенттүүлүктөрүн талдоо. ....... 68

2-Тиркеме. КР ББжИМдин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн, органдарынын жана уюмдарынын функцияларын салыштыруу ........................................ 74

## Методология

***Максаты:*** аныкталган кемчиликтерди жоюу жана билим берүү системасын башкаруунун натыйжага багытталган заманбап тиби менен камсыздоо үчүн КР ББжИМдин борбордук аппараты менен билим берүүнүн бардык деңгээлдердеги башкаруу органдарынын милдеттерин талапка ылайыкташтыруу максатында Билим берүү жана илим министрлигинин аппаратынын жана анын бардык деңгээлдердеги башкаруу органдарынын иш-аракетинин натыйжалуулугун арттыруу жана рационалдаштыруу үчүн тыянактары чыгарылып, сунуштары берилген функциялуу анализ жүргүзүү.

***Милдеттери:***

- Кыргыз Республикасынын КР ББжИМдин жана анын башкаруу органдарынын иш-аракетин жөнгө салуучу мыйзамдарына талдоо жүргүзүү, КР ББжИМдин, билим берүүнүн бардык деңгээлдердеги башкаруу органдарынын кадрдык камсыздалышын жана аткарган функцияларын жөнгө салуучу нормативдик ченемдерге обзор жасоо (ченемдик-укуктук актыларга жана уюштуруп-тескөөчү документтерге талдоо жүргүзүү);
- Министрликтин учурдагы түзүмү жана анын иштөөсү алдыга коюлган максаттарга жана күткөн жыйынтыктарга натыйжалуу жетиш үчүн канчалык даражада чың жана натыйжалуу уюштурулган түзүмгө дал келе тургандыгын аныктоо;
- КР жалпы ББжИМдин, айрыкча борбордук аппарат менен бардык деңгээлдердеги башкаруу органдарынын (1) артыкчылыктуу функцияларын; (2) сакталып калышы керек болгон, же көбүрөөк тиешеси бар органдарга өткөрүлүп берилиши керек болгон, же болбосо жоюлушу керек болгон функцияларды; ар бир башкармалыктын, бөлүмдүн функциялык милдеттерин так көрсөтүү менен бүгүнкү күн талап кылган жаңы функцияларды аныктоо;
- КР ББжИМдин жана билим берүүнүн башкаруу органдарынын түзүмүнүн жана функцияларынын натыйжалуулугун арттыруу, рационалдаштыруу, ошондой эле түзүмдөгү бирин-бири кайталоолорду жоюу үчүн сунуштарды иштеп чыгуу;
- КР жалпы ББжИМдин, айрыкча борбордук аппарат менен бардык деңгээлдердеги башкаруу органдарынын жаңы уюштурулуучу түзүмүнө/функцияларына билим берүү тутуму менен башкаруунун заманбап талаптарына жооп берген жана өзгөртүүлөргө (билим берүү жаатындагы, мисалы, билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы сыяктуу стратегиялык документтерге шайкеш келген) ийкемдүү келген мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо;
- Иш-чараларды ишке ашырууга жооптуу тараптарды мүнөздөө (түзүмдүк бөлүмдөр, конкреттүү кызматкерлер жана/же тыштан чакырылган консультанттар).

***Максаттуу аудитория:***

- КР ББжИМ өкүлдөрү жана аймактык түзүмдөр;
- ЖОЖ/ООЖ өкүлдөрү;
- Мектептердин/бала бакчалардын өкүлдөрү;
- Эл аралык долбоорлордун өкүлдөрү жана эксперттер.

***Изилдөө усулдары:***

- Кабинеттик талдоо
- Сапаттык усул: Фокус-топтук талкуу -1, Терең маек- 52

**УСУЛДАРДЫ МҮНӨЗДӨӨ**

***Кабинеттик талдоо*** – Консорциумдун аналитиктери тарабынан кеңири талдоо жүргүзүлдү, Кыргыз Республикасынын КР ББжИМдин жана анын башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу, КР ББжИМи менен билим берүүнүн бардык деңгээлдердеги башкаруу органдарынын кадрдык камсыздалышын жана аткарган функцияларын жөндөөчү мыйзамдары (ченемдик-укуктук актыларды жана уюштуруп-тескөөчү документтерди талдоо) жана Буйрутма берүүчүнүн көптөгөн отчёттору изилденди, ошондой эле учурдагы изилдөөлөрдүн отчёттору менен интернет-ресурстардан алынган маалыматтар, КР ББжИМдин башкармалыктары менен бөлүмдөрүнүн кызматтык нускамалары пайдаланылды.

***Сапаттык усул:***

*Фокус топтук талкуу* – изилдөө ишинин алкагында төмөнкү мекемелердин катышуусу менен 1 ФТТ жүргүзүлгөн:

- ✓ *Ош, Бишкек жана Баткен шаарларынын мектептеринин өкүлдөрү*
- ✓ *ЖОЖ өкүлдөрү*
- ✓ *ООЖ өкүлдөрү*
- ✓ *Балдарга билим берүүчү мекемелердин өкүлдөрү*

Өлкөгө карантиндик чаралар киргизилген маалга туш келип калган талаа этабынын мезгилин жана мөөнөттөрүн эске алуу менен ФТТнин аймактардагы катышуучуларынын бир бөлүгү ZOOM тиркемеси аркылуу онлайн иштеп жатышты. Фокус-топтук талкуу Бишкекте өтүп, узактыгы 1,5 саатка созулду.

*Терең маек*- төмөнкү түзүмдөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен бардыгы 52 адамдан терең маек алынган :

**Тышкы бенефициарлар:**

- ✓ *Мектептердин өкүлдөрү – 2*
- ✓ *ЖОЖ/ООЖ өкүлдөрү - 5*
- ✓ *Шаар / район ББ (билим берүү башкармалыгы) өкүлдөрү- 2*
- ✓ *ББОУБ өкүлү 1*
- ✓ *БКББА өкүлү - 1*
- ✓ *РПККДИ өкүлү-1*
- ✓ *Эксперттер- 14*
- ✓ *КР ББжИМдин мурдагы кызматкерлери*

Башында, методологияга ылайык, терең маек алуу ыкмасы менен 28 респондент суралган. Бардык маектер ZOOM же SKYPE платформаларын колдонуу менен онлайн алынган.

Алынган маалыматтар иштелип жана талданып чыккандан кийин, материалдын жетишсиздигинен улам ББжИМдин борбордук аппаратынын кызматкерлерин (текстте мындан ары “министрликтин кызматкерлери” деп берилет) сурамжылоо чечими кабыл алынган. ББжИМ өкүлдөрү менен бетме-бет маек курулуп, ББжИМдин төмөнкү түзүмдөрдө иштеген 25 өкүлү суралган:

**Министрликтин кызматкерлери, КР ББжИМ түзүмдөрүнүн өкүлдөрү:**

- ✓ *МЧБББ- өкүлдөрү1*
- ✓ *ММТБББ- өкүлдөрү 2*
- ✓ *КБББ өкүлдөрү - 5*

- ✓ *КЧС өкүлдөрү -1*
- ✓ *ЭКИБ өкүлдөрү -2*
- ✓ *ИМСБ өкүлдөрү -1*
- ✓ *БЭОБ өкүлдөрү -1*
- ✓ *МТӨС өкүлдөрү -1*
- ✓ *МӨСПБ өкүлдөрү -1*
- ✓ *ДККБ өкүлдөрү -2*
- ✓ *ИД өкүлдөрү -1*
- ✓ *БСКАБ өкүлдөрү -2*
- ✓ *МКС өкүлдөрү -2*
- ✓ *ЛАБ өкүлдөрү -2*
- ✓ *ККСЖС өкүлдөрү -1*

ТМнын (терең маек) орточо узактыгы 2 саатка созулду.

Сапаттык усулдун бардык маалыматтары жалпыланган түрдө иштелип чыгып, отчётто берилген.

***Инструментарий:*** ФТТ жана ТМдин гайддары Консорциумдун аналитиктери тарабынан иштелип чыгып, талаа этабынын алдында Буйрутма берүүчү тарабынан бекитилген.

## ИШ ГРАФИГИ

| № | Иштин этаптары | Мезгили |
|---|---|---|
| 1 | Кабинеттик талдоо | 1- июнь – 30- сентябрь, 2020 -жыл |
| 2 | Инструменттерди иштеп чыгуу жана бекитүү | 10-15- июнь, 2020- жыл |
| 3 | Талаа этабы: ФТТ жана ТМ | 1-15- июнь, 2020- жыл |
| 4 | Алынган маалыматтарды иштеп чыгуу | 16-30- июнь, 2020- жыл |
| 5 | Буйрутма берүүчүгө аналитикалык отчётту берүү | 10- октябрь 2020- жыл |

## Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин учурдагы ишмердүүлүгүнүн обзору

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, учурдагы мыйзамдарга ылайык, билим берүү жана илим жаатындагы мамлекеттик башкаруу органы, аткаруу бийлигинин органы болуп саналган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курамдык бөлүгү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (КР ББжИМ) 1991-жылы түзүлгөн. КР ББжИМ жөнүндөгү жобого ылайык, бул орган «*аткаруу бийлигинин билим берүү, илим жана илимий-техникалык ишмердүүлүк жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатын алпаруучу жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү менен сапаттуулугуна, Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга болгон конституциялык укуктарынын аткарылышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзүүчү борбордук орган болуп саналат*».

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 22-августундагы №473 токтому менен Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик мекемелеринин жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык акыркы саны аныкталган. Бүгүнкү күндө КР ББжИМдин штаттык саны 365 адамды түзөт. Алар төмөнкүлөр:

| **Штаттык сан** | **Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги** |
|---|---|
| | 365 |
| анын ичинде: | |
| - борбордук аппарат | 85 |
| - мекеме алдындагы бөлүмдөр | 36 |
| - аймактык бөлүмдөр | 244 |

Бүгүнкү күндө ББжИМдин борбордук аппаратынын деңгээлинде кадрлардын комплектилениши 85 адам түзөлүп жатат. Мекеме алдындагы уюмдардын кадрлар менен комплектилениши: ББжИМ алдындагы илим департаментинде – 11 адам.

ББжИМ номенклатурасына төмөндөгүлөр кирет:

- билим берүү башкармалыктарынын райондук жана шаардык бөлүмдөрүнүн жетекчилери жана кызматкерлери (РайББ/шаардык билим берүү бөлүмү, шаардык билим берүү башкармалыгы);
- баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери;
- ББжИМге караштуу илимий мекемелер менен уюмдардын жетекчилери.

Райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, шаардык билим берүү башкармалыгынын номенклатурасына мектепке чейинки жана жалпы билим берүүчү уюмдардын жетекчилери кирет.

Башкаруучу кадрлардын штаттык саны боюнча маселеде билим берүү тутумунда жалпы кабыл алынган эл аралык стандарт бар. Бул стандартка ылайык, 2500 окуучуга 1 башкаруучу туура келет да, мындай шартта билим берүү тутуму билим берүүнүн сапатын башкарууга жөндөмдүү болот. Бул нормага ылайык, Кыргызстандын билим берүү тутумунда учурдагыдай 365 эмес (БбжИМдин борбордук аппараты – 85, мекеме алдындагы – 36 жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү - 244), 767 башкаруучу ишке

тартылышы керек (мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги, мектептердеги, БКББ, ОКББ, ЖКББдагы 1 917 000 окуучуга).[1].

2015-жылдан бери билим берүү тутумунун борбордук аппаратында кадрлардын иштен кетүүсү байкалып келет. Маселен, 2017-жылы кызматтан кетип жаткан кызматкерлер кетүүсүнүн себептери катары оозеки түрдө төмөндөгүлөрдү көрсөтүшкөн:

- жумуш көлөмүнө шайкеш келбеген аз айлык акыны;
- жумуш эмес убактысындагы, эс алуу жана майрам күндөрүндөгү акы төлөнбөгөн жумушту;
- кызматтык тепкич менен өсүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугун (кызматтык кыска цикл – “башкы адис – бөлүм башчы – министр”);
- иштин жыйынтыгы боюнча системалуу сый акылардын жоктугу;
- материалдык дем бергичтин (мотиватор) акылга сыйбастыгы (КР ББжИМинде учурда 10 миң сом айлык алып иштеп жаткан башкы адис 10 жылдан кийин 15 миң сом алышы үчүн ар бир кварталда 46 упай топтошу керек, башкача айтканда, 10 жыл ичинде 40 «беш» алышы керек. КР «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат тууралуу» мыйзамына ылайык, маанилүү максаттардын бир катары «кызматкерлердин кесипкөйлүгүн көтөрүүгө дем берүүчү материалдык жана материалдык эмес системаны түзүү» саналарына карабастан, жогорудагыдай көрүнүш орун алып калган. Мындай аз айлык акы, 10 жыл ичинде кызматкер 100 пайыз «бешке» иштегенде гана анын эмгек акысы 10 жылдан кийин араң 50%га көтөрүлө тургандыгы – мунун бардыгы, тескерисинче, кызматкердин демин өчүрөт. Эгер мамлекеттик кызматкер бойго жете элек балдардын атасы же энеси болуп, үй-бүлөдөгү каражат тапкан жалгыз адам болсо, анда иш андан да чатагына айланат);
- материалдык эмес дем берүүнүн (мотивациянын) акылга сыйбастыгы – кызматкерге бир топтогу кызматтардын алкагында баалоонун жыйынтыгы боюнча сыйлыктар менен кезектеги класстык чинди берүү ББжИМдеги «мүмкүнчүлүктөрдүн жеткен чеги» түрүндөгү туңгуюктуу мүнөзгө ээ. Мисалы, мекеме сыйлыктарынын 2 гана түрү бар, ал эми кызматтардын бир тобунун алкагында класстык чинди байма-бай жогорулатып туруунун мүмкүнчүлүгү жок. Мындан тышкары, ББжИМ казынасынан «эстеликке берилчү белектерди» фнансылай турган берене каралган эмес.

Кызмат процесстерин талдоо көрсөткөндөй, ББжИМдин иш кагаздарын 2019-жылдагы жүгүртүүсү 2014-жылга салыштырмалуу 3,5 эсеге өсүп, 42951 документке жеткен.

КР ББжИМ боюнча функциялык талдоо жүргүзүү Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик функциялардын аткарылышын жана КР ББжИМ бенефициарларынын канааттануусун камсыздоо үчүн иш-аракеттин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында борбордук аппараттан тартып мекеме алдындагы жана аймактык бөлүктөргө чейинки деңгээлдердеги кадрдык потенциалдын функцияларынын / көлөмүнүн жана сапатынын талаптарга оптималдуу шайкеш келүүсүн көрө алууну калыптандыруу маанилүү этап болуп саналат.

[1] Мисалы, Финляндиянын билим берүүсүн башкаруу тутумунун штаттык курамында 810 адам (220 – БА, 500 – агенттиктер, 90 – мазмуну үчүн жооп беришет), Эстонияда – 260 адам (40 – мазмуну үчүн жооп беришет), Латвияда – 346, (238 – БА, 70 – мазмуну, 38 – сапаты боюнча инспекция), Улуу Британияда – 1510 адам, Норвегияда – 300 адам, Украинада – 325 – БА, 40 – сапаты боюнча инспекция, 213 – Жаштар жана спорт министрлиги.

## Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратынын жана анын аймактык түзүмдүк бөлүктөрүнүн (райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү) функцияларынын анализи

### Мамлекеттин жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүү жаатындагы иш-аракеттерин жөнгө салуучу мыйзамдык жана укуктук-ченемдик базанын анализи

КР ББжИМине функциялык анализ жүргүзүүдө эң алды менен КР ББжИМ өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө кандай функцияларды аткарышы керектигин, кандай максаттарды көздөп, кандай милдеттерди жасашы керектигин түшүнүүгө олуттуу таасирин тийгизүүчү эки негизги аныктаманын концептуалдык аппараты изилденди. Маселен, бул документте функция жана функциялык анализ дегенде төмөнкүлөр түшүнүлөт:

1. КР аткаруу бийлигиндеги мамлекеттик органдардын функцияларынын системага салынган бирдиктүү реестрин түзүүнүн тартиби жөнүндөгү жобого ылайык, **мамлекеттик органдын функциясы** – бул мамлекеттик органдын берилген ыйгарым укуктарынын жана мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдердин негизинде алдына коюлган милдеттерди ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актылары менен аныкталып, тынымсыз жүргүзүлүп туруучу ишмердиги.
2. ***Функциялык анализ***– бул мамлекеттик орган бардык зарыл болгон гана функцияларды натыйжалуу аткара тургандай жобону табуу максатында мамлекеттик органдын функцияларын анализдөө. Бул анализ системалуу институттук маселелерди чечүүгө, административдик башкарууну жаңылоо үчүн шарттарды түзүүгө багытталган.

Бул отчётту даярдоо үчүн КР ББжИМ иш-мердүүлүгүнүн функциялык анализи төмөнкү укуктук-ченемдик документтердин жана өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарынын негизинде жүргүзүлдү:

*I. Кыргыз Республикасынын Конституциясы*
*II. Кыргыз Республикасынын «Өкмөт тууралуу» мыйзамы*
*III. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү тууралуу» мыйзамы*
*IV. Кыргыз Республикасынын «Баштапкы кесиптик билим берүү тууралуу» мыйзамы*
*V. Кыргыз Республикасынын «Мугалимдин макамы тууралуу» мыйзамы*
*VI. Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдары өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы*
*VII. Билим берүүнү 2040- жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиясы (долбоор)*
*VIII. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тууралуу жобосу*
*IX. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигиндеги мамлекеттик органдардын функцияларынын системага салынган бирдиктүү реестрин түзүүнүн тартиби тууралуу жобо*

Аталган мыйзамдарды окуп, изилдеп чыгуудагы негизги максат КР ББжИМ мыйзамдык алкакта кандай функцияларга жана милдеттенмелерге ээ экендигин, андан ары

бул функциялар менен милдеттенмелер билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу башкы орган тарабынан канчалык деңгээлде аткарылып жаткандыгын аныктап чыгуу болгон.

Ошентип, ББжИМ тууралуу жобого ылайык, Министрликтин негизги максаты болуп *«билим берүү, илим жана илимий-техникалык ишмердүүлүк жаатында мамлекеттин саясатын калыптандыруу»* болуп саналат.

I.Ошентип, **Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (КРК)** билим берүүгө байланыштуу бөлүгүндө, мамлекеттин **милдети** (функциясы) негизги милдеттүү жалпы билим берүү менен камсыздоо жана ар кыл типтеги билим берүү мекемелеринде үч тилде (мамлекеттик, расмий жана бир эл аралык) окутууга өзгөчө көңүл бөлүү менен билимдин бардык түрлөрүн алууга шарттарды түзүү, ошондой эле **жарандардын адистигин жогорулатуусуна** шарттарды түзүү болуп саналары жазылган. Башкача айтканда, **ар бир адамдын билим алууга**, анын ичинде мамлекеттик билим берүү мекемелеринен акысыз негизги жалпы жана орто жалпы билимди алууга болгон **укугу** жөнгө салынат. Муну менен катар *«мамлекет мамлекеттик, муниципалдык жана жеке окуу жайларын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп берери»* каралган. 49-беренеде ар бир адамдын **илимий чыгармачылык** менен эркин алектене алары жана интеллектилик менчиктин корголо тургандыгы каралган.

88-беренеге ылайык, ББжИМди ичине камтыган Өкмөт төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Конституциянын жана мыйзамдардын аткарылышын камсыздоого;
2) мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ишке ашырууга;
3) социалдык-экономикалык жана маданият жаатында мамлекеттик бирдиктүү саясаттын жүргүзүлүшүн камсыздоого;
4) экономикалык, социалдык, илимий-техникалык жана маданий өнүктүрүүнүн жалпы мамлекеттик программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга». Ошентип, аталган функцияларды (милдеттерди) аткаруу милдети Өкмөткө жүктөлөт.

**II. «Өкмөт тууралуу» мыйзамдын** 25-беренесинде *«министрлик – аткаруу бийлигинин ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу жана башкаруучу органы болуп саналат»* деп жазылган.

**III. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү тууралуу» мыйзамы (КРМ)** КР ББжИМдин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу негизги мыйзам болуп саналат. Аталган мыйзамда КР өкмөтү башында турган мамлекет төмөнкүлөргө милдеттүү экендиги белгиленген.

- билим алуу үчүн бардык зарыл болгон социалдык-экономикалык жана укуктук шарттарды түзүүгө;
- окуучуларды социалдык жана укуктук жактан коргоого;
- окуу китептерин чыгарууга;
- мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жыл сайын бекитилүүчү квоталардын алкагында акысыз билим берүүгө".

Мамлекеттин билим берүү жаатындагы компетенцияларынын 35-беренеде көрсөтүлгөн тизмеси. Негизги компетенциялардын арасынан төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: *мамлекеттик билим берүү саясатынын калыптануусун жана жүзөгө ашырылуусун, бул жаатта укуктук мамилелердин уюштурулуусун, билим берүү жаатында мамлекеттик бюджетти түзүүнү, билим берүүнүн бардык уюмдарын окуу-*

*илимий-методикалык жактан башкарууну, мамлекеттик каржылоо үчүн мамлекеттик жожддорду аныктоону, маалымат алмашууну жана окуу китептерин басып чыгарууну уюштурууну, кесиптердин тизмесин жана окутуунун ченемдик мөөнөттөрүн аныктоону, билим берүүнүн сапатын кепилдөөнү.*

Мындан тышкары, 38-беренеде «билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган билим берүү мекемелеринин айрым түрлөрү менен типтеринин жетекчилерин дагы дайындайт, ал эми жергиликтүү казынадан каржылануучу уюмдардын жетекчилерин мамлекеттик билим берүү башкармалыгынын аймактык органы дайындайт».

**IV. Кыргыз Республикасынын «Баштапкы кесиптик билим берүү тууралуу» мыйзамында да (БКБ КРМ)** КР жарандарынын баштапкы кесиптик билим алууга болгон укуктарына кепилдиктер каралган. Мындан башкаларынан тышкары, мамлекет БКБ чөйрөсүн каржылоосу, анда окуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсү, окуу-илим-өндүрүш комплекстерин түзүүгө көмөктөшүүсү зарыл. Мындан сырткары 18-беренеде *республикалык, областык жана райондук деңгээлдерде кесиптик бирикмелерден жана мамлекеттик бийлик органдарынан бирдей сандагы өкүлдөр көрсөтүлгөн БКБ боюнча үч тараптуу координациялык комиссиялар түзүлөрү»* жазылган. Бул комиссиялар БКБ жаатындагы мамлекеттик жана аймактык саясатка, жалдоочуларды даярдыкка тартуунун деңгээлине жана көлөмүнө, кызматкерлерди кайра даярдоого жана адистигин жогорулатууга, ошондой эле окутуунун жаңы натыйжалуу формаларын киргизүү маселелерине байланыштуу кеңештерди жана сунуштарды иштеп чыгуулары керек. Берилген лицензияда каралган билим берүү шарттарынын сакталышына көзөмөлдү баштапкы кесиптик билим берүүнү башкаруучу республикалык орган жүргүзөт.

**V. «Мугалимдин макамы тууралуу» мыйзам (МММ).** Бул мыйзамдын 18-беренесинде *«мамлекет мектепке чейинки билим берүүчү, жалпы билим берүүчү, мектептен тышкары билим берүүчү мамлекеттик мекемелердин, атайын билим берүүчү уюмдардын, балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүүчү уюмдардын, ар кандай типтеги билим берүүчү мекемелердин мугалимдеринин адистигин жогорулатуу жана аларды кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүүгө кепилдик берери»* жазылган.

…

Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана аткаруу бийлигиндеги органдар менен билим берүү тутумунун ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу негизги мыйзамдарды талдап чыккандан кийин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин негизги функцияларын аныктоодо төмөнкүдөй тыянакка келүүгө болот:

Биринчиден, аракеттеги мыйзамдар мамлекеттин билим берүү жаатындагы милдеттенмелерин жана кепилдиктерин гана орнотот.

Экинчиден, бир дагы мыйзам актысы билим берүүнү жана илимди башкаруучу мамлекеттик органдын функцияларын ачык жана таасын жазылган жобо же ченемдер түрүндө так көрсөтө албайт.

Үчүнчүдөн, мамлекеттин сөз болгон компетенциялары менен милдеттенмелери мамлекеттин туруксуз каржылоосунун айынан бүгүнкү күндө такыр эле аткарылбайт же жарым-жартылай эле аткарылып келет. Ал эле эмес, алардын айрым бир бөлүктөрү мамлекеттик-жеке өнөктөштүк же аутсорсинг шартында ишке аша алат жана ишке ашыруу керек.

Төртүнчүдөн, бул мыйзамдар белгилүү бир шарттарда мамлекеттин функциялар катары чечмелөөгө боло турган *компетенцияларын* орнотот.

Ошентип, КР Конституциясынан улам КР билим берүү жана илим жаатында мамлекеттин 3 негизги милдетин бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Билим алууга (анын ар кандай түрлөрүнө) болгон укукту камсыздоо маселелери
2. Илимди колдоо маселелери
3. Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде жарандардын адистигин жогорулатуу маселелери

Бирок мыйзамдарды караганда, мамлекеттин бул милдеттенмелери кеңеет дагы, КР Конституциясына байланбайт. Мисалы, "Билим берүү тууралуу" мыйзамда билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын төмөнкүдөй компетенциялары көрсөтүлгөн: *"мамлекеттик каржылоо үчүн улуттук жана аймактык маанидеги мамлекеттик жогорку окуу жайларынын тизмесин аныктоо", "билим берүү уюмдары үчүн кесиптердин жана адистиктердин тизмесин аныктоо", "камкордукка алуучу жана билим берүүчү кыймылдарды колдоо жана өнүктүрүү", "билим берүү тутумун маалыматтык камсыздоо, окуу китептерин, куралдарын басып чыгарууну уюштуруу*" – ушул компетенциялар мамлекеттин билим берүү жаатындагы негизги үч милдеттемеси менен кандайча шайкеш келе тургандыгы түшүнүксүз. **1-тиркемеде** мамлекеттин бардык компетенцияларынын жана милдеттемелеринин, ошондой эле отчёттун ушул бөлүгүнө материал даярдоого негиз болуп берген КР ББжИМ функцияларынын салыштырма анализи берилген.

Талдоого алынган документтердин кийинки тобуна өлкөнү жана билим берүү тармагын өнүктүрүүгө багытталган аракеттеги документтер жана долбоордук стратегиялык документтер кирет.

**IV. Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдары туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы (ТӨУС)** Бул стратегияда КР Конституциясында жазылгандай, *«мамлекет калкты мектепке чейинки жана мектеп билим берүүсү менен камсыздоого жана толук камтууга кепилдик берет»* деп айтылат. Стратегияда өлкөнүн *"аймактык жана эл аралык деңгээлдеги билим берүү борборуна"* айлануусуна мүмкүнчүлүк берүүчү "*көп кырдуу, көп түрдүү жана ачык-айкын билим берүү ресурстары"* билим берүү тутумунун негизин түзүшү керектигине басым жасалат. ТӨУСтин эң орчундуу аспектиси болуп КР ББжИМдин учурдагы функционалына түздөн-түз таасир эте турган мамлекеттин жаңы ролунун аныкталышы саналат: документте **"мамлекеттин билим берүү кызматынын үстөмдүк кылуучу провайдеринин ролунан натыйжалуу регулятор ролуна"** өтүүсүн кайра карап көрүү сунушталат. **"Мамлекеттик орган саясатты, ченемдерди иштеп чыгат, кесипкөй кадрларды даярдоого күч үрөйт жана кызматты керектөөчүлөрдүн укуктарын коргойт, коомдо билим берүүнүн баалуулугунун сакталышын камсыздайт, жарандардын жоопкерчиликтүү жана билимдүү муунунун тарбияланышына алардын ата-энелери жана үй-бөлөлөрү менен биргеликте салым кошот"**. КР ББжИМге функциялык анализ жүргүзүү менен отчёттун авторлору көп жеринен мамлекеттин жаңы ролуна таянышып, КР ББжИМдин функциялык милдеттенмелерин аталган ролдун контекстинде кайра карап чыгышты.

ТӨУСте билим берүүнүн саясаты кайра каралып, жождорду башкарууну борбордон ажыратууга, окутуунун формаларын жана усулдарын тандоодо эркиндик берүүгө, инновациялык жана илимий жолдорду пайдаланууга багытталган. Муну менен бирге мамлекеттеги бардык башкаруу *"жогорку кесиптик компетенцияларга жана адеп-*

*ахлактык бийик сапаттарга ээ”* кадрлар иштеген натыйжалуу маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен ишке ашырылышы керектиги белгиленет. ТӨУСтеги маанилүү учур – “мамлекеттин аткарган функциялары менен кызматтарын аутсорсингге берүү. Биринчи кезекте – кызмат көрсөтүүлөрдү, чарбалык жана агенттик функцияларды”. Бул аспект жүргүзүлгөн анализ үчүн да абдан маанилүү, себеби авторлор жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча КР ББжИМдин функцияларынын айрымдарын аутсорсингге берүүнү дал ушул ТӨУСте билдирилген позициялардын контекстинде сунуштап жатышат. Аутсорсинг боюнча маселе КР ББжИМдин ишмердүүлүгүнө, анын ичинен бул орган кандай функцияларды аркалашы керек, ал эми кайсылары аутсорсингге берилиши керек деген жагдайларга да олуттуу таасир этиши керек. Мунун максаты – жалпы эрежелердин (мыйзамдардын) аткарылышына көзөмөлдү күчөтүү, жарандардын укуктарын жана экриндиктерин, анын ичинде билим берүү жаатындагы укуктары менен эркиндиктерин камсыздоо. Стратегияда мамлекет мамлекеттик, менчик жана жарым-жартылай менчик негиздеги билим берүү борборлорун түзүүгө, алар үчүн салык жеңилдиктери менен преференциялар тутумун киргизүүгө, инновациялар менен инвестицияларды колдоого өзгөчө көңүл бурушу керектиги каралган. Стратегия боюнча мектептик билим берүү тутумунда “*табигый –так илимдер боюнча билимдин сапатына, дисциплина аралык жана тил билүү даярдыгына басым жасоону”* сунушталат. *“Бүтүрүүчүлөрдү кесипкөйлүккө (инженердик-техникалык адистиктерге) даярдоого жана өндүрүмдүүлүктү арттырууга орчундуу орун берилет”.* Өлкөнүн алдыңкы үч университетин эл аралык рейтингдер боюнча дүйнөнүн алдыңкы 200 университетинин катарына киргизүү, ошондой эле билим берүү мекемелерин толугу менен интернет тармактарына туташтыруу күтүлүп жатат. Стратегия өкмөттү чакан, ачык-айкын, кесипкөй, жаш, жигердүү кылышы үчүн мамлекеттик кызматкерлердин санын кыскартууну жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү онлайн режимде пайдалана алуу үчүн, өкмөттүн иши менен реалдуу мезгил аралыгында тааныша алуу үчүн буларды санарип форматына өткөрүү каралган.

***Бул директиваларды бардыгы КР ББжИМдин иши кайсы багыт менен кетиши керек жана ТӨУСтин билим берүү бөлүгүндөгү жана жалпы өкмөттүн бүтүндөй түзүмүнүн ишинин өзгөрүшүнүн алкагындагы коюлган милдеттерин ишке ашыруу максатында анын башкаруу системасы кандайча өркүндөтүлүшү керек деген маселелерди түшүнүү үчүн абдан маанилүү.***

**VII. Билим берүүнү 2040-жылга чейин өнүктүрүү стратегиясы (долбоор) – БӨС 2040.** БӨС 2040 ТӨУСте көрсөтүлгөн багыттарга жана директиваларга таянат жана анда башкаруу маселелерине өзгөчө маанилүү роль ыйгарылат – алар стратегиялык негизги үч багыттын биринде берилген. *“Билим берүүнүн башкаруу жаатындагы тутумун өнүктүрүүнүн фокусу натыйжага багытталган, маалыматтарга негизделген чечимдерди кабыл алуу механизмине таянган, коомдун өнүгүүсүнүн узак мөөнөттүү прогнозун берүү жана келечектеги тенденцияларды эске алуу менен билим берүү тутумун өзгөртүүнү долбоорлоо процесстерине таасир этүүчү үлгүнү калыптандырууга багытталган”.*

Бул максатта стратегияда билим берүүнү башкаруу жаатында бир катар маселелерди аткаруу каралган:

— *«Билим берүүнүн башкаруу тутумун жана түзүмдөрүн оптималдаштыруу үчүн функциялык анализдин негизинде КР ББжИМдин жана анын аймактык-түзүмдүк бөлүктөрүнүн түзүмүн кайра уюштуруу.*

— *Министрликтин функциялык милдеттеринин бир бөлүгүн бардык кызыкдар тараптарды кеңири тартуу менен тышкы түзүмдөргө өткөрүп берүү.*
— *Стратегияларды ишке ашыруунун жыйынтыктарына жана саясаттагы кабыл алынган чараларга байма-бай талдоо жүргүзүп туруу.*
— *КР ББжИМде жана анын түзүмдүк бөлүктөрүндө эмгектенген кызматкерлердин квалификациясын, анын ичинде коомчулук менен иш алпаруу маселелериндеги иш билгилигин жогорулатуу.*
— *Электрондук маалыматтар базасына ээ көп профилдүү (мектеп – аймак – өлкө; башкаруучу кадрлар, методисттер, илимий кадрлар) улуттук кадрлар резервин түзүү».*

…

Ошентип, негизги стратегиялык документтерди талдап чыккандан кийин төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Стратегиялык документтерде мамлекеттик органдардын, анын ичинде КР ББжИМдин өнүгүшүнүн жаңы вектору келечектеги ролу боюнча так аныкталат. Бул вектор КР ББжИМи алдыңкы 20 жылдагы (ТӨУС жана БӨС 2040 багыт алган мезгил аралыгы) ишмердүүлүгүндө аткара турган функциялардын жыйындысын аныктоо үчүн маанилүү.
2. Жалпысынан, стратегиялык документтерде билим берүүнү башкаруу боюнча мамлекеттик органдын функциялары көрсөтүлгөн эмес, аны мындай максаттарды койбогондугу менен түшүндүрсө болот.
3. Мурда аныкталган компетенциялар ушул документтерде дагы иш жүзүндө кайталанат.
4. Стратегиялык документтерден келип чыккан бир нече маселелерди узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү функциялар катарында толуктоо сунушталууда.

Башкача айтканда, бул документтерде КР ББжИМи багытталышы керек болгон иш-аракеттердин негизги багыттары так көрсөтүлгөн жана алар негизги төрт стратегиялык багытка бөлүнгөн төмөнкү суроолорго жооп берүү үчүн функциялык анализ жүргүзүүдө эске алынышы керек: “КР ББжИМдин азыркы түзүмү ТӨУС жана БӨС 2040-та белгиленген маселелерди аткарууга жөндөмдүүбү?»:

1) акыйкат, бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу;
2) сапатын камсыздоо;
3) натыйжалуу башкаруу жана каржылоо;
4) билим берүү тутумун интернеттештирүү жана санариптештирүү.

Мындан тышкары, билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын иш-аракетинин предмети боло турган бир нече ири долбоорлорду белгилеп кетүү зарыл жана бул долбоорлорду сапаттуу жана натыйжалуу башкаруу жана жүзөгө ашыруу максатында КР ББжИМинин түзүмү натыйжалуу болушу керек:

1. Мектептке чейинки билим берүү менен толук камтуу максатында мектепке чейинки мекемелердин курулушу.
2. Табигый-так илимдер боюнча даярдык, дисциплина аралык жана тил билүү даярдыктары.
3. “Келечектин мектеби” улуттук долбоору.

4. Учурдагы үстөмдүк кылган кызмат көрсөтүүчү ролунан саясатты, ченөлчөмдөрдү иштеп чыга турган, кадрларды даярдай турган жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргой турган жөнгө салуучуга өтүү.
5. "3-200-2040" программасы.
6. “Кадрлардын улуттук резерви” долбоору
7. Мектептерди интернеттештирүү жана санариптештирүү долбоору.
8. PISA долбоору.
9. Мектепти профилдештирүү долбоору.
10. Мектепке чейинки билим берүүнү ченемдик-бюджеттик (жан башына) каржылоо долбоору.
11. «Методист» программасы.
12. Милдеттүү орто жалпы билим берүүгө өтүү долбоору.
13. "Мектептеги билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун улуттук тутуму» долбоору (МБСКУТ).
14. «Жаңы мектеп – келечектин мектеби» улуттук программасы.
15. “Улуттук жогорку окуу жай илими” долбоору.

**V. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө жобо.** Бул жобо КР ББжИМдин негизги максаты *"билим берүү, илим жана илимий-техникалык ишмердүүлүк жаатында мамлекеттик саясатты калыптандыруу"* экендигин аныктаган бул изилдөө үчүн маанилүү жобо болуп саналат. Документте КР ББжИМдин 6 негизги милдети аныкталган:

1. инсанды калыптандырууга, өнүктүрүүгө жана кесиптик деңгээлин жогорулатууга багытталып, коопсуз окуу чөйрөсүн камсыз кылган билим берүү тутумун түзүү;
2. билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
3. илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн шарттарды жана механизмдерди түзүү;
4. билим берүү мекемелерине учурдагы ремонт иштерин жүргүзүүгө жардам берүү;
5. билим берүү уюмдарын окуу жабдуулары жана инвентарлар менен камсыз кылуу;
6. министрликке баш ийген билим берүү уюмдарынын инфраструктурасын өнүктүрүү жана аларды материалдык жактан камсыз кылуу.

Ушул 6 милдетти кылдаттык менен карап чыккандан кийин, КР ББжИМдин болжолдонгон ишмердүүлүгүндө билим берүү тутумундагы инфраструктураны өнүктүрүүдө олуттуу бир кемчилик бар экендигин байкайбыз. Ошентип, алгачкы үч милдетти, жалпысынан, мамлекеттик билим берүү саясатын калыптандыруу жана илимди өнүктүрүү менен байланыштырууга мүмкүн жана алар бири-биринен мазмуну боюнча айырмаланышат. Бирок ошол эле учурда, коюлган эки милдеттин формулировкасы толугу менен так эмес.

- «*билим берүү тутумун түзүү…*» - докладдын авторлору бул милдет билим берүү жаатында мамлекеттик саясатты калыптандыруу дегенди түшүндүрөт деп божомолдошот, бирок эмне үчүн билим берүү тутумун «*түзүүгө*» басым жасалганы түшүнүксүз, себеби "*түзүү*" деген түшүнүк мурда болбогон, жаңы

нерсени иштеп чыгуу дегенди түшүндүрөт, ал эми билим берүү тутумун жаңы деп айтууга мүмкүн эмес.

- «*билим берүүнүн сапатын жогорулатуу*» - бул милдет дагы билим берүүнүн сапаты жаатындагы саясатты иштеп чыгууга байланыштуу экендигин боолголосок болот, бирок эмне үчүн "*сапатын жогорулатуу*" деген маселеге да басым жасалганы анча түшүнүксүз.

4, 5 жана 6-маселелер өз ара үндөшүп кетет да, кайсы бир даражада бирин-бири кайталап калышкан: алардын бардыгы жалпы билим берүү тутумундагы инфраструктураны өнүктүрүүгө байланышкан да, жалпысынан, бардык коюлган милдеттердин ичинен маанилүүрөөгүн тандоодо дисбалансты пайда кылат – 3 инфраструктураны өнүктүрүү боюнча милдеттери жана 1 илим жаатындагы саясат, илимдин сапаты жана өнүгүүсү боюнча милдеттер.

Ушундан улам, КРнын ББэИМдин эң артыкчылыктуу милдеттеринин бири инфраструктураны өнүктүрүү болушу керек деп божомолдоого болот. Бул милдеттерди мамлекеттин билим берүү жаатындагы КР Конституциясы тарабынан аныкталган милдеттенмелери менен салыштырганда, билимге жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана илимди өнүктүрүү маселелери КР ББжИМдин милдеттеринде тигил же бул деңгээлде чагылдырылгандыгын байкасак болот, бирок билим берүүнүн бардык баскычтарында жарандардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу көрсөтүлгөн милдеттердин тизмесинде такыр эле жок.

КР ББжИМи, бардык министрликтер жана ведомстволор сыяктуу эле, ушул жободо көрсөтүлгөн 5 функциялык топту ишке ашырат (КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 6-июлундагы № 426 токтомуна ылайык):

а) тармактык саясаттын функциялары,

б) жөнгө салуу функциялар,

в) координациялоо жана көзөмөлдөө функциялары,

г) кызмат көрсөтүү функциялары,

д) колдоо функциялары.

Бирок бул документте көрсөтүлгөн топторду чечмелеп жатканда, аларды ар дайым эле "функция" деп чечмелөөгө болбойт. Ал эми айрымдарын КР ББжИМ үчүн аныкталган 5 маселе менен ар дайым салыштырылбай турган милдеттерге киргизүү керек жана аларды «функция» эмес, көбүнчө «милдеттер", "иш-аракет", "этаптар" катары чечмелөө талапка ыдайык келет. Мисалы, *"билим берүү уюмдарына көрүнүктүү инсандардын ысымдарын ыйгарууну макулдашуу"* функциясы.

1-тиркемеде КР Конституциясына ылайык, КР ББжИМдин бардык иш-милдеттерине кеңири анализ берилген. Анализ көрсөткөндөй, позицияда жарыяланган 74 функциянын ичинен:

- КР Конституциясына ылайык, 17 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы биринчи милдеттенмесине киргизүүгө болот: Билим берүүгө болгон укуктарды камсыз кылуу маселелери, анын ар кандай түрлөрү;
- КР Конституциясына ылайык, 8 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы экинчи милдеттенмесине киргизүүгө болот: Илимди колдоо маселеси;
- КР Конституциясына ылайык, 6 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы үчүнчү милдеттенмесине киргизүүгө болот: Билим берүүнүн бардык баскычтарында жарандардын адистигин жогорулатуу маселелери;

- КР Конституциясына ылайык, 13 позиция КР ББжИМге тиешеси жок же КРнын ББжИМдин милдеттенмелери катары келип чыккан эмес деп чечмелениши мүмкүн, ошондой эле аутсорсингге берилиши мүмкүн;
- КР ББжИМдин башка функцияларына каршы келген 1 позиция;
- 17 позиция – бирин-бири кайталаган компетенциялар же функциялар
- КР ББжИМдин ТӨУСте дагы, БӨС-2040та дагы аныкталган жаңы ролу боюнча КР ББжИМге туура келбеген дагы 12 позиция бар, булар дагы аутсорсингге берилиши мүмкүн.

Отчёттун авторлору функциялардын сунуш кылынган бөлүштүрүлүшү жаңы көрүнүштү – КР ББжИМдин миссиясын эске алуу менен кайра каралышы мүмкүн экендигин, бирок аны КР ББжИМдин айрым ички бенефициарлары менен макулдашуу иши али алдыда экендигин белгилешет.

**IX. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын функцияларынын бирдиктүү тутумдаштырылган реестрин түзүү тартиби жөнүндө жобо**

Биз бул жобону изилдөөбүздүн методологиялык негизи катары гана талдап чыктык, анткени анда кээ бир негизги түшүнүктөр менен дефинациялардын ченемдик аныктамасы берилген. Демек, бул документте төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:

"1) мамлекеттик органдын функциясы - берилген ыйгарым укуктар жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер (Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл араыл келишимдер) аркылуу жүктөлгөн милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик органдын Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актылары менен аныкталган үзгүлтүксүз иши;

2) мамлекеттик органдардын функцияларынын системалаштырылган бирдиктүү реестри – бул мамлекеттик органдардын функцияларынын мамлекеттик башкаруунун функцияларынын түрлөрү боюнча классификацияланган системалага салынган тизмеси;

3) мамлекеттик органдын функцияларынын регламенти - мамлекеттик органдын функцияларын аткаруунун белгилүү бир тартибинин милдеттүү жол-жоболорун белгилөөчү, мамлекеттик органдын функцияларын жүзөгө ашыруу боюнча талаптардын жана шарттардын системалаштырылган тизмеси.

4) мамлекеттик органдардын функцияларын типтештирүү –функциялардын ортосундагы байланыштардын жана/же бирин-бири толуктоочу кошумча байланыштардын негизинде аныкталган белгилери же критерийлери боюнча аларды топторго бөлүштүрүү жолу менен функцияларды системалаштыруу”.

Бул документте КР ББжИМдин Жобосунда КР ББжИМдин ишмердүүлүгүн аныктоого тийиш болгон маанилүү терминдердин аныктамалары келтирилген. Бирок бул терминдердин бардыгы КР ББжИМдин ишин аныктаган башка ченемдик-укуктук актылардын жоболорунда колдонулбайт.

Атап айтканда, мисалы, бул документте КР ББжИМ жөнүндө жободо такыр чагылдырылбаган «*функциялардын регламенти*», «*функциялардын типтештирилиши*» ж.б. аныктамалар камтылган, ошол эле учурда КР ББжИМ жөнүндөгү жобону кызыл сызык сыяктуу аралап өтүүчү «*компетенция*», «*укуктар*», “*кесиптик тармак*” сыяктуу аныктамалар жок. Балким, бул ар кандай мыйзамдык жана укуктук-ченемдик документтердеги негизги аныктамалардын терминологиялык жактан дал келбөөчүлүгүнүн себептеринин биридир.

…

Ошентип, жоболорду талдап чыккандан кийин төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Ченемдик актыларда министрликтин 73 функциясы каралган, алар төмөндөгүдөй мүнөздөлүшү мүмкүн:
   - КР Конституциясына ылайык, 17 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы биринчи милдеттенмесине киргизсе болот: Билим берүү укугун камсыз кылуу маселелери, анын ар кандай формалары;
   - КР Конституциясына ылайык, 8 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы экинчи милдеттенмесине киргизсе болот: Илимди колдоо маселелери;
   - КР Конституциясына ылайык, 6 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы үчүнчү милдеттенмесине киргизсе болот: Билим берүүнүн бардык баскычтарында жарандардын адистигин жогорулатуу маселелери;
   - КР Конституциясына ылайык, 13 позиция КР ББжИМге тиешеси жок же КР ББжИМдин милдеттенмелери катары келип чыкпаган деп чечмелениши мүмкүн, ошондой эле аутсорсингге берилиши мүмкүн;
   - КР ББжИМдин башка функцияларына каршы келген 1 позиция;
   - 17 позиция – бирин-бири кайталаган компетенциялар же функциялар;
   - КР ББжИМдин ТӨУСте дагы, БӨС-2040та дагы аныкталган жаңы ролу боюнча КР ББжИМге туура келбеген дагы 12 позиция бар, булар дагы аутсорсингге берилиши мүмкүн.

1. Бардык мыйзамдык, укуктук-ченемдик жана стратегиялык документтерди карап жатып, документтерде терминологиялык бирдиктүү мамиле жок экен деген жыйынтыкка келүүгө болот - бир эле аныктама (мисалы, "компетенттүүлүк" же "функция") ар кандай контекстте жана аныктамаларда колдонулушу мүмкүн. Бул ушул документтерди бири-бири менен байланышта карап чечмелөөдө жана түшүнүүдө кыйынчылыктарды жаратат. Мындан тышкары, документтердин логикалык ырааттуулугу жана өз ара байланышы жок экендиги байкалат. Ар бир кийинки документ функциялардын санын көбөйтөт жана КР ББжИМге жүктөлгөн ыйгарым укуктардын көлөмүн жана колдонулуу чөйрөсүн кеңейтет. Мындан тышкары, КР ББжИМ аткарган ролдун, максаттардын, милдеттердин жана функциялардын ырааттуулугу менен өз ара байланышынын жоктугу да чоң көйгөй болуп саналат.
2. Документтердин биринде дагы КР ББжИМдин негизги ролу, жалпы орду аныкталган эмес.

Мунун бардыгы мамлекеттик милдеттерди толук кандуу аткарууга жана КР ББжИМ КР Конституциясына таянып аткара турган функцияларды түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүп бербейт.

## 2000-2019-жылдар аралыгында министрликтин түзүмүн жана функционалын өзгөртүү боюнча демилгелерди талдоо

КР ББжИМдин түзүмү бир нече жолу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, функциялуу талдоого алынган. 1991-жылдан бери Билим берүү жана илим министрлиги (ал өз кезегинде Эл агартуу министрлиги, Жогорку жана орто атайын билим берүү министрлиги менен Илим жана жаңы технологиялар боюнча мамлекеттик комитеттин биригишинин натыйжасында пайда болгон), бир нече жолу жаңыртылып, түзүмүн да көп жолу өзгөрткөн.^

- ✓ Кыргыз Республикасынын Элге билим берүү министрлиги (КР Өкмөтүнүн 1992-жылдын 28- апрелиндеги N193 токтому);
- ✓ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (КР Өкмөтүнүн 1995-жылдын 13- январындагы N 13 токтому);
- ✓ Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги (КР Өкмөтүнүн 1998-жылдын 23- июлундагы N 488 токтому);
- ✓ Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги (КР Өкмөтүнүн 2006-жылдын 11- январындагы № 10 токтому) ж.б.
- ✓ Бүгүнкү күндө – Кыргыз Репсубликасынын Билим берүү жана илим министрлиги (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы № 119 токтому).

Бул мезгил аралыгында министрликтин түзүмүнө маданият, архив иши, жаштар жана жаштар саясаты, баштапкы кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик башкаруу органдарынын функциялары жана ыйгарым укуктары кошулуп, кайра жоюлуп турган. Көп учурда өлкөдөгү министрлер кабинетинин алмашуусу министрликтин түзүмүндө жана функционалында да өзгөрүүлөрдү пайда кылган. Бул өзгөрүүлөрдүн көпчүлүгү, 1997-жылы салыштырмалуу көз карандысыз түзүм - Министрликтин алдындагы Билим берүү мекемелерин аккредитациялоочу (аттестациялоо) жана лицензия берүүчү мамлекеттик инспекцияны түзгөндүгүн эске албаганда, билим берүү тутумунун башкаруу түзүмүнө жана функционалына түздөн-түз таасирин тийгизген жок. Убакыттын өтүшү менен инспекциянын өз алдынчалык макамы азая берди да, 2013-жылы ал министрликтин түзүмүндөгү бөлүмгө айланган, ал эми аккредитация жарым-жартылай (билим берүү уюмдарынын аккредитациясы КР ББжИМде калган) көз карандысыз аккредитация агенттиктерине берилген.

Билим берүүнү башкаруунун көз карандысыз макамына ээ болгон дагы бир түзүм баштапкы кесиптик билим берүүчү мамлекеттик орган болгон. Алгачкы кайра түзүүлөрдүн биринен кийин адегенде Жумушчу кадрларды жана ишкерлерди даярдоо боюнча көз карандысыз мамлекеттик комитетке, андан кийин Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин алдындагы Кесиптик билим берүү башкы башкармалыгына, андан кийин ушул эле министрликтин алдындагы Баштапкы кесиптик билим берүү дирекциясына, андан соң Баштапкы кесиптик билим берүү агенттигине айландырылган. 2015-жылы Кесиптик-техникалык билим берүү агенттиги Билим берүү жана илим министрлигинин түзүмүнө өтүп, бүгүнкү күндө Баштапкы кесиптик билим берүү агенттиги деп аталат.

Билим берүү жана илим министрлигинин түзүмүн жана функционалдыгын кыйла өзгөрткөн кайра уюштуруу аракеттери катары 2002- жана 2016-жылдардагы өзгөрүүлөрдү айтууга болот.

Тилекке каршы, эки аракет тең министрликтин жетекчилигинин кезектеги алмашуусу менен чектелип калды. Ушул жаңы шарттарда иштөөнүн тажрыйбасы өтө кыска болуп (эки учурда тең бир жылга жеткен эмес), аягына чыкпай калган. Ошондой эле, тилекке каршы, эки учурда тең документтер өтө эле аз калып, буга байланыштуу бул өзгөрүүлөр жарым-жартылай ушул процесстин катышуучуларынын жана уюштуруучуларынын кабылдоосуна негиздөө менен талданып калган.

Министрликтин структурасында жана функцияларында 2002-жылы болгон өзгөрүүлөр бир катар министрликтер менен ведомстволордун функциялык милдеттерин изилдөө боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы (ПРООН), АКШнын Эл аралык Өнүктүрүү Агенттиги (USAID) жана The Department for International Development (DFID) сыяктуу бир катар эл аралык уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн ири долбоордун натыйжасында ишке ашкан. Бул долбоордун бир нече жылга созулган ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө министрликтин түзүмүнө жана функционалына, анын бөлүмдөрүнө жана ар бир кызматкерине кеңири жана терең талдоо жүргүзүлгөн.

Бул талдоонун натыйжасында башкаруу түзүмү билим берүү деңгээлдери (мектепке чейинки, мектеп, башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү) боюнча эмес, *туташ көйгөйлөр жана ишмердүүлүктүн тармактары* (билим берүүнүн сапатын башкаруу жана билим берүү саясатын башкаруу) боюнча сунуш кылынган. Бул чечим билим берүү деңгээлдеринин ортосундагы жол улоочулукту камсыз кылууга, изилдөөдө аныкталган негизги жана магистралдык функцияларга көңүл бурууга мүмкүндүк берди – бул билим берүү сапатына кепилдик берүү тутумун түзүү жана билим берүү тутумунда саясатты иштеп чыгып, аны жүзөгө ашыруу, анын ичинде укуктук-ченемдик базаны иштеп чыгуу, билим берүү тутумуна керектүү усулдук колдоону уюштуруу.

Белгилей кетүүчү нерсе, ушул эксперименттин алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин ортосунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 3-сентябрындагы "Билим берүү, маданият жана архив иши жаатындагы мамлекеттик аткаруу органдарынын тутумун өркүндөтүү (реформалоо) жөнүндө» № 604 токтому менен бекитилген Ресурстук макулдашуу түзүлгөн.

Ушул Ресурстук макулдашуунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин өзүнүн түзүмүн өзгөртүп түзүүдө, кадр маселесин чечүүдө, финансылык (бюджеттик) каражаттарды колдонууда, мыйзамдарда белгиленгенден ашыкча кошумча төлөмдөрдү аныктоодо укуктары бир кыйла кеңейтилди.

Функциялык анализдин жыйынтыгында кошумча ыйгарым укуктарды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги жөнүндө жаңы жобо бекитилген. Бул жободо 11 маселенин ичинен артыкчылыкка ээ делген 7 маселе калган, 58 функциянын ичинен негизги маселелерди аткаруу үчүн зарыл болгон 20сы гана калтырылган. Кээ бир функциялар *эскирди жана рыноктун шарттарына ылайык келбей калды* деп алынып салынган, *айрымдары кеңейтилген жана негизги бөлүктөргө топтоштурулган*.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин өзүнүн түзүмүндө түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр болду. Ошол эле учурда министрликтин аппаратында олуттуу кыскартуулар же, тескерисинче, кеңейтүүлөр болгон жок.

Министрликтин аппаратынын өзү биринчи жолу *“тармак боюнча эмес, функциялык принципке ылайык түзүлдү. Эгерде буга чейин министрликтин түзүмүндө билим берүү мекемелеринин ишин координациялоочу эки бөлүм иштесе: биринчиси - жалпы орто, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүүнү, экинчиси - жогорку жана орто кесиптик билим берүүнү көзөмөлдөсө, жаңы түзүмдө билим берүү стратегиясын жана саясатын иштеп чыгуу бөлүмү жана билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө боюнча башкы бөлүм түзүлгөн*". Изилдөөнүн алкагында сурамжыланган эксперттердин көпчүлүгүнүн айтымында, бул *“күнүмдүк майда-барат маселелерди четке кагып; кызматкерлердин функциялык милдеттерин так аныктап, борбордук аппараттын бөлүмдөрүнүн ишиндеги бирин-бири кайталоолорду жокко чыгаруу»* менен министрликтин ишинде **билим берүүдөгү саясатты жана билим сапатын аныктоо** маселелерин биринчи орунга коюуга мүмкүнчүлүк берди.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 9-июнундагы № 339 токтому менен Министрликтин аппаратын кайра түзүүдө *“жоюлган үч институттун: Жогорку мектеп көйгөйлөрү илимий изилдөө институту, Кыргыз билим берүү институту жана Информатика жана маалымат технологиялар институттарынын базасында Кыргыз билим берүү академиясы түзүлгөн”.*

Жалпысынан, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин тутумунда, анын ичинде борбордук аппарат менен анын түзүмдүк бөлүктөрүн жана ведомство алдындагы уюмдарды кошкондо, 2002-2003-жылдары 254 штаттык бирдик кыскарып, бул бюджеттин 1,8 миллион сомго үнөмдөлүшүнө алып келген.

Түзүмдү оптималдаштыруудан тышкары бул өзгөртүүлөр министрликтин борбордук аппаратынын кызматкерлеринин эмгегин стимулдаштыруу, финансылык каражаттардын өтө тартыштыгынан улам жаралган көйгөйлөргө ыкчам жооп кайтаруу жааттарында программалык бюджеттөөнүн элементтери, HR- менеджменттин элементтери (адам ресурстарын башкаруу) сыяктуу бир катар инновацияларды киргизүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ошентип, Ресурстук келишимдин алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин борбордук аппараты жана анын алдындагы мекемелер үчүн атайын каражаттарды пайдалануунун жана бөлүштүрүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби белгиленди. Бул жобо атайын каражаттарды пайдаланууга уруксат алуу убактысын үнөмдөйт. Эгер буга чейин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу процедурасы бир канча күнгө созулса, түзүмдүк реформалар жүргөн маалында бул маселе бир сааттын ичинде чечилип жатты. Ресурстук келишим билим берүү министрине борбордук аппараттын штаттык расписаниесине жана түзүмүнө өзгөртүүлөрдү ыкчам киргизүүгө, зарылчылыгы туулганда, бирин-бири кайталаган функцияларды жана башкаруунун эскирген бюрократиялык формаларын жоюу аркылуу тигил же бул жумуш участогун бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарынан жана кошумча төлөмдөрүнөн ашыкча төлөнгөн эмгек акыларына кошумча төлөмдөр киргизилген. Ошол эле учурда, квалификациялуу кызматкерлердин айрымдарынын эмгек акысы дээрлик эки эсе көбөйдү.

Бул өзгөртүүлөр борбордук аппараттагы кадрлардын алмаша берүүсүн олуттуу кыскартууга мүмкүндүк берди: 2002-жылы 18 бош орун болгон болсо, 2003-жылы бул сан 2ге чейин кыскарды, министрликтин борбордук аппаратынын ишинин натыйжалуулугу жогорулады жана билим берүү тутумундагы иштердин жалпы абалы жакшырды.

КР ББжИМдеги ошол мезгилдеги реформалар жөнүндө айрым маалыматтарга караганда, “*2004-жылдын 5 айында 2002-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен келген, мөөнөттөрдү бузуу менен аткарылган документтердин саны 8 эсеге кыскарды*”.

Жалпысынан, министрликтин ишинин көптөгөн көрсөткүчтөрү бир топ жакшырды, бирок кыска убакыттан кийин бул эксперимент кыскарды. Бул моделден баш тартуунун негизги себептерин аныктоо кыйын, изилдөө учурунда мындай чечимдин себебин аныктоого мүмкүнкүнчүлүк бере турган документтерди табуу мүмкүн болгон жок. Бирок маектешүүлөрдөн чыгарылган жыйынтыктардын жана колдогу жеткиликтүү болгон документтерди талдоонун негизинде бул чечим кайсы бир даражада саясий мүнөзгө ээ деп божомолдоого болот.

Ошентип, министрликте, кыязы, инновацияны колдобой койгон жетекчилер алмашты; экинчиден, Финансы министрлиги Ресурстук макулдашууну мындан ары ишке ашыруудан баш тартты, буга ушул министрликтин жетекчилигинин алмашкандыгы да бир себеп болду; үчүнчүдөн, министрликтин бир катар кадрларын алмаштыруу боюнча иштер аягына чейин чыккан эмес.

Саясий себептерден тышкары, бул реформанын кыскарышы бир катар ички көйгөйлөрдөн улам келип чыккан болушу мүмкүн. Маселен, кызматкерлер жаңы функционал тартибинде иштөөгө тийиштүү деңгээлде даярдалган эмес: биринчи этапта, белгилүү себептерден улам, мурдагы бөлүмдөрдүн мурдагы башчылары жаңы бөлүмдөрдүн башчыларынын кызмат ордуна эч кандай окутулбастан жана талаптагыдай даярдыгы жок эле алмаштырылып коюлуп калган.

Изилдөө процессинде аныкталбаган нерселерден тышкары дагы бир себеп бөлүмдөрдү кайра уюштуруу учурунда жоюлуп кайра түзүлгөн бөлүмдөрдүн башчыларын жаңы жетекчи кызматтарга дайындоону талап кылган азыркы эмгек мыйзамдарында болушу мүмкүн. Мунун айынан улгайган куракка барып калган көпчүлүк жетекчилер өз көнүмүш иш-аракетин өзгөртө алышкан жок же өзгөртүүнү каалашкан жок.

Белгилей кетүүчү жагдай, бул өзгөртүүлөрдү инновациялык жаш университеттен келген министр, жамааттын колдоосуна таянбастан, жигердүү тобу менен биргеликте ишке ашырды. Ошол эле учурда белгилүү бир түшүндүрүү жана маалыматтык иштер жүргүзүлдү.

КР ББжИМди реформалоо боюнча кийинки олуттуу структуралык жана функциялык аракет 2016-жылдын ичинде жүргүзүлдү. Ушул өзгөртүүлөрдүн жүрүшүндө саясатты иштеп чыгуу жана билим берүүнүн сапатын бардык деңгээлдерде көзөмөлдөө функциялары күчөтүлдү.

Буга байланыштуу эки бөлүм түзүлдү: Билим берүү жана жаштар саясаты бөлүмү менен Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө жана контролдоо департаменти. Ошентип, Министрликтин эки негизги функциясынын: билим берүү жаатындагы саясатты иштеп чыгуунун жана билим берүүнүн сапатын контролдоонун негизинде ишти кайрадан уюштурууга аракет жасалды.

*«Структуралык-функциялык ыкма менен эмес, процесстик ыкма менен мамиле жасоо аракети (билим берүүнү башкарууга жасалган аракет – изилдөөдөгү эскертүүлөр) болду. Бүгүнкү күндөгү система кандай? Мисалы, ММТБББ бар, башка бөлүмдөр бар, б.а., ал түзүмдүк мүнөзгө ээ. Мисалы, тигил же бул реформаларды жүргүзүү милдети жок. Системанын сөлөкөтү буга чейин эле бар болчу, бирок ал милдетти аткарыш үчүн эмес, ушундай болуп калыптанып калгандыктан иштейт. Борбордук аппараттын ичиндеги айрым түзүмдөрдү өзгөртүү аракети болду. Делегациялоо, аутсорсинг, региондор менен кайра түзүү идеялары болду. Мисалы, бардык финансылык кызматтарды аутсорсингге берүү маселеси талкууланды. Эгерде кандайдыр бир кызматты областтык деңгээлде көрсөтүүгө мүмкүн болсо, эмне үчүн ал кызмат ар бир мектепте көрсөтүлүшү керек».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Ошондой эле билим берүү тутумунун жалпы картинасын аныктоо максатында маалыматтык иштөө тутумун системалаштырууга аракет жасалды.

*«Бул сонун идея болду, башкаруу тутумун түзүү үчүн эмне болуп жаткандыгын мүмкүн болушунча көбүрөөк билүү керек. Бул – билим берүү тутумунун абалын картографиялоо, ошол убакта ПРООН же ЮНИСЕФ каржылаган – мына ошондо карта пайда болгон. Бул, менин оюмча, биринчи олуттуу кадамдар. Башкача айтканда, бир нерсени башкаруу үчүн эмнени башкарып жатканыңды так түшүнүүң керек. Бул кадамдар жетишерлик деңгээлде жакшы болду. Карта аягына чыгып, атүгүл иштеп баштаган, бирок ал кеткенден кийин, бул тутумдагы маалыматты жаңыртуу иши экинчи планга өтүп кеткенин түшүндүм».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Белгилей кетүүчү нерсе, бул кайра уюштуруу иши эч кандай изилдөөгө же функциялык анализге негизделген жок (изилдөөнүн алкагында да муну аныктоого мүмкүн болгон жок). Бул инновациялар бир катар эксперттердин кеңешине таянып келген министрликтеги кырдаалды кескин өзгөртүү максатын койгон жаңы министр тарабынан киргизилген.

Бул өзгөрүүлөрдөн тышкары, бир катар түзүмдүк бөлүмдөр дагы жаңыланган. Стратегиялык, аналитикалык жана маалымат иштери боюнча бөлүм мониторинг, өнүктүрүү жана инновация бөлүмүнө айланган. Ошентип, стратегиялык пландаштыруу функциялары башкарууга өтүп, ал эми бөлүмдө мониторинг жана баалоо функциялары калган.

Мамлекеттик жана кадр кызматы башкармалыктарынын ордуна Адам ресурстарын башкаруу бөлүмү түзүлгөн. Макамынын төмөндөшүнө министрликтер менен ведомстволордогу түзүмдүк бөлүмдөрдүн деңгээлин жана санын чектеген укуктук-ченемдик актылардын талаптары себеп болушу мүмкүн. Ошол эле учурда, бул эксперименттин катышуучуларынын пикири боюнча, бул бөлүмдүн функционалы өзгөргөн эмес жана HR-менеджменттин принциптерине дагы деле өткөн эмес.

Сурамжыланган мурунку жана азыркы кызматкерлердин айтымында, кызматкерлердин функциялык милдеттери көп жагынан өзгөргөн жок, кызматкерлерди окутуу жана кайра окутуу иштери жүргүзүлгөн жок, өзгөрүүлөрдүн максаттарын жана милдеттерин түшүндүрүү үчүн маалыматтык иш иш жүзүндө этибарга алынган жок, кайра

уюштуруу иши *жалпы* жамаат жана башка кызыкдар тараптар менен алдын-ала талкуусуз жүргүзүлдү, ошондуктан жалпысынан кабыл алынган эмес.

> *«Министрликтин 2016-жылдын февраль-ноябрь айларында жаңы түзүмдүн алкагында жүргүзгөн иш тажрыйбасы көрсөткөндөй, иштин натыйжалуулугу жогорулаган жок, ал эми бир катар параметрлер боюнча төмөндөдү».*
>
> ***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Жогоруда айтылгандай, бул эксперимент бир нече айдан кийин жокко чыгарылды. Кызматкерлердин, эксперттердин жана изилдөөчүлөрдүн айтымында, эски структураны кайтаруу чечиминин бир нече себептери бар:

- ✓ Биринчиден, өлкөдө бир катар саясий өзгөрүүлөр болуп өтүп, анын натыйжасында болгон айрым кадрдык өзгөрүүлөр бул министрликтин жетекчилигине дагы таасирин тийгизди. Жаңы министр бир катар жеке жана объективдүү себептерден улам, бул экспериментти улантпай тургандыгын чечти.
- ✓ Кызматкерлер белгилеген экинчи себеп - бул маалыматтык өнөктүктүн начардыгы, ошондой эле жаңы функциялык милдеттерди үйрөтүү жана кайра даярдоо тутумунун жоктугу. Жогоруда айтылгандай, министр бул өзгөртүүлөрдү эксперттер менен кеңешчилердин тар тобу менен эле кеңешип, жамаатта жетиштүү талкуу өткөрбөстөн эле жүргүзгөн. Натыйжада, адамдардын бардыгы эле өзгөрүүлөрдү түшүнүп, кабыл ала алышкан жок.
- ✓ Үчүнчүдөн, респонденттердин көпчүлүгү министрликтин кадрдык дарамети начар экендигин белгилешти, бир нече жолку чакырууларга карабастан, жетекчилик министрликке жаңы кадрларды тарта да алган жок, эски кадрларды кайра даярдай алган да жок, же аларды ишендире да алган жок.
- ✓ Төртүнчүдөн, бул учурда министрликти кайра түзүү Каржы министрлиги менен ресурстук келишимде жана мамлекеттик кадр кызматы тарабынан колдоого алынбай калган. Натыйжада, жетекчилик өз ишин жылдыруу үчүн каржылык мүмкүнчүлүккө ээ болгон жок жана кадр саясатын эркин жүргүзө алган жок.

Айрым эксперттер бул реформанын ишке ашпай калышынын башкы себеби анын аягына чейин бүтпөй калгандыгында деп эсептешет.

a) Биринчи учурдагыдай эле, аны ишке ашыруунун өтө кыска мөөнөтү (1 жылга жетпеген убакыт) бул министрликтин түзүмүн жана функционалын куруу боюнча принциптин ийгилиги же ийгиликсиздиги жөнүндө ишенимдүү жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк бербейт.
b) Экинчи себеп – министрликтин реформалоо стратегиясынын идеялары элге жеткирилбегендиги.
c) г) Үчүнчү себеп – белгилүү респонденттердин пикири боюнча, системанын «консерватизми».

Эксперттердин ушул тобунун айтымында, бул эксперименттин каталары концептуалдыкка караганда көбүрөөк тактикалык мүнөзгө ээ болгон. Респонденттер айткандай, изилдөөнүн авторлору да мындай позицияны колдошот, “*Реформаларды ишке ашыруу үчүн убакыт керек, анын ичинде адамдарды өзгөртүү үчүн да көп убакыт керек.*

*Эң башкысы – бул адамдар менен иштөө*". Анын үстүнө, ушул реформанын алдыңкы эксперттери менен кеңешчилеринин бири "*реформаны маянанын азыркы деңгээли жана адамдардын учурдагы курамы менен дагы ишке ашырууга мүмкүн*" деп белгиледи.

Белгилей кетсек, министрликтин мурунку түзүмү 2016-жылдын декабрь айында айрым өзгөртүүлөр менен кайтарылгандан кийин, жаңы структура туруктуу иштебей калган. Ал дайыма өзгөртүлүп турган. 2017-жылы жаңы бөлүмдөр, ички аудит сектору, коррупциянын алдын алуу саясат сектору жана башка бир катар тармактар пайда болду. Муну менен биргеликте бул жаңы түзүмдүк бөлүмчөлөрдүн бардыгы деңгээлдик эмес, көйгөйлүү мүнөзгө ээ.

Министрликтеги кызматкерлердин өзүлөрүнүн оюу боюнча, "башкаруунун натыйжага негизделген бардык функцияларын камсыз кылуу максатында Министрликтин жана билим берүү органдарынын функцияларын бири-бирине шайкеш келтирүү маселеси актуалдуу бойдон калууда".

Эксперттер жана изилдөөчүлөр белгилегендей, билим берүү чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгуу функциясы, укуктук-ченемдик базаны иштеп чыгуу, анын ичинде мыйзам долбоорлорун даярдоо, башка органдардан, анын ичинде парламент депутаттары иштеп чыккан мыйзам долбоорлорун экспертизадан өткөрүү жана талдоо министрликтин аппаратына жүктөлүшү керек; билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу, иш-чаралардын планын даярдоо министрликтин негизги функциясы болушу керек.

> *«Ошондуктан министрликтин стратегиялык, аналитикалык, маалыматтык, юридикалык жана административдик компетенциясы көп учурда реформаларды жана өзгөртүүлөрдү даярдоонун сапатын, билим берүү бюджетин пландаштыруунун ишенимдүүлүгүн, жалпы билим берүү тутумунун сапатын жана ийгилигин аныктайт. Билим берүү тутумун реформалоонун жана өнүктүрүүнүн ийгилигинин биринчи жана эң маанилүү шарты күчтүү, компетенттүү Билим берүү министрлиги деп аша чаппастан айтууга болот».*
>
> ***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Ошентип, I бөлүмдө келтирилген мыйзамдык жана укуктук-ченемдик базаны талдоонун натыйжаларын жана КР ББжИМди реформалоо боюнча эки негизги аракеттин жыйынтыгын айкалыштырып, Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча өлкөнүн алдында коюлган милдеттерге ылайык, КР ББжИМдин функцияларында ырааттуулуктун, өз ара байланыштын жана так түшүнүгүнүн жоктугу боюнча системалуу көйгөй бар деп жыйынтык чыгарсак болот.

Ошол эле учурда, КР ББжИМди реформалоо боюнча ар бир аракет ушул мамлекеттик органдын иш-аракеттерин мыйзамдык же оперативдик деңгээлде өзгөртүү менен башталган, жана, мисалы, 2002-жылкы реформалоо боюнча биринчи аракет эл аралык деңгээлде ийгиликтүү тажрыйбалардын бири катары таанылып, ал эми экинчи аракет эксперттик коомчулуктун көптөгөн өкүлдөрүнүн жана КР ББжИМдин кызматкерлеринин оң пикирин жаратканына карабастан, аракеттердин бири дагы аягына чейин чыккан жок, атүгүл жаңылык киргизүүгө болгон бардык аракеттер алынып салынып, КР ББжИМдин функциялык ишмердүүлүгү ошондон бери иш жүзүндө олуттуу

өзгөртүүлөргө деле дуушар болгон жок. Жогоруда айтылгандай, бул реформалардын аягына чыкпай калгандыгына таасир эткен негизги себеп катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. КР ББжИМдин жетекчилигинин улам алмашуусу, алардын ар биринин бул органдын ишине карата өз көз карашы болушу жана мурунку реформалар менен макул болбогондугу.

2. Башталган реформаларды аягына чыгаруу үчүн жалпы эле өлкөдө саясий эрктин болбогондугу.

3. Башталган реформалардын алкагында айрым бир демилгелерди аягына чыгаруу үчүн каржылоонун жетишсиздиги.

4. КР ББжИМдин кызматкерлерине жана башка кызыкдар тараптарга реформанын зарылдыгы менен жүргүзүлүп жаткан демилгелер жөнүндө маалымат берүү иштеринин жетишсиздиги.

Мындан тышкары, КР ББжИМдин мамлекеттик башкаруу тутумундагы так көз карашынын, миссиясынын жана ролунун жоктугу; КР ББжИМдин ишмердүүлүгүнө байланышпаган көптөгөн функциялардын болушу; бирин-бири кайталаган, ыраатка салынбаган функциялардын болушу; ошондой эле аларды инвентаризациялоо боюнча конкреттүү иш-аракеттердин жоктугу; аталган функцияларды реформалоо жана системалаштыруу боюнча эки аракеттин ишке ашпай калгандыгы – ушулардын бардыгы аппарат ичинде ушул көйгөйлөрдүн бардыгын эң курч жана маанилүү деп эсептебеген бюрократиялык аппарат тарабынан каршылыктар бар экендигин көрсөтүп турат.

Мындан тышкары, учурдагы кырдаал тышкы бенефициарлардын муктаждыктарына жана мамлекеттин ролуна ылайык аткарылышы керек болгон функцияларды эмес, ыңгайлуу жана түшүнүктүү функцияларды аткарууга мүмкүндүк берет.

## Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ишмердүүлүгү жөнүндө тышкы жана ички бенефициарлардын пикирлерин талдоо.

Бул бөлүмдө ар кандай деңгээлдеги билим берүү тутумунун кызматкерлери менен жүргүзүлгөн терең маектешүүлөрдө жана фокус-топтордогу (ФТТ) талкууларда аныкталган ой-пикирлердин анализи камтылган. Изилдөөнүн катышуучулары эки чоң топко бөлүнүштү: билим берүүнү башкаруунун ар кандай деңгээлдеги тутумунун кызматкерлери, жалпы билим берүү уюмдарынын директорлору, билим берүү жаатындагы эксперттер, ББжИМдин борбордук аппаратынын мурунку кызматкерлери (шарттуу түрдө “тышкы бенефициарлар жана эксперттер”). Респонденттердин экинчи тобун изилдөө иши жүрүп жаткан учурда КР ББжИМдин борбордук аппаратында иштеген адистер түзгөн (шарттуу түрдө "ички бенефициарлар"). Респонденттердин саны 27 маектешүүнү жана бир ФТТни түздү – бул биринчи топ, ал эми экинчи топто 24 терең маектешүү болгон.

Терең маектешүүнүн бардык катышуучуларына болжол менен бирдей суроолор берилди (11 суроо), бул бизге "тышкы эксперттердин" жана "борбордук аппараттын" жоопторун бири-бири менен салыштырууга мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, "ички бенефициарлар" тобунун респонденттерине "стандарттуу жумуш күнүн сүрөттөп бериңиз" деген суроо берилген.

Бир жагынан, бул суроо маектешүү учурунда респонденттин ой жүгүртүүсүнө түрткү болду (кызматкердин күнүмдүк иш-аракеттери анын ишинин жалпы милдеттерине канчалык деңгээлде шайкеш келет), экинчи жагынан, суроого жооптор КР ББжИМдин борбордук аппаратынын кызматкерлеринин күнүмдүк иштөө тартиби жөнүндө маалыматты да камтыйт.

Жалпысынан, ФТТнин респонденттери менен катышуучулары көйгөйлүү маселени болушунча ачык талкуулай алгандыктарын белгилей кетүү керек.

Респонденттердин көпчүлүгү КР ББжИМди реформалоо боюнча кандай демилгелерди билишерин сураган суроого жооп берип жатып, КР ББжИМдин өзүндөгү иштин ийгилиги эмес, билим берүү тутумунда жүргүзүлүп жаткан реформалардын ийгилиги катары кабыл алышты. Ушуга байланыштуу, алар ийгиликтүү жана анча ийгиликтүү эмес реформалардын ар кандай мисалдарын аташты (ЖРТни киргизүү, жаңы стандарттар, көп баскычтуу билим берүү тутумуна өтүү, көз карандысыз аккредитацияны киргизүү ж.б.).

Ушул жерде белгилей кетүүчү нерсе, көпчүлүк реформалар респонденттердин кыйла бөлүгү тарабынан «бүтпөй калган», «ийгиликсиз» же «натыйжасыз» деп бааланат. ЖРТнын киргизилиши гана өзгөчө болушу мүмкүн.

Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү министрликтин түзүмүн жана функциялык тутумун реформалоо ишин эч кандай олуттуу талдоосу жок эле түзүмдү өзүнө, өз көз карашына ылайыкташтырган министрлердин жеке сапаттары менен байланыштырышат. Демек, бул өзгөрүүлөрдүн көпчүлүгү жаңы жетекчинин келиши менен артка кайтарылат.

> *«Алар (министрлер - изилдөө эскер.) башкармалыктарды жана бөлүмдөрдү башкача жол менен уюштурууга, адистердин ортосунда функциялык милдеттерди бөлүштүрүүгө аракет кылышкан. Мунун бардыгы ызы-чуу менен башталып, министрлердин кезектеги алмашуусунан улам ал тез эле жоголуп, кайра өз ордуна кайтты".*

*«Структуралык өзгөрүүлөр болуп, бирок алар натыйжа берген жок. 2002-жылдары олуттуу реформа болуп, анда башка функциялар, ага ылайык, ББжИМдин ичинде башка башкаруу түзүмү сунушталган. Бирок кийинчерээк бардыгы өз ордуна кайтты".*

*«Менин оюмча, реформалоонун бардык стратегиялары ББжИМдин жаңы түзүмүн иштеп чыгууга жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ортосундагы ыйгарым укуктары менен кызматкерлеринин функциялык милдеттерин бөлүштүрүү менен барып токтогон. Натыйжада, айрым бөлүмдөр түзүлдү же жоюлду, министрликтин жетекчилигинин көз карашына жараша башкармалыктар менен бөлүмдөрдүн функциялары кеңейтилди же кыскартылды. Жаңы министрдин келиши менен түзүм өзгөрүп турду. Кызматкерлер толугу менен жаңы функциялык милдеттерди аркалап, бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгө өтүүгө аргасыз болушкан».*

*«Түзүмдүн аты гана өзгөртүлбөсө, жыйынтыгында колго аларлык деле эч нерсе жок. Болон системасына келсек, биздин аймакта Кыргызстан биринчилерден болуп баштадык окшойт, бирок бүгүн биз коңшулардан артта калып отурабыз».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Ошол эле учурда, респонденттердин айрымдары жүргүзүлүп жаткан реформалардын жана кайра түзүү иштеринин аяктагандыгын белгилешти. Мисалы, областтык билим берүү башкармалыктарын жоюп, КР ББжИМдин курамында стратегиялык пландаштыруу жана санариптештирүү бөлүмдөрүн түзүү сыяктуу демилгелер белгиленди. Респонденттер райондордогу жана шаарлардагы усулдук бөлмөлөр бир мезгилде жоюлуп кетип, бирок акыры кайрадан калыбына келтирилгендигин белгилешкен, бирок респонденттердин айтымында, бул өзгөртүүлөр процессинде методикалык бөлмөлөр өз функциясынан ажырап калышкан. Ошондой болсо да, респонденттердин көпчүлүгү министрликтин түзүмүндөгү жана функционалындагы өзгөрүүлөрдү эстей алышкан жок же ага маани беришкен жок.

***Жергиликтүү билим берүү органдарынын тутуму*** дагы чоң суроолорду жаратууда. Алар бардык функциялардан: башкаруучулук, кадрдык, финансылык функцияларынан ажыратылып, методикалык жана консультативдик функцияларынан да айрылышкан. Респонденттер бүгүнкү күндө усулдук борборлор эч кандай методикалык колдоо көрсөтүшпөйт дегенге кошулушат.

*«Бирок алар методикалык борбор эмес! Чынында эле методикалык борбор болушу керек болчу, бирок алар маалыматтарды иштетүүчү статистикалык борбор эле болуп калышкан, андан артык эмес».*

*«Токтом чыкты, алар минималдуу айлыкка иштей турган адамдарды топтой алышынча топтошту, бирок мен методикалык бөлмөлөрдүн функционалы жазылган деп ишенбейм. Эми алар райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн кошундусуна айланышты, чындыгында алар башкача иш алып барышы керек эле. Эгерде райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү маалыматтарды чогултуу, мониторинг жүргүзүү жана көзөмөлдөө функциясын аткарышса, анда окуу-усулдук бөлмөлөрү методикалык камсыздоо функциясын аткарышы керек болчу. Бул таптакыр*

*туура эмес, анткени ушул убакка чейин бул бөлмөлөр өз функциясын түшүнүшпөйт, анткени алардын бул функциясы эч кандай жобо менен бекитилген эмес. Экинчиден, алар окутулган эмес[2]».*

*«Мен аларды таптакыр эле жоюп салмакмын. Билим берүү мекемелеринен «райондук бөлүмдөн эмне алып жатасыңар» деп сурамжылоо керек. Алар жогору жактардагы шайлоо үчүн гана керек».*

*Аймактык билим берүү органдарынын адистери үчүн кесиптик стандарттар жазылган. Бирок маселенин баары алардын өзгөрө албагандыгында. Бул үчүн алардын мүмкүнчүлүктөрү да, шарттары да жок, анткени алар баш ийген аткаруучулардын позициясында турушат. Алар өз аймактарынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, өнүгүү стратегиясына, ишмердүүлүгүнө кандайдыр бир түзөтүүлөрдү киргизүүгө укугу жок.*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

КР ББжИМдин учурдагы кызматкерлери тышкы бенефициарларга караганда реформа аракеттери тууралуу жакшы билишет. Сурамжыланган кызматкерлер министрликти реформалоо боюнча олуттуу аракеттердин катарына 2002-2004-жылдардагы түзүмдү өзгөртүү аракетин (ошондогу реформалоо аракеттерин мурдагы министр К.Д. Шаршекееванын ысмы менен байланыштырышат) жана 2015-2016-жылдардагы ошол кездеги министр Э.К. Сариеванын аракеттерин белгилешет. Эгерде 2002-2004-жылдардагы демилге сурамжылангандардын көбүнүн эсинде болбосо, акыркы демилгелер бардыгынын эсинде. Акыркы реформалар боюнча ой-пикирлер кескин терс маанайдан орточо сын-пикирге чейин. Борбордук аппараттын айрым кызматкерлери 2015-2016-жылдары ББжИМдин түзүмүн өзгөртүү аракетин “мезгилинен эрте”, “даярдыгы жок” жана өзгөртүүлөр үчүн зарыл ресурстар менен (атап айтканда, кызматкерлерди кайра окутуу үчүн) “далилденген эмес” деген дооматтарды айтуу менен терс кабыл алышты.

Респонденттердин айтымында, реформалардын жүрүшүндө алардын бөлүмдөрүнүн *“аталыштары өзгөртүлгөндүгүнө»* карабастан, алар буга чейин жасап келген иштерин жасай беришкен. Ошого карабастан, 2015-2016-жылдардагы реформаны колдогон пикирлер дагы жана министрликтин ишин ушул багытта (башкармалыктарды адатка айланып калгандай билим берүү деңгээли боюнча эмес, министрликтин түзүмүн аткарып жаткан милдеттерине ылайык бөлүштүрүү) өзгөртүү керек жана өзгөртүүлөрдү аягына чыгаруу керек болчу деп эсептеген кызматкерлер да бар.

Тышкы бенефициарлар сыяктуу эле, борбордук аппараттын кызматкерлери ББжИМдин реформалоо демилгелерин министр-реформаторлордун жеке мотивдери менен,

[2] Методика боюнча кадрларды даярдоо көйгөйү 2019-жылы АӨБ долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн “Мектеп билим берүү тутумунун кызматкерлерин (билим берүү мекемелеринин жетекчи кадрларын (директорлорду жана завучтарды), мектептеги методикалык бирикмелердин жетекчилерин, райондук билим берүү уюмдарынын жетекчилерин, райондук деңгээлдеги методисттерди даярдоо жана кайра даярдоо/квалификациясын жогорулатуу тутумунун натыйжалуулугун жана сапатын изилдөө” аттуу дагы бир изилдөөнүн алкагында талданып берилген.

ал эми реформалардын ишке ашпай калгандыгын жаңы министрдин келиши менен түшүндүрүшөт.

Жалпысынан, борбордук аппараттын кызматкерлери министрликтин кызматкерлеринин күнүмдүк ишине таасир этүүчү бардык реформаларды четке кагууда корпоративдик тилектештикти көрсөтүшөт, анткени ар бир өзгөрүү аларга кошумча милдеттерди жүктөйт.

Тышкы бенефициарлар категориясына кирген респонденттердин көпчүлүгү ушул демилгелердин жана реформалардын КР ББжИМдин бөлүмүнүн ишине тийгизген таасирин терс же бейтарап баалашат. Ошону менен бирге шаардык жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнө таасир эткен реформалар өтө терс мамилеге кабылды.

Министрликтин түзүмүн жана функционалын өзгөртүү боюнча бир да реформаны эч ким натыйжалуу болду деп атаган жок, атайын десе да, эстей алган жок. Тескерисинче, респонденттердин көпчүлүгү, айрыкча аппараттын мурунку кызматкерлери, түзүмдү же функционалды өзгөртүү боюнча бардык аракеттерди ийгиликсиз деп эсептешет.

*“Жаңы түзүлгөн стратегиялык жана маалыматтык түзүмдөрдү эске албаганда, бул – баягы эле эски түзүм. Менин оюмча, бир дагы реформа ийгиликтүү болгон жок”.*

*ББжИМ саясий, башкаруучулук, менеджерлик жана көбүнчө операциялык функциялар менен гана алектениши керек болчу. Ошондой эле алар райондук уюмдардын деңгээлинде иштеши керек болчу. Бирок башкаруу түзүмү өзгөртүлгөнү менен, функциялары министрликтин деңгээлинде калганы белгилүү болду.*
*Албетте, ББжИМ кызматкерлеринин физикалык жүгү көбөйдү. ББжИМ кандай иш кылбасын, кандай гана реформалар жүргүзбөсүн, бул бөлүмдөрдү жана функцияларды кандайча аташпасын, адамдар баягы эле бойдон болсо – эч кандай натыйжа болбойт. Менин оюмча, бир дагы реформа ийгиликтүү болгон жок».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Сырткы бенефициарлардай эле, ББжИМ кызматкерлеринин басымдуу көпчүлүгү акыркы реформалардан улам ЖРТны киргизүүнү эң ийгиликтүү деп эсептешет, бул бүтүндөй билим берүү тутумуна оң таасирин тийгизген жана өлкөнүн ар бир үй-бүлөсүнө таасир эткен. Мындан тышкары, бир катар жумушчулар башка демилгелерди да, эреже катары, аларды жүзөгө ашырууга өзүлөрү түздөн-түз катышкан, мисалы, көз карандысыз аккредитация, киши башына ченемдик каржылоо, билим берүүнү башкаруунун маалымат тутумун жана билим берүү мекемелерине электрондук катталууну киргизүү сыяктуу демилгелерди да белгилешет. Бирок, ошол эле учурда, бир катар себептерден улам маанилүү тутумдук реформалар аягына чыкпай жаткандыгы белгиленди.

Түзүмдүк реформалар жөнүндө айта турган болсок, ички бенефициарлардын пикири мурунку топтуку менен бир жерден чыгат – **КР ББжИМдин түзүмүндө ийгиликтүү бир өзгөрүү болгондугу алардын эсинде жок.** Ошол эле учурда, респонденттердин кыйла бир бөлүгү билим берүү тутумунун өзүнүн да, КР ББжИМдин да **жалпы бир көз карашынын, миссиясынын жана ролунун** жоктугун белгилешет.

При этом, существенное количество респондентов указывает на отсутствие ***единого видения, миссии и роли как самой системы образования, так и МОН КР.***

*«…биз сиз менен көрүп турганыбыз - бул негизинен күнүмдүк эле иш, - бул жарандарды кабыл алуу, түгөнбөгөн суроо-талаптарга жооп берүү жана башка суроолор. Биринчи кезекте, ББжИМдин миссиясына жана милдеттерине көңүл буруу керек».*

*ББжИМдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасын же продуктусун так аныктап алуу керек – алар кайсы продуктуну алгысы келет, кайсы продуктуга багыт алышат. ББжИМдин саясатын жана ролун аныктап алуу керек. Билим берүү тутумунун иш-аракетинин болжолдонгон натыйжасынын жоктугунан улам ар бир адам зарыл деп эсептеген нерселерин жасап жатышат, башкача айтканда, сабаттуулук болушу керек, программалар болушу керек, мындай темалар изилдениши керек. Болду».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Респонденттердин КР ББжИМдин түзүмүн өзгөртүү боюнча жүргүзүлүп жаткан реформалар тууралуу берген жоопторун жалпылап, реформалардын толук эместигин аныктоочу бир нече факторду бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Мамлекеттин жана коомдун билим берүү тутумунун миссиясын так, даана түшүнбөгөндүгүн.
2. КР ББжИМдин өзүнүн миссиясындагы жана ролундагы белгисиздикти.
3. Жалпысынан, натыйжасыз башкаруу тутумун: күнүмдүк иштин көптүгүн, чечимдерди кабыл алуу тутумундагы ыкчамдыктын жана мобилдүүлүктүн төмөндүгүн.
4. Мониторинг жүргүзүүнүн жана көзөмөлдөөнүн заманбап тутумунун жоктугун.
5. Каржылоодо жана мотивациялоодо эркиндиктин жоктугун.
6. КР ББжИМ кызматкерлеринин ортосундагы өз ара мамилелердин так иерархиясынын жана тутумунун жоктугун.

Мындан тышкары, КР ББ берүү жана илим министрлигинин кызматкерлеринин көз карашынан алганда, реформалардын ишке ашпай жатышынын дагы башка себептери болгон.

Министрликте жүргүзүлүп жаткан реформалардын ийгиликсиз болушунун биринчи жана негизги себеби болуп инсандык фактор саналат: министрликти өзгөртүүгө аракет кылган бир дагы министр жетиштүү убакыт берилбегендиктен, муну жасай алган жок.

Ошондой эле, министрликтин кызматкерлеринин көз карашы боюнча, акыркы реформалардын бири дагы жетишерлик деңгээлде ойлонулган эмес жана даярдалган эмес. Кызматкерлерде реформаторлордун – министрлердин кеңешчилеринин компетенттүүлүгүнө, атүгүл алардын жаш курагына жана эмгек стажына байланыштуу суроолор жарала турган.

Бирок респонденттердин көпчүлүгү жүргүзүлгөн реформалардын ийгилигине таасир этиши мүмкүн болгон бир катар шарттарды белгилешет:

1. Саясий эрктин болушу.
2. Финансылык каражаттардын, институционалдык ресурстардын, бардык жаңылыктарды каржылык жактан колдогон мамлекеттик же донордук түзүмдүн болушу.

3. Жүргүзүлүп жаткан реформалар жана кайра түзүмдөштүрүү боюнча коомдун терең кабардар болуусу жана колдоого алуусу.

*«Биринчи фактор – адам менеджер, саясатчы катары компетенттүү болушу керек. Министр саясатты экономикалык факторлорду эске алуу менен иштеп чыга алгандай болушу керек. Экинчи учур өтө олуттуу, бул – ошол жерде кызматта турган адамдардын кесипкөйлүгү. Үчүнчү жагдай, КР БМжИМ министрликтин жана тармактын бюджетин түзүүгө катышпайт. Башкача айтканда, министрликке канча акча берилиши керектигин КР БМжИМ чечпейт. Алар өз бюджетин коргошу керек! 2004-2005-жылдары "Каржылоо программалары боюнча пилот" деген жакшы тажрыйба болгон, ошондо бүт министрлик иштеген».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Жалпысынан КР БМжИМ аткарышы керек болгон функциялар боюнча тышкы бенефициарлар менен эксперттердин жооптору бир жерден чыгат. Алардын айтымында, КР ББжИМдин чечүүчү функциялары төмөнкүлөр болушу керек:

- ✓ **Билим берүү саясатын калыптандыруу** дегенде респонденттер билим берүүдөгү процесстерди талдоонун жана прогноздоонун негизинде өлкөнүн жана дүйнөнүн стратегиялык максаттарын эске алуу менен билим берүү жаатындагы саясаттын максаттарынын жана милдеттеринин туюндурулушу деп билишет.
- ✓ **Стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу** – белгилүү бир максаттардын жана милдеттердин негизинде узак жана кыска мөөнөттүү документтерди, ушул максаттарга жетүү үчүн пландарды иштеп чыгуу.
- ✓ **Ченемдик жана жөнгө салуучу документтерди иштеп чыгуу жана бекитүү**: стандарттарды, жоболорду, нускамаларды, мыйзам долбоорлорун ж.б.
- ✓ **Билим берүү уюмдарынын жана органдарынын ишин координациялоо** – билим берүү уюмдары менен билим берүү органдарынын өз ара байланышын, өз ара аракеттенүүсүн жана бири-биринин жолун улоочулугун камсыз кылуу.
- ✓ **Билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү** - билим берүү тутумунун сапатын аныктоочу критерийлерди жана стандарттарды белгилөө.
- ✓ **Кадр саясаты** - кызматтык өсүш, кадрдык резерв, HR-менеджмент принциптерин киргизүү, мугалимдердин, окутуучулардын, башкаруучу жана илимий кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүү.
- ✓ **Финансылык саясат** - финансылык менеджмент тутумун түзүү, билим берүү саясатын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү.
- ✓ **Методикалык жана кеңеш берүүчүлүк жардам**.

Жалпысынан КР ББжИМдин тышкы бенефициарлардын жана эксперттердин көз карашы менен карагандагы функциялары КР Конституциясынын негизинде дайындала турган функциялар менен салыштырылып жаткандыгын белгилей кетүү керек.

*«Билим берүү саясаты менен алектенүүлөрү керек. Аларга эмне жетишпейт? - Мээ борбору жетишпейт! Маалымат агымын конкреттүү чечимдерге айландыруучу аналитикалык борбор жетишпейт. Алардын статистикалык пландоо бөлүмү жок, алар статистикалык отчеттуулук менен алек болуп отурушат».*

*«ББжИМдин чечүүчү функциялары болуп билим берүү саясатын иштеп чыгуу саналат. Алар билим берүүнүн бардык баскычтарында болуп жаткан нерселерди талдап туруулары керек. Алар болгон программаларды карап туруулары керек. Билим берүү улуттук жана мамлекеттик программаларды алдыга жылдырууга кандайча көмөк берип жаткандыгын дагы кароосу зарыл. Саясатты алгач жүзөгө ашыруу үчүн адегенде ошол саясатты түзүп алуу керек, андан кийин анын аткарылышын көзөмөлдөп, мониторинг жүргүзүп, пландаштыруу зарыл».*

*«ББжИМ операциялык эмес, саясий, башкаруучулук, менеджерлик функциялар менен алектениши керек болчу. Тутумдагы талдоо иши прогноздоочу маалыматтарга жана динамикага таянып, маалымат талдангандан кийин ушул пландаштыруунун негизинде жүргүзүлөт».*

*«Билим берүү министрлиги методикалык функцияны аткарып, квалификацияны жогорулатуу, окуу программаларын жана пландарын иштеп чыгуу менен алектенишин каалайт элек».*

*«Билим берүү чөйрөсүндөгү маалыматтык башкаруу натыйжалуу иштебейт. Билим берүүнүн маалыматтык башкаруусу же жеткиликтүү эмес, же укмаксан болуп коюшат, бирок кандайдыр бир отчетту же маалыматты тез аранын ичинде берүүнү талап кыла беришет».*

*«Мен Билим берүү министрлигинин кеңеш берүүчүлүк функциясы болушун каалайт элем».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Министрликтин негизги функциясы боюнча респонденттердин эки тобу тең бир пикирде экендигин белгилей кетүү керек - респонденттердин экөө тең "*билим берүү саясатын калыптандырууну*" негизги функция катары аташат. Бул, демек, изилдөөнүн бардык катышуучулары, жок эле дегенде, "Билим берүү жөнүндөгү мыйзам" менен жакшы тааныш экендигин билдирип турат. Ошондой болсо да, бул түшүнүк ушул эки топтун ичинде да, респонденттердин шарттуу топторунун ичинде да ар башкача чечмелениши мүмкүн. Маселен, тышкы топтун "алдыңкы" эксперттери саясатты калыптандыруу дегенде академиялык «жумшак» көндүмдөргө ээ болгон, компетенттүүлүктөрдүн жыйындысындай болгон бүтүрүүчүнүн образын элестетишет. Билим берүү тутуму ушул көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үчүн ык алат, жаңыланат, өзгөрөт. ББжИМ кызматкерлеринин көпчүлүгү, саясат секторундагы кызматкерлерден тышкаркылары, саясатты калыптандыруу процесстеринен окчун турушат дагы, өз кесиптик ишмердигин функциялык милдеттери менен гана чектешип, эң негизги милдетин *көзөмөл жүргүзүү* деп эле билишет.

Билим берүү тутумун укуктук-ченемдик жактан камсыздоо функциясы ББжИМдин өзгөчө жоопкерчилиги болуп саналары тышкы эксперттер тарабынан да талашсыз белгиленет.

Саясатты иштеп чыгуудан тышкары, респонденттер мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу функциясын, ошондой эле стратегиялык максаттарга жетүүнүн мониторингин белгилешет. Ошондой эле, көптөгөн респонденттер билим берүү уюмдарынын методикалык жана ресурстук колдоосун эске салышат. Ушул пункт боюнча респонденттердин шарттуу эки тобунун ортосундагы позициялардын айырмачылыгын дагы белгилей кетүү керек. "Сырткы эксперттер" саясатты жүзөгө ашыруу жана жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүү функцияларын билим берүү тутумундагы ар кандай оюнчулар ортосунда бөлүштүрүү зарыл деп эсептешсе, ББжИМдин сурамжылоого алынган көпчүлүк кызматкерлери саясатка байланыштуу үч функцияны тең министрлик өз мойнуна алып аткарышы керек деп эсептешет. Сырттан келген эксперттер мамлекеттик түзүмдүн көзөмөлдү күчөтүүгө болгон табигый «*тартылуусун*» белгилешет.

> *«Мен демек, саясатты да иштеп чыгып, анын аткарылышын да көзөмөлдөп турат экенмин. Ал эми, айталы, саясатты бир адам жүргүзүп, анын аткарылышын көзөмөлдөө башка адамга берилсе, анда бул натыйжасыз болот да, жол улоочулук да болбой калат. Бул процесстин басаңдашына алып келиши мүмкүн, экинчиден, сиз айткандай, ашыкча бюрократия, калктын ишенбөөчүлүгү, «эмне кылып жатышат?» деп эл сурайт. Көрсө, бири аткарат, экинчиси текшерет, ортодо эле мектеп андан эмнени каалап жаткандыгын түшүнбөгөн бала ата-энеси менен чайналы калат экен. Башкача айтканда, саясатты башка, ал эми көзөмөлдү башкача жүргүзөт – мындай болбойт».*
>
> ***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Лицензиялоо жана аккредитациялоо, ошондой эле билим берүү тутумунда болуп жаткан процесстерге жана сапатка көзөмөл жүргүзүү функциялары сыяктуу спецификалык функциялар жөнүндө да бир аз болсо да айтылып калат. Өтө катаал административдик жана мазмундук көзөмөлдүн мисалы катары Россия Федерациясы (тактап айтканда, Розобрнадзордун түзүмү) келтирилет.

*Жалпысынан, КР ББжИМдин борбордук аппараты тарабынан функциялардын аткарылышы "тышкы" респонденттер тарабынан **натыйжасыз** деп бааланат*. Мындай баалоонун негизги себептери катары респонденттер төмөнкүлөрдү санашат:

- Кызматкерлердин күнүмдүк ишке «көмүлгөнү» (каттарга жооп берүү, статмаалыматтар менен алек болуу ж.б.).
- Маалыматтык камсыздоонун канааттандырарлык эмес абалы, маалыматтар базасынын жоктугу.
- Министрликтин кадрдык мүмкүнчүлүгүнүн алсыздыгы (биринчи кезекте, окутуу жана квалификациясын жогорулатуу тутумунун жоктугу, кызматкерлерди мотивациялоонун, анын ичинде инновацияга түрткү берүүнүн ж.б. начардыгы, кызматкерлердин компетентсиздиги).
- Респонденттердин бири “билим берүү уюмдарынын үстүнөн жүргүзүлгөн бийликти жоготуп алуудан коркуу” деген факторду белгиледи. Натыйжада

кызматкерлер кызматташпай эле, билим берүү уюмдарын башкарууга аракет кылышат.

*«Көпчүлүк адистер маалыматтарды чогултуу, жогортон келген айрым суроо-талаптарга жооп берүү, төмөндөн түшкөн арыздарга жооп берүү сыяктуу тапшырмалардан башы чыкпай отурушат. Министрликтин башкаруусуна, сапатка, билим берүүнү өнүктүрүүгө эч кандай тиешеси жок эле күнүмдүк кыйсыпыр иш жүрүп жатат. Министрлик көп учурда керектүү ишин жасабай эле, керексизи менен алек болуп жатат».*

*«Алардын каттары түгөнбөйт деп айткам. Жогорудан, төмөндөн, Ак үйдөн маалымат чогултмай. Менин оюмча, бул маалыматтарды иретке келтирүү керек».*

*«Адамдар менен эч ким иштешпейт, алардын көндүмдөрү ошол бойдон калып жатат».*

*«Эң өкүнүчтүүсү, ББжИМде кызматта отургандардын бардыгы компетентсиз. Экинчи көйгөй - билим берүү мекемелеринин үстүнөн бийликти жоготуп алуу коркунучу».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

КР ББжИМдин кызматкерлеринин өз натыйжалуулугун баалоо божомолу, билим берүү тутумунун башка өкүлдөрү тарабынан балоо божомолу чыныгы баалоодон айырмаланат.

Маселен, “борбордук аппараттын” сурамжылоого алынган кызматкерлеринин көпчүлүгү билим берүү тутумунун кызматкерлеринин жарымынан көбү министрликтин ишине оң баа беришет деп ишенишет. Жетекчиликке берилгендик деңгээли төмөн өлкө катары саналган Кыргызстан үчүн мындай ойлор оптимисттик маанай жаратпай койбойт. Бул көрүнүш COVID-19 байланыштуу карантиндин өзгөчө экстремалдуу шарттарында ББжИМ тарабынан жүргүзүлгөн иштин ийгилиги менен байланыштуу болушу мүмкүн. 2020-жылдын 4-чейрегиндеги иштин натыйжалуулугун борбордук аппараттын кызматкерлери дагы, көпчүлүк тышкы эксперттер дагы көп айтышты.

«Борбордук аппараттын» сурамжылоого алынган өкүлдөрү өз ишинин натыйжасыздыгынын себептеринин бири катары жумуш убактысынын көпчүлүк бөлүгүн талап кылган күнүмдүк иштердин көптүгүн аташат. Биринчи кезекте бул – жарандардын дагы, мамлекеттик органдардын дагы, баарынан мурда Жогорку Кеңештин дагы кайрылууларына, суроо-талаптарына жооптор. Ошондой эле олимпиадалар, майрамдар жана сыйлыктар да көп убакытты алат.

Респонденттердин "тышкы" тобунан айырмаланып, борбордук аппараттын кызматкерлери өзүлөрүн квалификациясы жетишсиз деп эсептешпейт, бирок алар квалификациясын дайыма жогорулатып турууга муктаж экендигин да белгилешет, ал эми иш берүүчү бүгүнкү күндө бул муктаждыкты жетиштүү деңгээлде камсыздай албай келет. Бир нече респондент мисал катары учурдагы түзүмдөргө адаттан тыш функциялар кошулуп, ал эми кызматкерлердин курамы өзгөрүүсүз калган учурларын келтиришти.

*«... Буга чейин бөлүм“эл аралык кызматташуу бөлүмү” деп аталып келген. Жакындан бери биздин бөлүм “эл аралык кызматташтык жана инвестицияларды тартуу бөлүмү” деп аталып калды. Башкача айтканда, инвестицияларды тартуу буга чейин финансисттердин колунда болсо, эми аны бизге өткөрүп беришти. Жумушубузу көбөйдү, эл аралык донорлор менен иштешебиз эми... Эми биз эл аралык эксперттер экенибизди билдик, инвестиция тартууну кошкондон кийин жаңы кызматкер келип, атайын инвестиция тартуу боюнча иштейт деп күтүп жатабыз. Биз мурда кандай иштесек, ошондой эле иштей беребиз, ал эми жаңы кызматкер инвестиция тартуу боюнча иштейт. Бул кызматкер финансист болуш керек деп күтүп жатабыз, бирок андай боло элек».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

"Тышкы эксперттер" тобунун респонденттеринин көпчүлүгү жалпысынан жакынкы келечекте ББжИМге кошумча функциялардын кереги жок деп эсептешет. Респонденттердин айрымдары министрлик иштеп жаткан функцияларга көңүл буруусу керек деп эсептешсе, айрымдары кошумча функциялардын ичинен министрликтин функционалына буга чейин эле кирип келген функцияларды көрсөтүшкөн. Мындай деп аталышкан: сапат кепилдигин камсыздоо, прогноздоо функциясы, анализдөө, кадрлар менен камсыздоо (билим берүү тутумундагы HR-менеджмент десе болот), маалыматтык колдоо. Бул функциялар ченемдик документтер менен так аныкталгандыгын эске алганда, министрликтин функционалы катары, министрликтин билим берүү тутумунун керектөөчүлөрү жана стейкхолдерлери менен так карым-катышы жок деген тыянак чыгарууга болот.

КР ББжИМдин сурамжылоого алынган кызматкерлеринин басымдуу көпчүлүгү жумушунун көп экендигин айтышып, айрыкча аларды негизги ишинен алаксыткан жумуштар ашыкча жүктөлгөн деп эсептешет. Көпчүлүгү министрликтеги кызматкерлеринин саны адаттан тыш көп болгон коңшу мамлекеттерди (Өзбекстан, Казакстан) мисал катары келтиришет. Респонденттердин көпчүлүгүнүн айтымында, ББжИМ болушунча сандагы "оптимизациядан" өттү.

*«Биздин оптималдаштыра турган деле жерибиз калган жок деп эсептейм. Мурда 18 адам болсок, азыр 8ибиз калдык. Бизди эми каягына оптималдаштырышат? Функциялар болсо азайган жок».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Ошого карабастан, коронавирустун айынан киргизилген карантинге байланыштуу кырдаал көптөгөн жумушчуларсыз эле иш алпарууга боло тургандыгын көрсөттү деп кескин пикирин билдирген респондент да бар.

*«Карантинге байланыштуу акыркы окуялар кызматкерлердин санын 48% кыскартуу керек экендигине мени ынандырды, анткени пандемия учурунда бардык жумушту 16 адам эле толугу менен жетишип аткара алдык».*

***Бенефициар менен болгон маектен***

Бул көз караш таптакыр күтүүсүз болуп чыкканы менен, кандай болгон күндө да жаралды. Ал жалпы маанайга жана корпоративдик көз карашка таптакыр туура келбесе дагы, бул отчетто мындай пикир бар деп жазылды. Андан тышкары, "тышкы бенефициарлар жана эксперттер" тобундагы маектешүүгө катышкан белгилүү аналитиктердин бири дагы КР ББжИМдин азыркы курамы менен сапаттуу жана натыйжалуу реформаларды (сапаты боюнча да, саны боюнча дагы) жүргүзүү мүмкүн деп белгилегендигин айта кетишибиз керек. Бирок жетекчиликтин кызматкерлер менен болгон кайтарым байланыш маселелерин, ошондой эле адам ресурстарын башкаруу маселесин олуттуу иштеп чыгуу керек.

Билим берүү министрлигинин функцияларын өткөрүп берүү маселеси боюнча "тышкы эксперттер" тобунун респонденттери айрым функциялар аутсорсингге берилиши мүмкүн же мамлекеттик жеке өнөктөштүк тартибине өткөрүлүшү мүмкүн деп эсептешет. Мындай функцияларга төмөнкүлөр киргизилген:

- ✓ Аккредитациялоо маселелери
- ✓ Лицензия берүү маселелери
- ✓ Мугалимдердин, окутуучулардын, административдик жана методикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу
- ✓ Билим берүүнүн мазмунуна, айрыкча окуу пландары менен программаларын түзүүгө байланыштуу суроолор.
- ✓ Борбордук аппараттын жүгүн жеңилдете турган (анын ичинде ар кандай суроолорго жооп бере турган) ар кандай органдар менен кат алышуу, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө өткөрүп берүү.
- ✓ Изилдөөчүлүк, аналитикалык суроолордун бир бөлүгү.
- ✓ Окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу процессинин бир бөлүгү.
- ✓ Мониторинг тутуму

*«Баары бир саясатты түзүү деңгээли министрликте калат. Эгерде ББжИМ саясатты иштеп чыкса жана укуктук-ченемдик базасы болсо, анын аткарылышынын өзү аккредитация болобу же билим сапатына баа берүү болобу – аутсорсингге дагы, кетип калышы мүмкүн. Аткаруучулар көз карандысыз уюмдар болушу мүмкүн, бирок буйрутма берген бир гана ББжИМ болот. Башкаруу жана коопсуздук тутумуна байланыштуу нерселердин бардыгы министрликтин функциясы болушу керек. Башкача айтканда, министрлик бардык маалыматтардын ээси болушу керек. Бирок изилдөө милдеттери, бул маалыматтарды топтоо ж.б. милдеттер өткөрүлүп берилиши мүмкүн. ...Ошондой эле квалификация процессинин өзү бүткүл дүйнө жүзү боюнча университеттерге, өкмөттүк эмес уюмдарга ж.б. берилген».*

*Мына ушулар (райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү, мен коштум) ушул сыяктуу күндөлүк маселелерди чечиши керек. Алар саясатты түзүшпөйт, иштеп чыгышпайт».*

*«Бардык күндөлүк, операциялык функциялар. Министрлик үчүн бардык маалымат аналитикасын жасай турган борбор түзгөн оң».*

*«Квалификацияны жогорулатууда да эркиндик керек. Бул рынокко бир гана мамлекет ээлик кылбашы керек, атаандаштык болушу керек. Ал эми биздин*

*мугалимдерге ваучер тапшырыш керек. Ошондо кынтыксыз методиканы каалаган ар бир мугалим ошол ваучерди өзү алып, мыкты билим берген институтка барат».*

*«Билим берүү министрлигинен (мен коштум) окуу программасын түзүү ишин бермекмин. Жок дегенде биринчи кадамы үчүн 50% түзүп берип, калганын аймактарга, мектептерге беришсе. Ал эми мектеп, кайсы аймакта жайгашкандыгына жараша, жергиликтүү бийлик органдары менен, ишканалар менен кызматташууга киришмек».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Респонденттердин кыйла бөлүгү, айрыкча аймактардан жана билим берүү мекемелеринен катышкандар **министрликтин ички түзүмү** жөнүндө дээрлик билишпегендиги же жооп бере албай кыйналышкандыгы таң калтырды. Министрликтин учурдагы түзүмүн билген респонденттердин пикири эки ача бөлүнүп калды. Респонденттердин айрымдары учурдагы түзүмдөн баш тартуу керек деп эсептешет.

Респонденттердин айрымдары муну натыйжасыз деп эсептешет, себеби деңгээлдер боюнча бөлүштүрүү конкреттүү кызматкерлердин белгилүү бир функциялар үчүн жоопкерчилигинин бара-бара азайышына алып келет. Респонденттердин үчүнчү бөлүгү министрликтин кызматкерлеринин дараметинин төмөндүгүн эске алганда, министрликтин кандай түзүмгө ээ болгондугу маанилүү эмес деп эсептешет, анткени кадр тутумунун өзү натыйжага алып келе албайт. Функционалдын бүдөмүктүгүн, кадрдык дараметти, кызматкерлердин санын эске алып, түзүмдүн өзү министрликтин көйгөйлөрүндө чоң ролду ойнобошу мүмкүн деген тыянак чыгарууга болот.

*«Эгер ББжИМдин түзүмүнүн өзү жөнүндө айта турган болсок, анда эки көйгөй бар - бул функционалдык милдеттердин түзүмүнүн аныктамасы, кесипкөйлүк жана кызматкерлердин саны».*

*«Түзүмдүн кандайча өзгөргөнү маанилүү эмес, адамдар натыйжалуу иштеши керек. Менин тажрыйбам боюнча, 2002-жылы түзүм чындыгында өзгөртүлгөн. Бирок адамдар мурунку эле бойдон болгондуктан, эч нерсе өзгөргөн жок, алар мурункудай эле иштешти. Бөлүмдөр башкача аталып, түзүмү башкача болсо да, алар ошол эле жумушту аткарышчу. Бул түзүмдөн көз каранды эмес».*

*«Түзүмдүк бөлүмчөлөр ортосунда өз ара аракеттенүү, кызматташуу жок».*

*«Бардык маселе билим берүү тутумунун өзүндө. Башкача айтканда, компетентсиздигинин айынан билим берүү тутуму муну көрбөйт же көрөйүн деп максат койбойт. ББжИМдин кызматкерлери билим берүү саясатын иштеп чыгуучу дагы, билим берүү иш-чараларын уюштуруучу дагы эмес, алар эксперт дагы эмес, мониторинг жүргүзүшпөйт, баа да беришпейт. Алар күн тынымын билбестен эле иштей беришет. Түнү бою уктабай иштешет. Эмгек акысын баалоо тутуму да көйгөй жаратат. Эмгек акы адамдын иш ордундагы саатына эле байланган, анын компетенттүүлүгүнө, ишинин жыйынтыгына карабайт».*

*«Райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн түзүмүн өзгөртүү керек экендиги анчалык деле коркунучтуу эмес, бул бөлүмдөрдөгү адистердин функциялуулугунун, милдеттеринин так жазылбагандыгы өтө коркунучтуу. Алардын жалпы бир чийилиши бар, мындан улам конкреттүү бир иш пайда болгондо, бөлүмдөрдө конкреттүү ким эмне иш кылып жатканын аныктоо кыйын болот».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Билим берүү министрлигинин функцияларын өткөрүп берүү маселеси боюнча, “борбордук аппарат” тобунун респонденттери шарттуу “тышкы топко” караганда таптакыр башкача көз карашын билдиришет. Респонденттердин көпчүлүгү ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнү же аутсорсингди жумуштун сапатын жогорулатуунун жолу деп эсептешпейт. Алардын көз карашы боюнча, ББжИМдин аймактык өкүлчүлүктөрүнүн квалификациясы жетишсиз жана министрликтин борбордук аппаратына караганда алар азыраак ресурска ээ.

*«Бүгүнкү күндө бардыгы борбордук бийликтен көз каранды экендиги көрүнүп турат, анткени кадрлар туруктуу кармалышы кыйын, аймактарда эмгек акы аз, кыскаруу көп. Эгер мурда райондук бөлүмдө бир нече киши иштеген болсо, бүгүнкү күндө бир жетекчи менен 3 кызматкер эле калган».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Ыйгарым укуктардын бир бөлүгүн аутсорсингге алып салуу жөнүндө айта турган болсок, бул механизм маектешкен кызматкерлердин дээрлик көпчүлүгүн кубантып деле жибербейт (мисалы, ваучер аркылуу квалификациясын жогорулатуу же билим берүү уюмдарынын көз карандысыз аккредитациясы). Ошол эле учурда, олуттуу жоопкерчиликти жүктөгөн бир топ чуулгандуу кызмат орундары үчүн министрликтин айрым кызматкерлери көзөмөлдөө функциясынан баш тартууга даяр. Бөлүм көзөмөлдү жоготкусу келбей, ошол эле учурда жоопкерчилик деңгээлин да төмөндөтүүгө аракет кылганда, ортодон логикалык дал келбөөчүлүктү байкаганыбызды айтсак болот. Мындай кырдаал акыркы окуу китептериндеги ызы-чууда ачык-айкын көрүнүп турат.

*«Окуу китептерине байланыштуу чыр-чатактарда, албетте, бардыгы ББжИМди күнөөлүү деп эсептешет. Ар бир тиркемени окуп чыгуу Билим берүү министрлигинин милдети эмес да.[3]. Бул үчүн башка түзүмдүк бөлүмдөр бар. Билим берүү академиясы бар, басмакана бар. Башка авторлор бар. Башкача айтканда, жоопкерчиликти алышы керек болгон команда бар болчу, бирок аягында ал жооп берген жок. Бирок калктын билбестигинен жана муну ББжИМ гана жасайт деп ойлогондугунан улам жогорудагы көрүнүш терс мамилени жаратат».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Министрликтин ички бөлүмдөрүндөгү функциялардын бирин-бири кайталашы тышкы топтогулар арасында ар кандай бүдөмүк пикирлерди пайда кылды. Респонденттер

[3] Бирок укуктук-ченемдик актыларды анализдөөдөн улам, "окуу китептерин даярдоо жана басып чыгаруу" КРнын ББжИМдин функциясы болуп саналат.

кайталоолор бар экендигине кошулушуп, аны министрлик менен анын түзүмдөрү бир эле маалыматты бир нече жолу сурагандыгынан көрүүгө болорун айтышат, бирок бирин-бири кайталоону так кайсы жерден жана эмнеден көрүүгө болот деген суроого так жооп бере алышкан жок. Маалымат агымы жана анын кайталанышы кадрдык потенциалдын начардыгынан жана министрликтин маалымат базасынын жеткилең болбогондугунан келип чыгышы мүмкүн.

*«Биздин окуу-методикалык комитеттерибизде жана райондук билим берүү бөлүмдөрүндө кайталоолор бар, б.а. бул функцияларды азайтуу керек. Аймактык окуу борборлору эмне кылып жаткандыгын түшүнүп болбойт».*

*«Борбордук жана аймактык түзүмдөрдүн ортосунда бирин-бири кайталоолор бар. Биз борбордук түзүмгө аймактык деңгээлде чечилип, ишке ашырыла турган нерселерди жөнөтөбүз».*

*«Кайталоо маселеси боюнча так айта албайм, бирок бир эле маалыматты бул жерден да, тигил жерден да сураган учурлары болгон».*

*«Болсо керек, анткени тынбай эле отчёт сурай бергендери түгөнбөйт эмеспи».*

*«КББА менен Квалификациясын жогорулатуу институтунун ортосунда согуш жүрүп жатат. Экөө бирин-бири кайталап турат да, ошол эле учурда бири дагы кесиптик деңгээлди жогорулатуунун сапатына жооп бербейт».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Өз кезегинде министрликтин ар кайсы бөлүмдөрүнүн ортосундагы функциялардын кайталаныш маселеси "борбордук аппарат" деп аталган шарттуу топтогулар тарабынан толук эле бир беткей түшүнүлүп жатат. Алардын көз карашы боюнча, функциялар бирин-бири кайталабайт, анткени бөлүмдөгү көптөгөн "оптималдаштыруулар", тескерисинче, ар бир түзүмдүк бөлүмдө жана ар бир кызматкерде ашыкча көп сандагы функциялардын болушуна алып келди.

Ошол эле учурда, ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдүн ортосунда жумуштун адилет бөлүштүрүлүшү, ага ылайык адам ресурстарынын туура бөлүштүрүлүшү көп учурда талкуунун чордону болуп калат. Мисалы, бир нече респондент ББжИМдин түзүмүндө Башталгыч кесиптик билим берүү агенттигинин болушун "адилетсиз" деп эсептешет, анткени анын бөлүмүндө 100 эле лицей бар. Мындай "чарбаны" азыраак эле күч менен башкарууга болот. Ал эми орто кесиптик билим берүүнү башкарууга КР ББжИМдин бир гана кызматкери тартылган, болбосо анын бөлүмүндө орто атайын билим берүү мекемелеринин саны алда канча көп.

Эл аралык мамилелер жана инвестицияларды тартуу бөлүмүнүн иши дагы кызыгууну жаратат. Сурамжылоолордун жүрүшүндө бул түзүм аны негизги ишинен алагды кылуучу, өзүнө тиешеси жок функциялар менен ашыкча жүктөлгөндүгү белгилүү болот. Борбордук аппараттын кызматкерлеринин көпчүлүгү чет тилдерин билбегендиктен, бөлүмдүн кызматкерлери котормого байланыштуу көп жумушту аткарууга мажбур болушат. Мунусу аз келгенсип, ББжИМдин жетекчилиги чет өлкөгө чыкканда, министрлик кызматкерлери виза документтерин жана башка материалдарды даярдашат. Бул кырдаал "тышкы эксперттер" тобундагы респонденттердин биринин “борбордук аппараттагы

кандайдыр бир квалификацияга ээ кызматкерлерге жумуштун айрыкча көп жүктөлүшү алардын мотивация алышына жакшы таасир этпейт” деп айткандарына толук дал келет.

Ошого карабастан, бир катар кызматкерлерде мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана коррупцияга каршы күрөшүү секторлорунун зарылдыгы боюнча ой-пикирлер жаралып калат. Бул эки тармак "мурунку" министрдин тушунда түзүлгөн жана бул түзүмдөрдүн зарылдыгы айрым кызматкерлердин суроосун жаратат.

*«Мамлекеттик тил жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча эки секторду жоюп салса болот деп ойлойм ... Бул тармактар эки жылдан бери иштеп келе жатат. Эч кандай жыйынтык жок деп айта алам. Башкармалыктар менен бөлүмдөр өзүлөрү ушул милдеттердин үстүнөн иштегендиктен, бул жерде бирин-бири кайталоо пайда болот».*

***Бенефициар менен болгон маектен***

Респонденттердин көз карашы боюнча, тескерисинче, укуктук-ченемдик актыларды иштеп чыгууга байланышкан иштерди ресурстук жактан күчөтсө болот, анткени бул иш кызматкерлерден атайын билимди жана көндүмдөрдү талап кылат.

*«Сунуш катары айта кетсем, ар бир башкармалыкта укуктук-ченемдик камсыздоо сектору ачылса жакшы болмок. Айтып жатпаймынбы, ал 2 жерде ачылып, кийин жоюлуп, эми кесиптик билим берүү башкармалыгында гана калды. Мен анын күчөтүлүшүн же юридикалык кызмат катары кайрадан каралып чыгышын каалайт элем. Башка министрликтердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, укуктук актылар менен конкреттүү бир адам алек болуусу керек. Ал ушул ишти жасай алган адам болушу керек».*

***Бенефициарлар менен болгон маектен***

Ошентип, ички бенефициарлардын айтымында[4], Билим берүү министрлигинин ишине терс таасирин тийгизген факторлордон тышкары төмөндөгүлөрдү кошумчалоого болот:

1. Кызматкерлерге күнүмдүк жумуштун ашыкча көп жүктөлгөндүгүн;
2. Кызматкерлерге мотивация берүүнүн (анын ичинде материалдык жана кызматтык дагы), дем берүүнүн төмөндүгүн;
3. Аналитикалык иштин деңгээлинин төмөндүгүн;
4. Пландоо, максат коюу деңгээлдеринин төмөндүгүн;
5. Системдик мониторингдин жана ишке баа берүүчүлүктүн жоктугун;
6. Министрликтин жетекчилигинин тез-тез алмашуусун, натыйжада иш-аракеттердин багытынын жана максаттарынын өзгөрүлүп турушун;

Респонденттер Билим берүү министрлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча биринчи кезектеги кадамдар катары төмөндөгүлөрдү белгилешти:

- ✓ ББжИМдин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик документтерди карап чыгууну;
- ✓ Министрликтин кадрдык даражетин көтөрүүнү;

[4] Бенефициарлар тарабынан белгиленген факторлор 30-б. көрсөтүлгөн.

- ✓ Борбордук аппараттын, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлери үчүн функциялык милдеттердин так тутумун түзүүнү;
- ✓ ИСУО тутумун киргизүүнү;
- ✓ Билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну.

> *«Акыр-аягы ИСУО тутумун түзүү керек. Экинчиси – райондук билим берүү бөлүмдөрүн жана окуу-методикалык комитеттерин түзүү. Алардын функционалын түзүп берүү керек».*
>
> *«Бирин-бири кайталоолор болбошу үчүн райондук билим берүү бөлүмү менен ББжИМдин ортосундагы функционалдык милдеттерди тактоо Каттарды жана даттануулардыкароо иши менен жер-жерлердеги түзүмдөр: райондук жана шаардык бөлүмдөр алек болушу керек. Экинчиси, билим берүү тармагын каржылоону оптималдаштыруу жана борбордук бюджетке оорчулук келтирбеш үчүн каржылоо ишинин көбүн жергиликтүү айыл өкмөттөргө, жергиликтүү бюджеттерге тапшырса болот. Мугалимдердин потенциалын бюджеттин эсебинен жогорулатууну дагы жергиликтүү айыл өкмөттөргө берсе болот. Үчүнчү кадам – бул ББжИМдин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу».*
>
> *«Биринчи кезекте укуктук-ченемдик документтерди жаңыртуу керек».*
>
> *«Баарынан мурда, аларга коюлган милдеттердин көлөмүн жана аларды кандайча аткарып жаткандыгын түшүнүү үчүн функциялык анализ жасалыш керек. Ресурсу канчалык жетишерлик экендиги аныкталыш керек. Ошондой эле ББжИМдеги бардык документтердин иштей тургандыгын аныктоо үчүн аларды текшерүүдөн өткөрүү зарыл. Текшерүүдөн кийин алар жакшы жана натыйжалуу иштөөгө жардам бериши керек. Биринчи диагностика, экинчи пландаштыруу».*
>
> *«Менин оюмча, кызматкерлердин бардыгы аттестациядан өтүшү керек».*
>
> ***Бенефициарлар менен болгон маектен***

“Ички топтун» респонденттери Билим берүү министрлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча биринчи кезектеги кадам катары төмөндөгүлөрдү белгилешет:

- каржылоонун министрликке жогорку класстагы адистерди (мисалы, муктаждык аябай өскөн программисттерди) жалдоого мүмкүндүк бере тургандай деңгээлде жогорулашын;

- кызматкерлерди керексиз, конкреттүү эмес функциялардан арылтуу менен бөлүмдүн ишин оптималдаштырууну;

- министрликтин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча системалык ишти.

Кызматкерлердин ИСУО тутумунун функционалына байланыштуу сунуштарын өзүнчө белгилей кетүү керек. Кызматкерлер дал ушул маалыматтарды башкаруу тутумун иштеп чыгууну системадагы көйгөйлөрдү чечүү жолдорунун бири катары көрүшөт.

Бардык респонденттер бир оздон билдиришкен позициялардан тышкары, министрликтин борбордук аппаратынын кызматкерлери менен маектешүүдө күтүлбөгөн

сунуштар да айтылды, анын ичинде кызматкерлердин жарымын кыскартуу жана дал ушул министрликтин кызматкерлеринин жоопкерчилигин арттыруу зарылдыгы айтылды.

Бөлүмдү реформалоого карата мындай радикалдуу мамиле тексттерде бир гана жолу кездешкен. Жетекчиликтин тез-тез алмаша берүүсү дагы – министрликтин дээрлик жалпы кызматкерлерин тынчсыздантып келе жаткан көйгөй. Респонденттердин дээрлик баарынын көз карашы боюнча министрлердин узак иштешине мүмкүнчүлүк берүү керек, себеби бул министрликтин натыйжалуу иштеши үчүн зарыл шарт болуп саналат.

## КР ББжИМдин кызматтык нускамаларынын жана жоболорунун талдоо жыйынтыктары

Кызматкерлердин учурдагы функционалын изилдөө үчүн төмөнкү бөлүмдөрдүн, башкармалыктардын жана секторлордун жоболору иликтенди:

1. Эл аралык кызматташтык жана инвестицияларды тартуу бөлүмү
2. Эл аралык кызматташтык бөлүмү (күчүн жоготкон)
3. Коррупцияга каршы саясат жүргүзүү бөлүмү
4. Документтерди камсыздоо жана көзөмөлдөө бөлүмү
5. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмү
6. Маалыматтык камсыздоо бөлүмү
7. Мониторинг, өнүктүрүү, стратегиялык пландоо бөлүмү
8. Бюджеттик саясат, каржылоонун анализи башкармалыгы
9. Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгы
10. Кесиптик билим берүү башкармалыгы
11. Бухгалтердик эсеп жана отчёттуулук бөлүмү
12. Мектепке чейинки билим берүү бөлүмү

Ар бир жобо боюнча белгилүү бир бөлүмдө, сектордо же башкармалыкта иштеген бардык кызматкерлердин кызматтык нускамалары көрсөтүлдү, алар дагы анализге алынып, жалпысынан 40ка жакын кызматтык нускама, ошондой эле министрдин атына «Эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча отчету» аттуу кызматтык кат жолдонду.

Сунушталган жоболорду талдоо бул документтер бирдиктүү иштөөнүн эрежелерин так иштеп чыккан, бөлүмдүн жана анын кызматкерлеринин ыйгарым укуктарын жана функционалын так аныктаган ченемдик акт эмес, тескерисинче, "тартип үчүн" зарыл болгон формалдуу документ катары кызмат кылат деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. КР ББжИМдин кызматкерлери менен жүргүзүлгөн маектешүүлөрдүн жана алардын кызматтык милдеттенмелеринин салыштырмалуу анализи көрсөткөндөй, көпчүлүк убактарда алардын күндүз аткарган функциялары ушул документтерде камтылган милдеттенмелерге дал келбейт.

Кызматкерлердин түзүмдүк бөлүмдөрү жана функциялык милдеттери жөнүндө жоболор кадрдык жана жетекчилик кызматтардын ишмердүүлүгү менен саясатын илимий-методикалык талдоонун жыйынтыгы болбостон, ушул бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин өзүлөрү тарабынан жазылары өтө маанилүү аспект катары аныкталды. Бул борбордук аппаратта адам ресурстарын башкаруу жаатында саясаттын жоктугун билдирет.

Уюштуруу долбоорунун алкагынан алганда, биринчи кезекте башкаруу объектилерин, андан кийин процесстерди аныктоо керек, андан соң алгач башкаруу объектилери аныкталат, андан кийин методдор менен функциялар, андан кийин процесстин

катышуучуларынын зарыл ролдору аныкталат, бул жумуш аяктагандан кийин гана ролдордон кызмат орундарын, ал эми кызмат орундарынан - бөлүмдөрдү түзүү керек. Башкача айтканда, уюмдун ишмердүүлүгү биринчи кезекте жетекчиге жана адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнө так жана түшүнүктүү болгондон кийин гана бөлүмдөрдүн милдеттерин жана функцияларын иштеп чыгуу керек. Бирок бүгүнкү күндө ББжИМде тескери көрүнүш байкалууда: бөлүмдөр бар, аларда мамлекеттик органдын (начальник, орун басар, башкы адис, жетектөөчү адис, адис) илгертен бери калыптанып калган талаптарына жооп берген кызмат орундары бар, аларды кандайдыр бир кызматтык нускамалар жана функционал менен толтуруу керек.

Иш жүзүндө бул адис жана бүтүндөй бөлүм бекитилген жоболорго жана кызматтык нускамаларга дал келбеген иштер менен алек болот. Ал эми терең маектешүүлөрдүн негизинде жасалган анализге ылайык, кызматкер өзүнүн оюу боюнча такыр башка үчүнчү маселелер менен – кызматтык нускамаларга да, жумуштагы бир күн бою аткарган ишине да дал келбеген иштер менен алек болушу керек. Натыйжада министрликтин организминин белгилүү бир деңгээлдеги дисфункциясын байкоого болот.

Жалпысынан, кызматкерлердин бардык кызматтык нускамалары типтүү болуп саналат. Алар 8 бөлүмдөн турат. Кыязы, бул бөлүмдөрдүн бардыгын кадр кызматынын кызматкерлери бөлүм башчылары менен биргеликте толтурушу керек.

**1 -бөлүм.** Жалпы жоболор. Бул бөлүмдө белгилүү документ кайсы позицияга катталып жаткандыгы, баш ийүү тартиби, ким менен алмаштырылышы мүмкүн, анын ишин жөнгө салуучу негизги укуктук-ченемдик актылар жөнүндө маалыматтар камтылган.

**2 -бөлүм.** Квалификациялык талаптар. Бул бөлүм билим деңгээлине, мамлекеттик кызматтагы стажына, кесиптик компетенттүүлүгүнө, анын ичинде ошол эле укуктук-ченемдик актыларды билүүгө, мамлекеттик жана расмий тилдерде сүйлөй алууга; бир катар көндүмдөргө, анын ичинде компьютердик технологиялар боюнча сабаттуулугуна, аналитикалык, коммуникативдик, башкаруучулук жана уюштуруучулук компетенттүүлүктөрүнө коюлган талаптар; иш көндүмдөрү, анын ичинде документтер менен, компьютер менен иштей алгандыгы, пландаштыруу боюнча иш алпара алгандыгы ж.б. тууралуу маалыматтарды камтыйт.

**3 -бөлүм.** Кызматкердин жеке сапаттары. Бул бөлүмдө ар кандай психологиялык, эмоционалдык жана башка жеке сапаттарга ээ болуу талаптары камтылган.

**4 -бөлүм.** Кызматкердин кызматтык милдеттери. Шарттуу түрдө кызматкердин функциялык милдеттери жана алдына коюлган тапшырмалары деп атоого болот. Бирок бул бөлүмгө анын функционалынын тизмеси менен катар “мыйзамдарды сактоо, жарандардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышын жана корголушун камсыз кылуу, кызматтык этиканын ченемдерин сактоо, кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон квалификация деңгээлин сактоо (ошентип, кызматкердин квалификациясын жогорулатуу жумуш берүүчү жана аткаруучунун биргелешкен ишинен бир гана аткаруучунун жеке милдетине айланган), ички эрежелерди сактоо» деген сыяктуу талаптардын тизмеси дагы камтылышы мүмкүн.

Мамлекеттик кызматкерлерге спецификалуу конкреттүү талаптардан *("жогорку кызмат адамдарынын буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн өз убагында жана сапаттуу аткаруу"*) тышкары, стратегиялык - *"максат коюу, стратегияларды иштеп чыгуу, пландарды түзүү"*; административдик - *"аткарууну уюштуруу (?!), учурдагы координациялоо иштери, көзөмөл, кадрларды башкаруу, стимул берүү"*; эксперттик жана

инновациялык - "*идеяларды, долбоорлорду, өнүмдөрдүн жаңы түрлөрүн иштеп чыгуу (?!), уюмдун түзүмүн өзгөртүү (балким, кайра уюштуруу ушул жерде айтылгандыр)*"; социалдык - "*жагымдуу моралдык-психологиялык климатты түзүү, адат-салтты сактоо (?!), кол алдындагыларга жардам берүү (?!)*" сыяктуу талаптар дагы бар. Бул ишмердүүлүк түрлөрүнүн топтому толугу менен так эмес. Айрыкча, көмөкчү жумуштарды алып барган бөлүмдөрдүн кенже кызматкерлери боюнча (мисалы, бюджеттик саясатты башкаруу, финансылык талдоо боюнча жетектөөчү адис). Ошондой эле бир катар кызматкерлердин функционалындагы функциялык милдеттери менен алдына коюлган тапшырмалары аралашып кеткендиги дагы көңүлдү бурат. Мисалы, кызматкер "*мамлекеттик органдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу мыйзамдарды өркүндөтүү* (эмне үчүн конкреттүү министрлик көрсөтүлбөйт?)" функциясы менен "*соттордо мамлекеттик органдын кызыкчылыгын коргоо*" (укуктук камсыздоо жана кадрлар менен иштөө башкармалыгынын башкы адиси) сыяктуу тапшырмасын аралаштырып алышы мүмкүн.

Кесиптик билим берүү башкармалыгынын башкы адиси дагы функцияны чаташтырат. Мисалы, "*Улуттук аккредитация кеңешинин ишин координациялоо*" жана "*жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларын аккредитациялоонун жыйынтыктарын анализдейт*" функциясы менен "*жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын илимий кеңешинин курамын макулдашат*" тапшырмасы менен чаташтырышы мүмкүн.

**5 -бөлүм.** Кызматкердин укуктары. Бул бөлүмдө кызматкердин негизги укуктары камтылган. Жалпысынан алар бардыгына бирдей тийиштүү.

**6 -бөлүм.** Кызматкердин жоопкерчилиги. Бул бөлүмдө кызматкердин жоопкерчилигинин "эрежелерди сактабоо, маалыматты ачыкка чыгаруу" ж.б сыяктуу негизги түрлөрү камтылган.

**7 -бөлүм.** Кызматкердин кызматтык мамиле куруу тартиби. Бул бөлүмдө кызматкер өз функцияларын аткарууда ар кандай органдар жана министрликтин жана башка уюмдардын жетекчилери менен өз ара аракеттенүү тартиби баяндалган. Эгер бул бөлүм кызматкерлер тарабынан толтурулган болсо, "функция" деген сөз учураган жападан жалгыз бөлүм болуп, ошол себептүү жүргүзүлүп жаткан талдоо үчүн бул бөлүм чоң кызыгууну жаратмак. Бирок, тилекке каршы, бул жердеги бардык кызматтык нускамалар көпчүлүк пункттардагыдай эле шаблон менен толтурулган дагы, бул кызматкерлердин позициялык же жеке функцияларын белгилеп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

**8 -бөлүм.** Кызматтык ишмердүүлүктүн жыйынтыктары. Тилекке каршы, бул бөлүм дагы формалдуу түрдө шаблон менен толтурулган. Бөлүмдө, аталышына карабастан, кызматкердин иш-аракетинин натыйжаларын жана анын функционалын баалоого мүмкүндүк берген индикаторлор менен натыйжалуулук көрсөткүчтөрү жок.

Документтеги көрүнүштү көрсөтүү үчүн, төмөндө, мисал катары, бир нече жоболордун жана нускамалардын деталдуу анализин сунуштайбыз, бирок ушул сыяктуу дал келбестиктер ББжИМ сунуштаган документтердин дээрлик бардыгында (талдоо үчүн берилген жоболор жана нускамалар) байкала тургандыгына көңүлүңүздөрдү бура кетели.

Маселен, функциялык милдеттерди кызматтык нускамаларга *алмаштыруу* боюнча министрликтин көрсөтмөсүнө карабастан, көрсөтүлгөн 26 *кызматтык нускаманын* ичинен 14ү *функциялык милдеттер* түрүндө болгон. Бул көрсөтмөнүн аткарылбай калышын кызматкерлер менен алардын жетекчилеринин жумушунун көптүгү менен түшүндүрүүгө мүмкүн, бирок, ошол эле учурда, бул документтерге өтө деле маани берилбестигин көрүнүп

турат – алар тартип үчүн гана жасалат да, иштин натыйжалуулугун жогорулатуу же кызматкерлердин ишин максаттуу уюштуруу үчүн багыт катары саналышпайт. Бул факт көрсөтүлгөн документтердин эскиргендигин дагы көрсөтүп турат.

**Документтерди камсыздоо жана көзөмөлдөө бөлүмү** (уюмдагы иш кагаздарын уюштуруу үчүн жооптуу бөлүм) **жөнүндө жободо** бул бөлүм «*документтер менен иш алпаруунун бирдиктүү тутумун түзүү жана жүргүзүү жаатында, ошондой эле министрликтин кароосуна берилген документтердин аткарылышын көзөмөлдөө жаатында текшөөчүлүк жана аткаруучулук функцияларды жүзөгө ашыруучу түзүмдүк бөлүм*» экендиги айтылат. Жалпысынан бөлүмгө 4 тапшырма берилген, алар түшүндүрмөлөрүндө бири-бирин кайталоочу болуп саналышат же алар "бир тапшырма экинчисин тактайт" деп мүнөздөлүшү мүмкүн, бирок бул бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу чектеш тармактарды аныктайт деп айтууга болбойт:

1. *«Өз ичине иш кагаздарын жүргүзүү; архивди; документтерди иштетүү, сактоо жана аткаруу процесстерин башкаруу; министрликтин борбордук аппаратынын, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн аткаруучулук тартибине көзөмөл жүргүзүү боюнча документтерди камсыздоонун бирдиктүү тутумун уюштуруу жана өркүндөтүү».*
2. *Министрликтин, коллегиянын чечимдеринин, министрдин жыйналыштарынын укуктук-ченемдик документтеринин өз убагында жана иш жүзүндө аткарылышын контролдоо жана текшерүү»* - бул тапшырманы аткаруучулук тартипти көзөмөлдөө милдетине жүктөп койсо болот.
3. "*Борбордук аппараттын иш кагаздарын кабыл алуу, эсепке алуу, жана сактоо, архивдик документтерди иштеп чыгуу жана өткөрүп берүү*" - бул тапшырманы документтерди иштеп чыгуу жана сактоо милдетине тапшырса болот.
4. «*Ведомстволук жана аймактык органдарда иш кагаздарынын жүргүзүлүшүнө көзөмөл салуу*» - бул тапшырма министрликтин борбордук аппаратындагы, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүндөгү аткаруучулук тартипти көзөмөлдөөгө кирет.

Ошентип, иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын максаты (негизги милдети) уюмдун бирдиктүү саясатынын жана ички локалдык актыларынын негизинде иш кагаздарын жүргүзүү тутумун уюштуруу, иштетүү жана өркүндөтүү болуп саналат. Билим берүүнү башкаруу тутумунун санариптештирүү саясаты КР ББжИМдин акыркы жылдардагы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири болгонуна жана, биринчи кезекте, ББжИМдин өзүнүн ички ишинде чагылдырылышы керек экендигине карабастан, жободо *документтер менен иштөөдө заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу* жөнүндө бир дагы сөз жок экендигин белгилей кетүү керек. Бул айырмачылык ББжИМдин функционалдык милдеттенмелеринин ББжИМдин билим берүү тутумундагы жалпы саясаты жана ролу менен байланышы жоктугун көрсөтөт. Жободо, ошондой эле, документтердин агымын башкаруу ыкмасын модернизацилоо камтылган эмес, түзүмдүк бөлүмдөрдө документтер менен иштөөнүн белгиленген тартибин сактоо боюнча методикалык жетекчиликтин милдети дээрлик жок.

Жобого ылайык, бөлүмгө 14 функция жүктөлгөн, алардын ичинен документ агымын башкарууну өркүндөтүү функциялары дээрлик жоюлуп кеткен, бирок бул функция түздөн-түз айтылган максаттан (тапшырмадан) келип чыгат. 14 функциянын ичинен 12си бөлүмдүн күнүмдүк милдеттеринин аткарылышына байланышкан.

Бир функцияны ("*бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу укуктук-ченемдик актылардын долбоорун иштеп чыгат*") шарттуу түрдө укуктук-ченемдик актыларга же пландаштырууга байланыштуу милдеттенмелерге киргизүүгө болот; дагы бир функцияны ("*билим берүү уюмдарында жана аймактык билим берүү органдарында иш кагаздарын уюштурууда практикалык-методикалык жардам көрсөтөт*") шарттуу түрдө координациялоо жана окутуу менен байланыштырса болот; калган функциялар *көзөмөлдөө* жана *жөнгө салуу* мүнөзүнө гана ээ.

Ушул бөлүмдүн жобосуна кызматкерлердин функциялык милдеттери тиркелген, бирок жогоруда айтылгандай, учурда бардык кызматкерлер үчүн кызматтык нускамалар талап кылынат.

Бөлүмдүн *кызматкерлеринин функциялык милдеттери ар бир деңгээлде* тигил же бул формада *кайталана тургандай* иштелип чыккан (бөлүм башчы, башкы адис, жетектөөчү адис, курьер).

Ошентип, бөлүмдүн башчысы "*гербдүү мөөрдүн, канцеляриянын мөөрүнүн жана министрликтин мөөрүнүн туура колдонулушун контролдойт жана ал үчүн жоопкерчиликтүү болот*", жетектөөчү адис "*канцеляриянын мөөрүнүн жана министрликтин штамптарынын сакталышы жана туура пайдаланылышы үчүн жоопкерчиликтүү болот*", адис *канцеляриянын мөөрүнүн жана министрликтин штамптарынын сакталышы жана туура пайдаланылышы үчүн жоопкерчиликтүү болот*", башкы адис "коопсуздукту жана туура пайдаланууну камсыз кылат" министрликтин кызматтык мөөрү жана штампы", жетектөөчү адис "*министрликтин фирмалык бланктарына көз салат жана аларды эсепке алат*". Ооба, бул министрликтеги иш кагаздарын жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуудур, бирок функциялардын мындай кайталанышы <u>*бөлүмдүн ишинин натыйжасыздыгын, бири-бирин кайталагандыгын жана ашыкча бюрократияны*</u> көрсөтүшү мүмкүн.

Мындан тышкары, бөлүмдө AVN (электрондук документ жүгүртүү) менен иштөөнүн маанилүү функциясы кенже жана орто персоналга (жетектөөчү адиске, адиске жана курьерге!) өткөрүлүп берилген. Анда функциялардын окшош топтому бар: "*AVN программасы боюнча каттоонун ишин көзөмөлдөйт (электрондук документ жүгүртүү), министрликтердин жана ведомстволордун документтеринин каттоосу боюнча кирген каттарды контролдойт жана аларды көктөйт*".

Жалпысынан бул бөлүмдүн абалы жана функциялык милдеттери кайрадан иштелип чыгышы керек жана бирдиктүү талаптарга келтирилиши керек. Ошол эле мезгилде, министрликтеги бөлүмдүн (тапшырманын) максатын жана ролун өзгөртүү жана жаңыртуу зарыл. Албетте, бөлүм маанилүү ролду ойнойт жана бул роль модернизациялоо учурунда жогорулашы гана керек. Бөлүм документтердин жүгүртүлүшүн башкаруу боюнча менеджменттин ролун өз мойнуна алышы керек; бюрократиялык жүктү азайтуу, башкармалыктар менен бөлүмдөрдүн кагаз жазуу ишин азайтуу, министрликтин ишинин ыкчамдыгын жана мобилдүүлүгүн жогорулатуу, документтерди жүргүзүүдөгү тартипти күчтөндүрүү, документтердин агымын башкаруу методикасын жаңыртуу, министрликтин жана анын ведомстволук уюмдары менен аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин арасында иш кагаздарын жүргүзүүнүн жана документтерди тариздөөнүн негиздерин үйрөтүү үчүн бөлүмдүн башкы милдети операциялык ишмердүүлүктү тынымсыз өркүндөтүү болуп калышы мүмкүн. Ошентип, бул бөлүмдүн ролу өзүнүн күндөлүк бюрократташтырылган милдеттенмелерин аткаруу эле эмес, аны менен бирге өзүнүн иш-

аракеттерине баа берүүнүн негизинде өзүн-өзү өнүктүрүп, жалпы КР ББжИМди өркүндөтүү ишмердүүлүгүнүн бир бөлүгү болуп калышы керек эле, бирок, тилекке каршы, бүгүнкү күндө андай болбой жатат. Ушул көз караштан алганда, бул бөлүмдүн ролу анчейин бааланбай, жалпы билим берүүнүн саясатын калыптандыруу жана жүзөгө ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылбай келет. Мындай ыкма бардык бөлүмдөрдө, башкармалыктарда жана секторлордо колдонулушу керек.

Кызматкерлердин кызматтык абалын жана функциялык милдеттерин талдоо жагынан алганда, **эл аралык кызматташтык жана инвестицияларды тартуу бөлүмүнүн** документтери көрсөтмөлүү (үлгүлүү) болуп саналат. Бул бөлүм министрликтин ишмердүүлүгү үчүн да абдан маанилүү ролду ойнойт.

Буга чейин бул бөлүм эл аралык кызматташуу бөлүмү деп аталып келсе, эми "*жана инвестицияларды тартуу*" деген сөз тизмегин кошуп алып атын өзгөрттү. Ушуга ылайык, жобонун мазмунунун өзү өзгөрүшү керек эле. Бирок коррупцияга каршы аракет көрүү функциясы менен эл аралык уюмдардын ишин координациялоо функциясын кошпогондо, жобо толугу менен көчүрүлүп алынган. Аталышынын өзгөрүшү жана ишмердүүлүгүнө жаңы багыттын кошулушу бөлүмдүн максатын жана ролун, ошондой эле алдына коюлган тапшырмалар менен функционалын бир кыйла өзгөртүшү керек эле, бирок андай болбой жатат.

Учурда бөлүмдүн алдында төмөнкүдөй тапшырмалар бар:

1. «*КР Тышкы иштер министрлиги аркылуу чет мамлекеттердин билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу органдары, ар кыл мамлекеттердин Кыргыз Республикасындагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдө аккредиттелген дипломатиялык өкүлчүлүктөрү менен, ошондой эле башка министрликтер, билим берүү бөлүмдөрү, эл аралык уюмдар жана билим берүү маселелери боюнча башка мамлекет аралык, өкмөттөр аралык бирикмелер, фирмалар, коомдук уюмдар жана дүйнөнүн ар кайсы мамлекеттеринен келген жеке адамдар менен мамиле куруу жана өз ара байланыштарды түзүү*;
2. *Эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын долбоорлорун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларын иштеп чыгууга жана даярдоого катышуу, ошондой эле алардын аткарылышын контролдоо;*
3. *Кыргыз тараптын чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен түзүлгөн эл аралык келишимдер, программалар жана долбоорлор боюнча Министрликке тийиштүү бөлүгүндөгү милдеттенмелерин аткарууга багытталган иш-чараларды уюштуруу жана координациялоо*».

Көрүнүп тургандай, иштин жаңы багыты киргизилгенине карабастан, министрликтин бөлүмүнүн алдына койгон тапшырмалары 2020-жылы өзгөргөн жок – аталышында айтылгандай, тапшырмалардын ичинде инвестицияларды тартуу боюнча эч кандай багыт жок. Бирок функциялардан ушул багытка айрым шилтемелерди табууга болот, ал эми бул ушул бөлүмдүн алдына койгон тапшырмалары менен функцияларынын дал келбестигин көрсөтүп турат.

Бөлүмдүн жана кызматкерлердин милдеттери менен функцияларында да олуттуу ажырым бар. Маселен, бөлүмдүн "*эл аралык кызматташууну уюштуруу жана мониторинг жүргүзүү, билим берүү тармагына инвестицияларды тартуу*" жана "*эл аралык кызматташууга маалыматтык-аналитикалык колдоо көрсөтүү жана инвестицияларды*

*тартуу*" деп аталган функциялары кызматкерлердин функцияларынан эч кандай көрүнбөйт.

Функционалдын бир кыйла бөлүгү тапшырмаларды аткарууга эмес, министрликтин атынан ар кандай жыйындарга катышууга, ошондой эле жолугушууларды уюштурууга арналган: мисалы, бөлүмдүн компетенциясына кирген маселелер боюнча жолугушууларды уюштуруу функциясы белгиленип берилген.

Билим берүүнүн эквиваленттүүлүгүн камсыз кылуу, билим берүүгө байланыштуу документтерди нострификациялоо, чет мамлекеттердин жарандарын окутуу үчүн Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунан бюджеттик орундарды бөлүү, этникалык кыргыздарды окутуу сыяктуу маселелер бири-биринен ажыратылып, бир түзүмдүк бөлүмгө берилиши керек.

«*Бөлүмгө жүктөлгөн функцияларды өз компетенциясына ылайык аткаруу үчүн министрликтерден жана административдик ведомстволордон, эл аралык уюмдардан, донорлордон, статистика чыгаруучу органдардан, бардык жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынан, жалпы билим берүүчү мекемелерден маалыматтарды алуу; билим берүү ишине, адистерди, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатууга байланыштуу прогноздоочу отчеттук маалыматтарды алуу*» пункту бул бөлүмдүн алдына коюлган тапшырмалардын контекстинде таптакыр түшүнүксүз бойдон калды, ошондой эле отчеттордун санын кыскартуу да сунушталды.

Эл аралык кызматташуу бөлүмүнүн 2019-жылдагы ишинин жыйынтыгы боюнча отчетуна тиркелген кызматтык каттан бир жыл ичинде бөлүм негизги үч багыттагы иштерди аткарууга басым жасагандыгын көрүүгө болот:

1. Эл аралык уюмдардын жана аймактык интеграциялык бирикмелердин алкагында иштөө
2. Россия Федерациясы, Кытай Эл Республикасы, Казакстан Республикасы, Венгрия, Беларуссия жана Тажикстан Республикалары менен эки тараптуу кызматташуу.
3. Өкмөттөр аралык комиссияларда иштөө

Бул багыттардан улам аталган бөлүм эч кандай талдоо, мониторинг жасоо же көмөктөшүү иштерин жүргүзбөй тургандыгы көрүнүп турат. Бул бөлүм өз ишин КР ББжИМдин борбордук аппараттын ичинде өркүндөтүүгө, ошондой эле жалпы билим берүү саясатын иштеп чыгууга көмөктөшүүчү, ага шарт түзүүчү бир бөлүгү боло албагандыгын дагы бир жолу айта кетели.

Бул жерде мисал катары келтирилген кийинки документ – бул коррупциянын алдын алуу саясатынын сектору жөнүндөгү жобо. Анын алдына төмөнкүдөй тапшырмалар коюлган:

1. *Министрликтин коррупциянын алдын алуу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча иш-аракеттерин координациялоо;*
2. *Коррупциянын алдын алуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн сунуштарды иштеп чыгуу;*
3. *Билим берүү тутумундагы коррупциянын алдын алуу боюнча иш-чараларга методикалык жана консультациялык көмөк көрсөтүү.*

Сектордун жободогу функцияларына кол коюлбай калганы таң калычтуу. Сектордун башчысынын жана адисинин функциялык милдеттерин талдоо алардын 95% идентүү экендигин көрсөттү. Министрликтин кызматкерлерин коррупцияга каршы окутуу жөнүндөгү пункт гана айырмалап турат: эгерде аталган бөлүмдүн башчысы бул окууну уюштурса, ал эми адис окутууну уюштурууга көмөктөшөт.

Андан ары мурунку бөлүм сыяктуу эле жакында эле түзүлгөн **мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору жөнүндө жобо** каралат. Сектордун алдындагы негизги тапшырмалар:

1. *“Мамлекеттик органдардын, Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын ченемдик актыларынын чечимдерин ишке ашыруу;*
2. *Министрликтин кызматкерлери үчүн мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча практикалык сабактарды, курстарды уюштуруу;*
3. *Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча конференцияларды уюштуруу жана аларга катышуу".*

Ошентип, сектор мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча маанилүү иштерди аткарат, *бирок бул функцияларды министрликтин аппараты үчүн гана аткарат*. Министрликтен тышкары ал мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын иш-аракеттерин так кайталайт.

Министрликтин кызматкерлеринин кызматтык нускамалары формалдуу мүнөзгө ээ экендиги дагы бир жолу белгиленет, алар функциялык милдеттер сыяктуу эле көбүнчө кызматкерлердин өзүлөрү тарабынан толтурулат. Мындан тышкары, бардык функциялык милдеттер кызматтык нускамалар сыяктуу эле даана эле жекелештирилген мүнөзгө ээ.

Башкача айтканда, бул функциялык милдеттердин жыйындысы бир позицияга эмес, белгилүү бир адамга байланып калган. Кызматкерлер өз маектеринде белгилешкендей, алар ээлеген кызмат орундарына карабастан (башкы адис, жетектөөчү адис, адис), алар *бир эле милдеттерди аткара алышат.*

КР ББжИМдин борбордук аппаратынын функциялык уюштурулушун аныктаган негизги ички документтерди талдоонун негизинде төмөнкүдөй **тыянактарды** чыгарууга болот:

- министрликтин өз максаты жок сыяктуу эле, бардык жоболор министрликтин көз карашына, ролуна жана максаттарына байланышпайт. Демек, бул документтердин бардыгын бардык эле министрликтерге бирдей колдоно берүүгө мүмкүн;
- Кызматкерлердин функцияларында алардын кызмат ордуна байланыштуу (башчыбы, жетектөөчү адиспи же жөн гана адиспи) так ажырымдар жана айырмачылыктар жок;
- Тапшырмаларда жана функцияларда да олуттуу башаламандык байкалат: тапшырмалар – бул милдеттер, ал эми функциялар – бул ишмердүүлүктүн түрлөрү;
- функционалды аныктоого жана бөлүштүрүүгө карата методикалык мамиле жок;
- бөлүмдөрдүн аталыштарынын өзгөрүшү функционалды өзгөртүүгө алып келбейт;
- кызматкерлердин күнүмдүк аткарган иштери көп учурларда алардын кызматтык нускамаларында жазылгандардан айырмаланып, мындан улам кызматкерлердин өз функцияларын түшүнүүсү да айырмаланат;
- документтер эскирип, ал тургай ББжИМдин ички көрсөтмөлөрүнө да дал келбей калган;
- кызматкерлердин функциялары бөлүмдүн же ББжИМдин өзүнүн милдеттерине байланбай, көп учурда жекелештирилип калган;
- эч бир бөлүмдүн өз ишин өркүндөтүү боюнча туруктуу тапшырмасы же функциясы жок, мындан улам ал бөлүм ББжИМдин өнүгүүсүнө көмөктөшө албайт.

Келечекте КР ББжИМдин ишмердүүлүгүн кандайдыр бир жол менен өзгөртүү үчүн, биринчи кезекте, КР ББжИМдин өзүнүн адамдык ресурстарды башкарууга карата мамилесин жана кызматкерлердин кызматтык жана функциялык милдеттенмелерине болгон мамилесин өзгөртүү керек. Типтүү кызматтык нускамаларды министрликтин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кайра карап чыгуу керек; жоболор жана кызматтык нускамалар (функциялык милдеттер) кызматкерлердин өзүлөрү тарабынан эмес, кадрлар

бөлүмү тарабынан даярдалууга тийиш; кызматтык нускамалар жекелештирилбеши керек, тескерисинче жалпы бир тартипке салынышы керек. Бул маселеде структуралык жана фундаменталдык өзгөрүүлөр болбосо, КР ББжИМ ишинде өзгөрүүлөрдү күтүүгө болбойт.

## Тыянак

КР ББжИМге тийиштүү мыйзамдарды, ченемдик-укуктук актыларды, функционалдык милдеттенмелерди, кызматтык нускамаларды, ички жана тышкы бенефициарлардын ой-пикирлерин талдай келгенде, билим берүү тутумундагы ыйгарым укуктуу органдын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу максатында КР ББжИМдин ишмердүүлүгү түп-тамырынан бери түзүмдүк өзгөртүүлөрдү талап кылары көрүнүп калды. Жыйынтыктар көрсөткөндөй, КР ББжИМдин ишмердүүлүгүнүн негизги көйгөйлөрүнүн бири мыйзамдык жана ченемдик-укуктук базада иреттүүлүктүн жоктугу, ошондой эле КР ББжИМдин билим берүү тутумундагы **так көз карашынын, миссиясынын жана ролунун жоктугу** болуп саналат. Маселен, эгерде КР Конституциясында мамлекеттин билим берүү жаатындагы үч негизги милдетин бөлүп кароого болсо, атап айтканда: 1) билим алууга карата укукту анын ар кандай түрлөрүндө камсыз кылуу; 2) илимди колдоо; жана 3) билим берүүнүн бардык баскычтарында жарандардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу. Ал эми мындан башка мыйзамдык жана ченемдик документтерде бул 3 милдеттенме бүдөмүк жана так эмес. Мындан тышкары, мамлекеттин бул милдеттенмелери мыйзам базасында кеңейтилет да, Кыргыз Республикасынын Конституциясына анча байланыштырылбайт. Мындан тышкары, стратегиялык документтерди талдоо көрсөткөндөй, КР ББжИМдеги түзүмдүк өзгөртүүлөр Туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук сратегияда да жазылган. Анда министрликтин учурдагы функционалына түздөн-түз таасир этиши керек болгон мамлекеттин жаңы ролу аныкталат, тактап айтканда, жаңы концепцияга ылайык, ***«мамлекеттин ролу билим берүүнүн азыркы доминанттык кызмат көрсөтүүчүдөн (кызматтардын провайдеринен) натыйжалуу жөнгө салуучуну карай өзгөртүлүшү керек. Мамлекеттик орган саясатты, ченемдерди иштеп чыгат, кесипкөй кадрларды даярдоону камсыз кылат жана кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргойт, билимдин коомдогу баалуулугун сактайт, үй-бүлөсү жана ата-энелери менен биргеликте жарандардын жоопкерчиликтүү жана билимдүү муунун тарбиялоого көмөктөшөт».*** Ченемдик-укуктук актыларды жана бенефициарлардын ой-пикирлерин талдоо көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө КР ББжИМ жөнгө салуучу эмес, көбүнчө кызмат көрсөтүүчү жана көзөмөлдөөчү орган бойдон калууга аракет кылат.

КР ББжИМдин жоболорун талдоо маанилүү натыйжаларды көрсөттү. Маселен, ББжИМге берилген 6 тапшырманын ичинен үч тапшырма инфраструктураны өнүктүрүүгө, 1ден тапшырма илим жаатындагы саясатка, анын сапатына жана аны өнүктүрүүгө байланыштуу. Бул милдеттерди мамлекеттин билим берүү жаатындагы КР Конституциясы тарабынан аныкталган милдеттенмелери менен салыштырганда, билимге жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана илимди өнүктүрүү КР ББжИМдин тапшырмаларында тигил же бул деңгээлде чагылдырылгандыгын байкасак болот, бирок билим берүүнүн бардык баскычтарында жарандардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу милдеттердин катарында жок. Ал эми КР ББжИМ жөнүндө жоболорду талдоо, өз кезегинде, КР ББжИМге байланыштуу позицияда жарыяланган 74 функциянын ичинен:

- КР Конституциясына ылайык, 17 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы биринчи милдеттенмесине киргизүүгө болот: Билим берүү укугун анын ар кандай түрлөрүндө камсыз кылуу маселелери;

— КР Конституциясына ылайык, 8 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы экинчи милдеттенмесине киргизүүгө болот: Илимди колдоо маселеси;
— КР Конституциясына ылайык, 6 позицияны мамлекеттин билим берүү жаатындагы үчүнчү милдеттенмесине киргизүүгө болот: Билим берүүнүн бардык баскычтарында жарандардын квалификациясын жогорулатуу маселелери;
— КР Конституциясына ылайык, 13 позиция КР ББжИМ менен байланышпаган же КР ББжИМдин милдеттенмеси катары келип чыкпаган деп чечмелениши мүмкүн, ошондой эле аутсорсингге берилиши мүмкүн;
— 1 позиция КР ББжИМдин башка функцияларына карама-каршы келет;
— 17 позиция кайталанган компетенциялар же функциялар болуп саналышат;
— КР ББжИМдин ТӨУСте да, БӨСте да белгиленген жаңы ролуна ылайык, КР ББжИМге туура келбеген дагы 12 позиция -функция аутсорсингге өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Мунун бардыгы мамлекеттик милдеттерди толук кандуу аткарууга жана КРнын ББжИМдин КР Конституциясына таянып аткара турган функцияларын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүп бербейт.

Бүгүнкү күндө КР ББжИМдин институтук эс тутуму чечиле электиги белгиленди – бул маселе КР ББжИМдин түзүмүн реформалоо жаатындагы демилгелерди талдоодо ачык көрүндү: ырааттуулукту, натыйжаларды, ошондой эле айрым демилгелердин ишке ашпай калгандыгынын себептерин чагылдырган маанилүү документтердин бири табылбаган бойдон калды. Мындай кырдаал өткөн жылдардагы ишмердүүлүк талдоого алынбагандыгын, маалыматтардын негизинде чечим кабыл алууга мүмкүндүк бере турган божомолдордун, маалыматтардын бар экендигин көрсөтөт. Муну тышкы дагы, ички дагы бенефициарлардын ой-пикирлери да тастыктап турат.

КР ББжИМди кайра түзүмдөштүрүү боюнча эки негизги демилгенин анализи ар биринин узактыгы 1 жылдан ашпай, акыры аягына чыкпай калган реформалардын окшош багытын көрсөттү. Демилгелердин окшоштугу, биринчи кезекте, башкаруу түзүмүн билим берүү деңгээлдери боюнча эмес (мектепке чейинки, мектеп, башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү), көйгөйлөр (сквозная проблема) жана ишмердүүлүктүн тармактары (билим сапатын башкаруу жана билим берүү саясатын башкаруу) боюнча киргизүүдө болгон. Эксперттердин айтымында, бул билим берүү деңгээлдеринин ортосундагы үзгүлтүксүздүктү (преемственность) камсыз кылып, негизги магистралдык функцияларга, тактап айтканда билим сапатына кепилдик берүү тутумун түзүүгө жана билим берүү тутумунун саясатын иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга, анын ичинде ченемдик базаны иштеп чыгууга, билим берүү тутумун методикалык жактан камсыздоого көңүл бурдурмак. Бирок старт алгандан кийин көп өтпөй эле, бардык демилгелер кыскарып, КР ББжИМдин ишмердүүлүгү мурдагы кейпине кайтып келчү. Реформаларды аягына чыгарууга мүмкүндүк бербеген негизги себептердин катарына төмөнкүлөр кирди:

- ✓ Башталган реформаларды аягына чыгаруу үчүн жалпы өлкөдө саясий эрктин жоктугу;
- ✓ Министрликтин жетекчилигине да таасирин тийгизген саясий кадрдык өзгөрүүлөр. Жаңы министр бир катар жеке жана объективдүү себептерден улам бул экспериментти улантпоону чечти;

- ✓ Маалымат компаниясынын алсыздыгы, ошондой эле жаңы функциялык милдеттерди аткаруу үчүн окутуу жана кайра окутуу тутумунун жоктугу;
- ✓ Министрликтин кадрдык потенциалынын начардыгы;
- ✓ Айрым демилгелерди аягына чыгаруу үчүн каржылоонун жетишсиздигине себеп болгон Финансы министрлиги менен түзүлгөн ресурстук келишимдин туруксуздугу;
- ✓ министрликтин түзүмүнүн жана функционалынын курулуш принцибинин ийгилиги же ийгиликсиздиги жөнүндө ишенимдүү корутунду чыгарууга мүмкүндүк бербеген кыска мөөнөттүү реформалар (1 жылдан аз);
- ✓ Тутумдун «консервативдүүлүгү».

Тышкы жана ички бенефициарлардын бир катары реформалардын багыты туура болгон деп эсептеп, реформалоо демилгелери боюнча жакшы пикирлерин айтышканын белгилей кетүү керек. Бирок респонденттердин арасында реформалар эч максатсыз болгон деп ырастагандар да болду, анткени "*бөлүмдөрдүн аталыштары гана өзгөрүп, кызматкерлердин функциялары ошол бойдон калган*". Бул эки көз караш тең негиздүү, анткени алардын жаралышына жогоруда айтылган себептер таасир эткен.

Жалпысынан, министрликтин учурдагы ишмердүүлүгү боюнча тышкы бенефициарлар бир ооздон КР ББжИМдин ишмердүүлүгүн “натыйжасыз” деп, ал эми ички бенефициарлар “жетишерлик натыйжалуу” деп баалашат. ББжИМдин натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизген ички түзүмдүк көйгөйлөрдүн ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп кароого болот:

- — функцияларды бир бөлүмгө бириктирүү, бирок дүйнөлүк тажрыйба, мисалы, Улуу Британиядагы тажрыйба көрсөткөндөй, функционал канчалык так бөлүштүрүлсө, анын аткарылыш деңгээли да ошончолук жогору болот. Анын ордуна, КР ББжИМ лицензиялоо жана аккредитациялоо функцияларын бир бөлүмгө, кадрларды башкаруу функциясы менен КР Өкмөтүнүн жана соттук териштирүүлөрдүн чечимдеринин долбоорлорун укуктук жактан камсыздоо функцияларын бир бөлүмгө, мониторинг жана стратегиялык пландаштыруу функцияларын (Кыргызстандын дээрлик бардык министрликтеринде бөлүштүрүлгөн) бир бөлүмгө бириктирген тажрыйбаны улантып келет. Бул жаатта 2020-жылы ББжИМ түзүмүнөн мектепке чейинки билим берүү менен окуу китептерин басып чыгаруу маселелери өзүнчө бөлүмдөргө бөлүнүп көзөмөлгө алынгандыгына оң баа берип кароого болот;
- — өзгөчө көңүл бурууну талап кылган функциялар – мисалы, мектеп инфраструктурасынын абалына, жетиштүү сандагы кадрлар менен камсыздалышына мониторинг жасоо, мектептерди жана мектепке чейинки билим берүү мекемелерин жер-жерлерде методикалык камсыздоо функциялары бүгүнкү күндө кошумча, өзүнчө акы төлөнбөгөн жумуш жүгү катары райондук / шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, шаардык билим берүү башкармалыктарынын ж.б. инспекторлоруна өткөрүлүп берилди;
- — штаттык кадр менен камсыз болбогон функциялар – мисалы, билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөөчү инспекция, башкармалык же агенттик жок, ошондой эле КР ББжИМдин курамында мектептеги билим берүүнүн мазмунун караган бөлүм жок;

— иш жүзүндө башкаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган функциялар. Мисалы, билим берүү ишмердүүлүгүнө берилүүчү лицензиянын мөөнөтү чектелбейт жана соттун чечими менен гана жокко чыгарылат. Бул көйгөйдү чечүү үчүн КР ББжИМ лицензиянын аккредитациялоо жыйынтыктары боюнча жокко чыгарылышы үчүн лицензиялоо мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бир нече жолу даярдаган. Бирок КР Өкмөтүнүн бул чечимдеринин долбоорлорун лицензиялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган болгон КР Экономика министрлиги четке кагып келет.

Респонденттердин КР ББжИМдин түзүмүн өзгөртүү боюнча жүргүзүлүп жаткан реформаларга байланыштуу берген жоопторун жалпылап, реформалардын аягына чыкпагандыгын аныктоочу бир нече факторду бөлүп көрсөтүүгө болот:

7. Мамлекет жана коом тарабынан билим берүү тутумунун миссиясын жетиштүү так түшүнбөө;
8. КР ББжИМдин миссиясынын жана ролунун бүдөмүктүгү;
9. Жалпысынан, натыйжасыз башкаруу тутуму – күнүмдүк иштин ашкере көптүгү, чечимдерди кабыл алууда ыкчамдыктын жана мобилдүүлүктүн төмөндүгү.
10. Кызматкерлердин дараметинин төмөндүгү;
11. Мониторинг жана көзөмөл жүргүзүүнүн заманбап тутумунун жоктугу;
12. Каржылоодо жана мотивациялоодо эркиндиктин жоктугу;
13. КР ББжИМ кызматкерлеринин арасында так иерархиянын жана өз ара мамиле куруу тутумунун жоктугу. Бирок респонденттердин көпчүлүгү реформалардын ийгилигине таасир этиши мүмкүн болгон бир катар шарттарды белгилешет:
    4. Саясий эрктин болушу;
    5. Бардык инновацияларды каржылык жактан колдогон финансылык каражаттардын, институцтук ресурстардын, мамлекеттик же донордук түзүмдөрдүн болушу;
    6. Жүргүзүлүп жаткан реформаларды жана кайра түзүмдөштүрүүнү коомдун колдоого алуусу жана булар боюнча терең маалыматка ээ болуусу.

Жалпысынан тышкы бенефициарлардын жана эксперттердин КР ББжИМ тарабынан аткарылышы керек болгон функциялар боюнча ой-пикирлери бирдей. Алардын айтымында, КР ББжИМдин негизги функцияларына төмөнкүлөр кириши керек:

- ✓ **Билим берүү саясатын түзүү** дегенде респонденттер билим берүү процесстерин талдоонун жана прогноздоонун негизинде, өлкөдөгү жана дүйнөдөгү стратегиялык максаттарды эске алуу менен билим берүү саясатынын максаттарын жана милдеттерин иштеп чыгууну түшүнүшөт.
- ✓ **Стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу** белгилүү бир максаттарга жана милдеттерге негизделген узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү документтерди жана ушул максаттарга жетүү үчүн пландарды иштеп чыгуу.
- ✓ **Ченемдик жана жөнгө салуучу документтерди**: стандарттарды, жоболорду, нускамаларды, мыйзам долбоорлорун ж.б. иштеп чыгуу жана бекитүү.
- ✓ **Билим берүү уюмдарынын жана органдарынын ишин координациялоо** - ар кандай билим берүү уюмдары менен органдарынын өз ара байланышын жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу.

- ✓ **Билим берүүнүн сапатын кепилдөө** - билим берүү тутумунун сапат боюнча критерийлерин жана стандарттарын аныктоо.
- ✓ **Кадр саясаты** - кызматтык өсүш, кадрдык резерв, HR-менеджмент принциптерин киргизүү, мугалимдердин, окутуучулардын, башкаруучу жана илимий кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүү.
- ✓ **Финансылык саясат** - каржы башкаруу тутумун түзүү, билим берүү саясатын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү.
- ✓ **Методикалык жана консультативдик жардам**

Билим берүү министрлигинин функцияларын өткөрүп берүү маселеси боюнча "тышкы эксперттер" тобунун респонденттери айрым функциялар аутсорсингге берилиши мүмкүн же мамлекеттик-жеке өнөктөштүк режими болушу мүмкүн деп эсептешет. Мындай функцияларга төмөнкүлөр кирди:

- ✓ Аккредиттөө маселелери
- ✓ Лицензиялоо маселелери
- ✓ Окутуучулардын, мугалимдердин, административдик жана методикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу.
- ✓ Билим берүүнүн мазмунуна байланыштуу, айрыкча окуу пландары менен программаларын түзүү жаатындагы меселелер.
- ✓ Ар кыл органдар менен кат алышуу, өзгөчө борбордук аппараттын жүгүн жеңилдетип, ар кыл суроолорго жооп берүү, бул милдеттерди райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө өткөрүп берүү.
- ✓ Изилдөөчү, аналитикалык суроолордун бир бөлүгү.
- ✓ Окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу процессинин бир бөлүгү.
- ✓ Мониторинг тутуму.

## Сунуштар

Жогоруда айтылгандарды, эксперттер менен маектешүүнүн жыйынтыктарын жана министрликтин мурунку реформаларынын тажрыйбаларын эске алуу менен, авторлор министрликтин функциялык аппаратын модернизациялоо боюнча бир катар сунуштарды иштеп чыгышты. Бул модернизациялоонун негизги максаттары төмөнкүдөй милдеттерге жетишүү: мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, билим берүү мекемелеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын автономиясына мамлекеттин ашыкча жөнгө салып, ашыкча кийлигише берүүсүн жоюу, Билим берүү жана илим министрлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу. **Сунуштар:**

**Сунуш 1.** КР ББжИМдин мамлекеттик башкаруу жана билим берүү тутумундагы өз көз карашын жана миссиясын, ошондой эле КР ББжИМдин ТӨУСке жана ӨӨСке ылайык Кыргыз Республикасын өнүктүрүүдөгү ролун аныктоо. Көз карашты жана миссияны иштеп чыгууда мамлекеттин КР Конституциясындагы милдеттенмелерине таянуу керек.

**Сунуш 2.** Министрликтин учурдагы функцияларын инвентаризациядан өткөрүү керек. Учурдагы функцияларды инвентаризациялоо КР ББжИМдин аныкталган жана бекитилген миссиясына жана көз карашына ылайык жүргүзүлүшү керек, ага төмөнкүлөр кирет:

- КР ББжИМдин гана милдети болуп саналган функцияларды аныктоо; определение функций, которые должны являться исключительной обязанностью МОН КР;
- *билим берүү жана илим жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү жана башкарууну жүзөгө ашыруучу, билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруучу*, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана өлкөнүн мыйзамдары менен аныкталган ыйгарым укуктарга ылайык Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга болгон конституциялык укугун камсыз кылган *аткаруу бийлигинин борбордук органы катары министрликтин милдеттеринен түздөн-түз келип чыкпаган* функциялардан баш тартуу.
- иштелип чыккан жол-жобого ылайык, функциялардын бир бөлүгүн аныктоо жана аутсорсинг менен МЖӨ шарттары боюнча өткөрүп берүү;
- министрликтин борбордук аппаратынын бир катар функцияларын борбордон ажыратуу.

Бул отчеттун авторлору КР ББжИМ жөнүндө жобого ылайык, учурдагы функцияларды талдап чыгышкан жана 1-Тиркемеге кайрылууну сунушташат. Анда учурдагы функцияларды, анын ичинде мамлекеттин ТӨУС -2040та белгиленген ролуна ылайык, КР ББжИМ жаңы ролу боюнча аутсорсингге берилиши керек болгон бөлүктү жана алынып салынышы керек болгон жана КР ББжИМ үчүн мүнөздүү эмес бөлүктү ж.б. Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча, авторлор КР ББжИМ үчүн төмөнкү негизги функцияларды аныктоону сунуш кылышат:

I. ***Билим берүү саясатын түзүү***, тактап айтканда, өлкөнүн жана глобалдык дүйнөнүн стратегиялык максаттарын эске алуу менен билим берүүдөгү процесстерди талдоо жана прогноздоонун негизинде билим берүү жаатындагы саясаттын максаттарын жана милдеттерин иштеп чыгуу.

II. ***Стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу***. Белгилүү бир максаттарга жана милдеттерге таянуу менен ушул максаттарга жетүү үчүн узак жана кыска мөөнөттүү документтерди жана пландарды иштеп чыгуу.

III. ***Нормативдик-ченемдик документтерди***, анын ичинде стандарттарды, жоболорду, нускамаларды, мыйзам долбоорлорун ж.б. **иштеп чыгуу жана бекитүү.**

IV. ***Билим берүү уюмдарынын жана органдарынын ишин координациялоо***, тактап айтканда, ар кандай уюмдар менен билим берүү органдарынын ортосундагы өз ара байланышты, өз ара мамилелерди жана үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу.

V. ***Кадр саясаты*** - кызматтык өсүш, кадрдык резерв, HR-менеджмент принциптерин киргизүү, мугалимдердин, окутуучулардын, башкаруучу жана илимий кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүү.

VI. ***Финансылык саясат*** - каржы башкаруу тутумун түзүү, билим берүү саясатын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү.

VII. ***Методикалык жана консультативдик жардам.*** ББжИМдин жана жалпы билим берүү тутумунун бенефициарлары үчүн билим берүү саясатын ишке ашырууда методикалык жана консультативдик жардам көрсөтүү.

**Сунуш 3.** Ички жана тышкы кызыкдар тараптар менен функцияларды инвентарлоо боюнча көз караш, анын миссиясы жана натыйжалары жөнүндө кеңири талкуу жүргүзүү. Талкууну КР ББжИМдин ТӨУСте билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу орган катары аныкталган жаңы ролуна таянуу менен жүргүзүү керек.

**Сунуш 4.** Кызыкдар тараптар менен талкуу аяктагандан кийин тиешелүү мыйзамдык жана ченемдик-укуктук актыларга, биринчи кезекте КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, КР "Илим жөнүндө" мыйзамына, "Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө" жобого ж.б. тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү керек.

**Сунуш 5.** Министрликтин оптималдуу түзүмү Министрликтин өзгөчө милдеттерине кире турган функцияларга, ошондой эле коом жана башка структуралар менен өз ара аракеттенүү зарылдыгына ылайык аныкталууга тийиш. КР ББжИМдин жаңыланган түзүмүндө төмөнкүдөй негизги тыянактар эске алынышы керек:

- КР ББжИМдин түзүмүн өзгөртүү боюнча буга чейинки аракеттердин тажрыйбасы, атап айтканда 2002- жана 2016-жылдардагы демилгелер.
- КР ББжИМдин бул изилдөөгө катышкан ички жана тышкы бенефициарларынын 2002- жана 2016-жылдардагы аракеттерди жалпысынан кайра түзүмдөштүрүүнүн туура вектору болгон деп кабыл алышы көпчүлүк тарабынан кызыгуу менен кабыл алынды.
- КР ББжИМ кызматкерлери менен тышкы бенефициарлардын КР ББжИМдин учурдагы иш-аракеттери натыйжасыз жана оптималдуу эмес экендиги жана министрликтин функционалы менен түзүмүн бир кыйла өзгөртүү зарылдыгы жөнүндө жалпы түшүнүккө ээ болуусу.

**КР ББжИМдин жетекчилигинин кароосуна КР ББжИМдин жаңыланган түзүмү боюнча 3 сунуш (схемалар)**

Аналитиктердин тобу чечим кабыл алуучу адамдарга аналитиктердин көз карашы боюнча жүргүзүлгөн функциялык анализдин жыйынтыктарын жана башкаруунун функциялык багыттагы үлгүсүнүн негизги концептуалдык ыкмаларын чагылдырган, учурдагы мыйзамдарга, ошондой эле билим берүү тутумунун стратегиялык максаттарына, милдеттерине жана заманбап талаптарына шайкеш келген, стратегиялык документтерде бекитилген үч схеманы сунушташууда. Отчёттун авторлору төмөнкүлөрдү такташты:

- бул схемаларга көпчүлүк учурларда аутсорсингге сунуш кылынган бөлүмдөр, башкармалыктар, функциялар киргизилген жок;
- схемаларда ушул отчетто келтирилген бардык тыянактарды жана сунуштарды эске алуу менен ишти кайра форматташтырууга мүмкүндүк бере турган концептуалдык өзгөрүүлөр көрсөтүлгөн. Бирок КР ББжИМдин акыркы түзүмүн КР ББжИМдин жетекчилиги аныкташы керек, анткени түзүм КР ББжИМдин билим берүү тутумундагы дагы аныкталууга тийиш болгон көз карашына, миссиясына, ролуна жана саясатына түздөн-түз көз каранды болушу керек;
- бөлүмдөрдүн жана түзүмдөрдүн аталыштары КР ББжИМ жетекчилигинин чечими менен өзгөртүлүшү мүмкүн, бирок бул бөлүмдөрдүн төмөндө келтирилген концептуалдык функцияларына таянуу сунушталат.

КР ББжИМдин түзүмү биринчи кезекте билим берүү тутумундагы КР ББжИМдин көз карашын жана миссиясын чагылдырышы керек деген тыянакка таянсак, келечекке пландаштырылган билим берүү саясатын түшүнүү үчүн борбордук аппараттагы мүмкүн болгон түзүмдүк өзгөрүүлөрдү КР ББжИМдин жетекчилиги менен талкуулоо өтө маанилүү болду. Буга байланыштуу №1 Схемада жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары, ошондой эле КР ББжИМ жетекчилигинин борбордук аппараттын билим берүү жаатындагы саясаты боюнча көз карашы эске алынган. Бул схеманын (ошондой эле калган экөөнүн да) негизги өзгөчөлүгү КР ББжИМ ичинде билим берүү жаатында мамлекеттик саясатты калыптандырууга багытталган өзүнчө борбордук бутакты – ушул тапта мекеменин ишмердигинде жок болуп жаткан функцияны түзүү болуп саналат. Бул бутакты саясатты иштеп чыгуу, өнүктүрүү, көзөмөлдөө жана баалоо боюнча министрдин орун басары башкарат. Министрдин жаңы орун басарынын көзөмөлүндө негизги үч башкармалык болот:

- *Билим берүү жаатындагы саясатты түзүү, пландаштыруу, өнүктүрүү, көзөмөлдөө жана баалоо башкармалыгы.* Бул бөлүм башка башкармалыктардан жана бөлүмдөрдөн, ошондой эле КР ББжИМге караштуу мамлекеттик мекемелерден алынган маалыматтардын негизинде билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу менен алектенет. Башкармалык башка бөлүмдөр жана ведомстволор мамлекеттик саясатты канчалык деңгээлде ишке ашырып жаткандыктарына мониторинг жүргүзүү жана баалоо функцияларын да аткарат.
- *Долбоорлорду ишке ашыруу, инвестиция тартуу жана санариптештирүү башкармалыгы.* Башкармалыктын ишинин негизги багыттары: иштелип чыккан мамлекеттик саясатка таянуу менен билим берүү жаатындагы инновацияларды иштеп чыгуу; инновацияларды киргизүү жана мамлекеттик саясатты ишке ашыруу үчүн инвестицияларды жана донорлорду издөө; КР ББжИМдин, ошондой эле жалпы билим берүү тутумунун ишмердүүлүгүнө санариптештирүүнү киргизүү.
- *Сапатты камсыздоо башкармалыгы.* Иш-аракеттердин негизги багыттары: сапатты камсыздоо жаатында бирдиктүү саясатты калыптандыруу, саясаттын аткарылышын контролдоо жана баалоо, лицензиялоо жана аккредиттөө жаатында саясатты ишке ашырууга түздөн-түз катышуу.

Бул схемадагы олуттуу өзгөрүү катары башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнү башталгыч жана орто кесиптик билим берүү боюнча бирдиктүү бөлүмгө бириктирүү саналат. Бул башкармалыкты түзүү үчүн, биринчи кезекте, ушул деңгээлдеги административдик тутумду оптималдаштыруу, тактап айтканда, БКББАны оптималдаштыруу, ошондой эле башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн ортосунда жол улоочулук саясатын калыптандыруу зарылчылыгы өбөлгө болду. Ошентип, БКББАнын түзүмү өзүнчө мамлекеттик мекеме катары жоюлат.

**Схема 1**




**Эскертүү:**
КР УИА менен жана КР Өкмөтүнүн алдындагы ЖАК менен иш алпаруу Жогорку кесиптик билим берүү жана илим башкармалыгына жүктөлөт деп болжолдонууда.
Ошол эле учурда, Билим берүү жаатындагы саясатты калыптандыруу, пландаштыруу, өнүктүрүү, контролдоо жана баалоо башкармалыгы КББАнын, РПККДИнин жана мурда БКББАга баш ийген мекемелердин ишин координациялайт деп пландалууда.

**№2 схемадагы жаңылыктар:**

1. Билим берүүдөгү мамлекеттик саясат бөлүмү. Схема билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты калыптандырууда жана жүзөгө ашырууда ББжИМдин ролун олуттуу күчөтүүгө негизделген – анализдин корутундусу катары эсептелиши керек болгон негизги өзгөрүү. Түзүмдүк жактан алганда, бул Билим берүүдөгү мамлекеттик саясат боюнча башкармалыкты жана министрдин мамлекеттик саясат жана санариптештирүү боюнча орун басары кызматын киргизүүдөн көрүнөт. Акыркы кызмат орду боюнча айта кетсек, бул позиция министрдин орун басарынын ролунда билдириши шарт эмес. Борбордук аппараттын жетекчисинин каалоосу боюнча, ББжИМдин ичинде билим берүү жаатындагы саясатты иштеп чыгууда негизги багыт болот деген негизги концепцияны сактоо менен өзүнчө департаментти түзсө болот.

Эгерде буга чейин Министрликтин саясаты менен стратегиясы билим берүү саясаты жаатында гана документтердин жүгүртүлүшүн камсыз кылган сектор тарабынан сунушталса, болжолдонуп жаткан ыкма боюнча мындан ары саясатты башкаруу түзүмү мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун толук циклин чагылдырат:

- Стратегиялык пландаштыруу жана баалоо бөлүмү. Бул бөлүмдүн милдеттери пландаштыруу процессин уюштуруу болуп саналат, ал стратегиялык максаттарды жана аларды ишке ашыруу процессин министрликтин ичинде да, кызыкдар тараптардын (стейкхолдерлер) кеңири чөйрөсүндө да кеңири талкуулоону камтыйт.
- Аналитикалык сектор. Сектордун милдеттерине билим берүү саясатын жүзөгө ашыруунун натыйжаларын мониторингдөө, баалоо жана талдоо кирет. ББжИМдин өздүк маалымат тутуму (ИСУО + отчеттуулуктун башка формалары) жана ББжИМге караштуу мекемелер жана башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан берилүүчү ири көлөмдөгү маалымат менен иштөөгө жөндөмдүү кызматкерлер иш алып барышары болжолдонууда. Ошондой эле аналитикалык сектор мамлекеттик эмес агенттиктер, донорлор жана бейөкмөт уюмдар тарабынан ишке ашырылып жаткан программалардын жана долбоорлордун алкагында топтолгон маалыматтарды бириктирет (агрегациялайт).
- Билим берүүдөгү санариптештирүү, инновация жана жаңы технологиялар бөлүмү. Бул бөлүмдүн милдеттерине билим берүү тутумуна жаңы технологияларды киргизүү боюнча билим берүү тутумунун артыкчылык берилүүчү узак мезгилдүү ишин жүзөгө ашыруу, бардык деңгээлдеги билим берүү кызматкерлеринин технологиялык компетенттүүлүгүн жогорулатуу жана анын аркасы менен окуучулардын, студенттердин жана жалпы калктын маалыматтык сабаттуулугун жогорулатуу кирет.
- Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясаты сектору. Изилдөөнүн жүрүшүндө мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иштеп жаткан сектордун иши олуттуу сын-пикирлерге кабылгандыктан, ошол эле учурда мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу маанисин түшүнгөндүктөн, биз мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн көйгөйүн тил саясатынын көйгөйлөрү жана билим берүү тутумунун өнүгүшүнүн жалпы контексти менен тематикалык жактан байланыштырууну сунуштайбыз (бир гана мамлекеттик тилге басым

жасалбастан, жалпы өлкө боюнча көп тилдүү билим берүүгө да басым жасалышы керек).

- Кесиптик билим берүүдөгү үзгүлтүксүздүк жана кесиптик башталгыч билим берүү тутумун кесиптик билим берүү башкармалыгынын жалпы түзүмүнө киргизүү. БКББ чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдүн өзгөчөлүгүн моюнга алуу менен изилдөөнүн катышуучуларынын артынан кесиптик билим берүүнүн бардык баскычтарынын үзгүлтүксүздүгүн түзүү абдан маанилүү.

2. ББжИМдин борбордук аппаратынын деңгээлдик үлгүсү 2-схема боюнча төмөндөгүдөй тартипте:
   - Министр
     - Статс-катчы: 1 министрдин орун басары,
     - Билим берүүдөгү мамлекеттик саясат жана санариптештирүү боюнча министрдин орун басары
     - Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү боюнча министрдин орун басары
     - Кесиптик билим берүү боюнча министрдин орун басары
       - Башкармалык 1
       - Башкармалык 2
       - Башкармалык…
         - Бөлүмдөр жана секторлор

Бул логикада статс-катчы жана ведомстволук башкармалыктар, бөлүмдөр жана кызматтар ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары ББжИМдин ишмердүүлүгүн, анын ишинин максаттары менен милдеттери билим берүүнүн белгиленген саясатына жана жол-жоболоруна шайкеш келишин, мыйзамдуулукту, отчеттуулукту жана ачыктыкты камсыз кылууга жооптуу болуп саналышат.

Билим берүүдөгү мамлекеттик саясат жана санариптештирүү боюнча министрдин орун басары жана ага баш ийген башкармалык системанын өнүгүшү үчүн жана заманбап дүйнөнүн чакырыктарына жооп берүү үчүн милдеттүү.

Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү боюнча министрдин орун басарлары, ошондой эле кесиптик-техникалык билим берүү жана илим боюнча орун басары жана алардын ведомстволук башкармалыктары тутумдун күнүмдүк ишин, менчиктин бардык түрүндөгү билим берүү уюмдары менен кайтарым байланышты, ошондой эле стратегиялык пландардын аткарылышын камсыз кылат.

3. 1- жана 2- Блок-схемалардын айырмачылыгы

Схемалар бири-биринен илимди жана илимий мекемелерди башкаруу бөлүгүндө айырмаланат. Ыйгарым укуктуу орган илимди кандайча жол менен башкарыш керек: илимий уюмдарды өнүктүрүү жана багыттоо жолу мененби же илим-изилдөө топтору кандайча уюшулгандыгына (гранттар жана буйрутмалар ж.б. механизмдер аркылуу) карабастан, илимий изилдөөлөрдү колдоо жолу мененби – кыска мөөнөттүү келечекте эки схема менен көрсөтүлүүчү эки чечим чыгарылышы мүмкүн.

**2- Схема**


Министр
Мектепке чейинки, мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү боюнча министрдин орун
Мектепке чейинки билим берүү башкармалыгы
Мектептик билим берүү башкармалыгы
Эл аралык мамилелер башкармалыгы
Кесиптик билим берүү жана илим боюнча министрдин орун басары
Баштапкы жана орто кесиптик билим берүү башкармалыгы
Жогорку кесиптик билим берүү башкармалыгы
Илим боюнча бөлүм
Статс-катчы
HR- менеджмент
Бюджеттик саясат, каржылык анализ жана инвестициялар башкармалыгы
Ченемдик-укуктук камсыздоо башкармалыгы
Коррупциянын алдын алуу башкармалыгы
Документтер менен камсыздоо жана көзөмөлдөө бөлүмү
Билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясат жана санариптештирүү боюнча министрдин орун басары
Билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясат башкармалыгы
Билим берүүнү өнүктүрүүнү стратегиялык пландоо жана баалоо бөлүмү
Аналитикалык сектор
(мониторинг жасоо, баалоо жана билим берүүдөгү саясатты ишке ашыруунун жыйынтыктарын талдоо)
Мамлекеттик саясатты калыптандыруу жана чечимдерди кабыл алуу үчүн маалыматтарды топтоо жана ББжИМге өткөрүп берүү
Билим берүүдөгү санариптештирүү, инновациялар жана жаңы технологиялар бөлүмү
Мамлекеттик тилди жана тил саясатын өнүктүрүү сектору
КББА
ЖАК жана УИА
РПККДИ
Райондук/ шаардык билим берүү бөлүмдөрү

**3-схемада** башкарууну уюштуруу бир аз башкача чагылдырылган жана өзүнө төмөнкү башкарууну камтыйт[5]:

*Билим берүү жаатында мамлекеттик саясат башкармалыгы* (анын ичинде билим берүү уюмдары менен өз ара байланышуу бөлүмү, жергиликтүү башкаруу органдары менен өз ара байланышуу бөлүмү, билим берүүнүн методологиясы жана дидактикасы бөлүмү, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу бөлүмү) – бул бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө жарандардын билим алуу укугун камсыз кылуу жаатындагы мамлекеттик иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, министрликтин жергиликтүү башкаруу органдары, билим берүү уюмдары жана министрликтин карамагындагы аймактык бөлүмдөрү менен өз ара байланышуусу, инклюзивдик билим берүү боюнча иштөө, чоңдорго билим берүү, окуу китептерин чыгарууну координациялоо, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча усулдук иш-аракеттер, лицензия берүү жана аккредитациялоо боюнча иш-аракеттерди координациялоо кирет.

*Санариптик саясат, көлөмдүү маалыматтар жана билим берүүдөгү инновациялар башкармалыгы* (анын ичинде билим берүүнү санариптештирүү боюнча иш-аракеттерди координациялоо, көлөмдүү маалыматтардын тутумунун базасын түзүү, билим берүүдө инновацияларды иштеп чыгуу жана аны колдонуу чөйрөсүн жайылтуу)

*Илимий уюмдардын, илим жаатындагы мамлекеттик саясаттын иш-аракеттеринин өз ара байланышы жана координациялоо, илимий-техникалык ишмердүүлүктү колдоо башкармалыгы* (илим тармагындагы мамлекеттик саясат боюнча иш-аракеттерди координациялоо, илимий-техникалык ишмердүүлүктү колдоо, илим тармагында мамлекеттик гранттарды ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер)

*Укуктук жана жалпы ишмердүүлүк башкармалыгы* (анын ичинде юридикалык кызмат, ченемдик актылар жана мыйзам долбоорлору бөлүмү, канцелярия жана коомчулук менен байланыш)

*Адам ресурстары башкармалыгы* (анын ичинде илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациядан өткөрүү бөлүмү, эл аралык илимий даражаларды таануу жана нострификация, кадрларды рекрутинг кылуу иш-аракеттери, кадрлар резервин түзүү, илим жана билим берүү системасында HR-менеджмент)

*Каржы башкармалыгы* (анын ичинде бухгалтерия, аудит ж.б. кызматтар)

*Стратегиялык, эл аралык жана маалыматтык ишмердүүлүк башкармалыгы* (анын ичинде долбоорлорду иштеп чыгуу, эл аралык донордук уюмдар менен иш алып баруу бөлүмү, стратегиялык, маалыматтык жана аналитикалык бөлүмү)

*Инфраструктура жана административдик иштер башкармалыгы* (анын ичинде билим берүүнүн инфраструктурасы бөлүмү, конкурстук процедуралар бөлүмү, министрликтин ички кызматтары, чарба бөлүмү ж.б.у.с. (административдик бөлүм?)

Отчёттун авторлору министрликти жаңыртуу боюнча 2 вариантты карап чыгууга сунуштайт[6]:

[5] КР ББжИМ негизги ишмердүүлүгүн чагылдыруучу, ошондой эле ББжИМ ички баш ийүү структурасын көрсөтүүчү катары берилген башкармалыктарды негизги блоктор катары кароого берилген. Блоктордун ичинде 2ден 5ке чейин бөлүмдөрдү түзүүгө болот, алардын аталыштары биргеликте макулдалышы керек.

[6] Структуранын эки вариантында башкармалыктардын аталыштары айырмаланышы мүмкүн, бирок башкармалыктардын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары окшош бойдон калат.

**3-схема**


Министр
Санариптешүү, билим берүүнүн жана илимдин мазумуну боюнча министрдин орун басары
Статс-катчы
Каржы, укуктук ишмердүүлүк жана коммуникация боюнча министрдин орун басары
Адамдык ресурстар башкармалыгы
Билим берүү жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу башкармалыгы
Каржы башкармалыгы
Инфраструктура жана административдик иштер башкармалыгы
Укуктук жана жалпы ишмердүүлүк башкармалыгы
Санариптик саясат, көлөмдүү маалыматтар жана билим берүүдөгү инновациялар башкармалыгы
Стратегиялык, эл аралык жана маалыматтык ишмердүүлүк башкармалыгы
Илимий уюмдардын, илим жаатындагы мамлекеттик саясаттын иш-аракеттеринин өз ара байланышы жана координациялоо, илимий-техникалык ишмердүүлүктү колдоо башкармалыгы

Ошентип, үчүнчү схемада авторлор деңгээлдүү башкаруу системасынан баш тартып, түздөн-түз (сквозной) башкарууга өтүүнү сунуш кылышат. Сунушталып жаткан структуранын артыкчылыктары:

- билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде бирдиктүү маселе аныкталат, анын чечилиши бүтүндөй билим берүү системасында түздөн-түз таасирин тийгизет;
- билим берүүнүн бардык деңгээлдеринин ортосундагы байланыш камсыздалып, деңгээлдер аралык үзгүлтүк маселеси четтетилет;
- кызматкерлердин бир деңгээлде тар адистешүүсү жоюлуп, кызматкерлердин ар кандай деңгээлдеги ыйгарым укуктары кеңейип, билим берүү системасынын бардык деңгээлдери боюнча жалпысынан түшүнүккө ээ болушат.

Берилген структуранын иштеши боюнча төмөнкү тоскоолдуктар жаралышы мүмкүн:

- адистешкен кызматкерлерди жоготуп алуу

Ишке ашыруу боюнча жарала турчу жалпы кыйынчылыктар:

- Өкмөттүн алмашуусу
- Коллективдин каршылыгы
- Айрым функцияларды жана ыйгарым укуктарды аутсорсинг кылуудан, ошондой эле аларды кыскартуудан пайда болуучу бийлигин жоготуп алуу коркунучу
- Тышкы бенефициарлар тарабынан түшүнбөстүктөр
- Белгиленген ББжИМ жаңы функцияларын ишке ашыруу үчүн иштеп жаткан кызматкерлердин квалификациясынын жетишсиздиги

**6-Сунуш.** КР ББжИМ адам ресурстарын башкаруу системасын түзүү (АРБ же HR-менеджмент). Берилген башкармалыкты ачуу үчүн адамдык ресурстарды башкаруу системасын эффективдүү түзүү максатында жетиштүү каржылоо аркылуу жаңы кызматкерлерди (иштеп жаткандардын арасынан эмес) алуу керек экенин түшүнүү маанилүү. HR-менеджмент дайымкы негизде түзүлүшү керек жана берилген башкармалыктын **алгачкы тапшырмалары (!)** төмөнкүлөр болушу керек:

- КР ББжИМ жаңы ролу, миссиясы жана көз карашына ылайык ББжИМ ар бир башкармалыктын жаңы функционалдык милдеттенмелерин иштеп чыгуу жана инвентаризациялоо. Функционалдык милдеттенмелердин алгачкы варианты АРБ тарабынан иштелип чыгуусу абзел, андан кийин ички бенефициарлардын кеңири чөйрөсүндө талкуулануусу керек;
- Иштеп жаткан кызматкерлердин жөндөмүн аныктоо максатында ББжИМ бардык кызматкерлерин КР ББжИМ жаңы структурасына жана жаңы функционалдык милдеттенмелерине байланыштырып баалоо. Жүргүзүлгөн баалоонун негизинде *кызматкерлердин жөндөмүнө жараша* кызматкерлерди бөлүмдөргө бөлүштүрүүнүн варианттарын сунушташы керек. Ошол эле учурда, ага жүктөлө турган жаңы функционалдык милдеттенмелердин толук аткарылышын камсыз кылуу үчүн ар бир кызматкер квалификациясын жогорулатуу боюнча кандай курстарга баруусу керек экендигине сунуштар берилиши керек.
- КР ББжИМ жаңы функционалдык милдеттенмелерине ылайык бардык кызматкерлерди кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу. КР ББжИМ жаңы структурасы КР ББжИМ ишмердүүлүгүн толугу менен жаңы көз караштa кароо керек экенин түшүнүү маанилүү, иштеп жаткан кызматкерлер ага жүктөлө турган жаңы функционалдык милдеттенмелерди аткаруу үчүн милдеттүү түрдө кайрадан даярдалышы керек.

Белгилей кетчү жагдай, 2002-жылы жүргүзүлгөн функционалдык талдоонун жыйынтыгы боюнча берилген негизги сунуштардын өзөгүн HR-менеджментти түзүү сунушу болгон. Жүргүзүлүүчү функционалдык реформанын натыйжалуулугун арттыруу максатында берилген кадам сөзсүз аткарылышы керектиги билдирилген. Бирок азыркы убакка чейин бул сунуш ишке ашкан эмес жана азыркы күндө да өз актуалдуулугун жогото элек. Эффективдүү АБР системасы түзүлбөсө, учурдагы кадрларды башкаруу системасын түп-тамырынан өзгөртпөсө, КР ББжИМ структурасын реформалоо (кандай гана жаңы структуранын варианты болбосун) жана аны ишке ашыруу *натыйжа бербестигин* отчеттун авторлору белгилейт.

**7-сунуш**. Бардык сунушталган кадамдар менен биргеликте жүрүп жаткан жаңылаануу боюнча түшүндүрүүчү маалыматтык программалар министрликтин ичинде жана анын сыртында жүргүзүлүп турушу керек. Аталган кадам жүрүп жаткан реформанын ийгилигин аныктоочу жана милдеттүү болуп саналат. Министрликтин өзүнүн кызматкерлери жүрүп жаткан реформаларды түшүнбөсө, өзүн таандык деп эсептебесе, жүрүп жаткан иш-аракеттерди кабыл албоо жана четке кагуу, ошондой эле саботаж кылууга алып келүүсү мүмкүн. Ошондуктан, реформанын башталышында ар бир кызматкер реформанын максатын түшүнүп, КР ББжИМ жаңы көз карашын колдоп жана көтөрүлүп жаткан демилгегенин ийгиликтүү ишке ашуусуна өз салымын кошуу маанилүү болуп саналат.

Ошону менен бирге болжолдонуп жаткан реструктуризациялоо төмөнкү 4 принципти эске алуу менен иштелип чыккандыгын түшүнүү маанилүү:

- КР ББжИМ кызматкерлеринин түзүмүнүн көпчүлүк бөлүгүн сактап калуу принциби;
- КР ББжИМ учурдагы каржылоо көлөмүн сактап калуу принциби, АБР сарптала турган каражаттардын көбөйүшүнөн тышкары, ошондой эле АБР өткөргөн баалоонун жыйынтыктары боюнча ар бир кызматкердин квалификациясын жогорулатууну эске албаганда;
- Жетекчиликтин коллектив менен кайтарым байланышынын тутумдуу болуусу принциби;
- КР ББжИМ ыйгарым укуктарын кеңейтпөө принциби

## Тиркеме 1. 2040-жылга чейинки Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аныкталган КР ББжИМ жаңы ролунун контекстинде мыйзамдык жана укуктук-ченемдик документтердин жоболоруна ылайык мамлекеттин жана КР ББжИМ аткарган функциясын жана компетенттүүлүгүн анализдөө

Берилген таблицада Кыргыз Республикасынын Конституциясында аныкталган мамлекеттин билим берүүгө багытталган негизги милдеттеринин алкагында мамлекеттин компетенттүүлүгүнүн жана КР ББжИМ аткарган функциясынын салыштырмалуу анализи сунушталат. Анализ жети негизги позицияга ылайык жүргүзүлгөн:

1. КР Конституциясына ылайык мамлекеттин билим берүү тармагындагы биринчи милдети: **Түрдүү билим алуу укугун камсыздоо маселеси**;
2. Мамлекеттин билим берүү тармагындагы экинчи милдети: **Илим тармагына колдоо көргөзүү маселеси**;
3. КР Конституциясына ылайык мамлекеттин билим берүү тармагындагы үчүнчү милдети: **Билим берүүнүн бардык деңгээлинде жарандардын квалификациясын жогорулатуу**;
4. КР ББжИМ компетенттүүлүгүнө таандык болбогон же КР ББжИ милдеттенмеси катары КР Конституциясына таянабаган компетенттүүлүгү, ошондой эле аутсорсинге берүү мүмкүн;
5. КР ББжИМ башка функциясына каршы келген КР ББжИМ компетенттүүлүгү жана функциясы;
6. Бири-бирин кайталаган функциялары же компетенттүүлүгү;
7. Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында (ТӨУС), ошондой эле 2040-жылга чейин Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында (ББӨС) аныкталган КР ББжИМ аткарган жаңы ролуна дал келбеген функциялары, о.э аларды аутсорсинге берүү мүмкүн;

<u>*Отчеттун авторлору айрым компетенттүүлүктөргө жана функцияларга кашаанын ичинде курсив форматында жана алдын сызуу аркылуу түшүндүрмө беришкен.*</u>

| КР Конституциясына ылайык мамлекеттин милдеттенмеси | КР мыйзамдары | Стратегиялык документтер<br><br>(ТӨУС, ББӨС 2040) | Жоболор |
|---|---|---|---|
| КР Конституциясына ылайык мамлекеттин билим берүү тармагындагы биринчи милдеттенмеси:<br><br>**Түрдүү билим алуу укугун камсыздоо маселеси ,** | — Мамлекеттик билим берүү саясатын, билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын калыптоо жана аны ишке ашыруу, бул тармактагы приоритеттерди аныктоо *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— Билим берүү тармагындагы мамилелерди жалпы мамлекеттик деңгээлде укуктук жөнгө салуу *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— Билим берүү тармагына байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын аткарууну көзөмөлдөө *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ) (2-п.кайталоо)*;<br>— Мамлекеттик бюджеттин билим берүүгө кеткен чыгымдар бөлүмүн нормативдик негизде түзүү, билим берүү системасын каржылоо тартибин аныктоо *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ);*<br>— Билим берүү уюмдарын лицензиялоо *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ);*<br>— Аккредиттөөчү агенттиктердин ишмердүүлүгү боюнча маселелер, аккредиттөөчү агенттиктердин реестрин жүргүзүү, Улуттук аккредиттик кеңештин ишмердүүлүгү;<br>— Мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ);*<br>— Лицензиялоо, тестирлөө, аккредитациялоо институттары аркылуу билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ);*<br>— Баштапкы кесиптик билим берүү боюнча тең укуктуу өкүлчүлүктөрү бар жумуш берүүчүлөр, профессионалдык союз жана мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнөн турган үч тараптуу координациялык комиссия түзүү *(“Кесиптик билим берүү жөнүндө” КРМ );*<br>— Жарандардын баштапкы кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү | 16. Мектепке чейинки тарбия менен толук камсыз кылуу максатында билим берүү мекемелерин куруу;<br><br>17. Табигый илимдер боюнча, тил жана предметтер аралык даярык жүргүзүү;<br><br>18. «Келечек мектеби» улуттук долбоору;<br><br>19. Учурдагы кызмат көрсөтүү провайдеринен жөнгө салуу ролуна өтүү аркылуу билим берүү саясатын, нормаларын, чектерин иштеп чыгуу, кадрларды даярдоо жана кардарлардын укугун коргоо<br><br>20. “3-200-2040” программасы;<br><br>21. Мектептерди интернет менен камсыз кылуу жана санариптештирүү долбоору;<br><br>22. PISA долбоору;<br><br>23. Мектептерди профилдештирүү долбоору;<br><br>24. Мектепке чейинки билим берүүнү нормативдик-бюджеттик (киши башына) каржылоо долбоору<br><br>25. Милдеттүү жалпы орто билим берүүгө өтүү долбоору;<br><br>26. “Мектепте билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү улуттук системасы (МББСКУС)” долбоору | — инсандын сезими ж жана өсүшкө турган, к калыптан багыттал коопсуз берүү ша камсызда билим системасы түзүү;<br>— билим сапатын жогорула |

| | | |
|---|---|---|
| | *(“Кесиптик билим берүү жөнүндө” КРМ);*<br>— Баштапкы кесиптик билимди биринчи алып жатса, билим алууну мамлекеттик окуу жайларда акысыз кылуу *(“Кесиптик билим берүү жөнүндө” КРМ );*<br>— Билим берүү уюмдарында баштапкы кесиптик билим алууга, жалпы орто билим алууга, керектүү учурларда – негизги жалпы билим алууга шарт түзүп берүү *(“Кесиптик билим берүү жөнүндө” КРМ );* | 27. “Жаңы мектеп – келекчектин мектеби” улуттук долбоору. |
| Мамлекеттин билим берүү тармагындагы экинчи милдети:<br><br>**Илим тармагына колдоо көргөзүү маселеси** | — ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан, бардык билим берүү уюмдарына жалпы окуу-илимий-усулдук жактан жетекчилик кылуу *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— кесиптик билим берүүнүн үзгүлтүксүз жана улантуучулугун камсыз кылган окуу-илимий-өндүрүштүк бирикмелерди иштеп чыгууга көмөктөшүү; | — “Улуттук ЖОЖдук илим” долбоору. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| КР Конституциясына ылайык мамлекеттин билим берүү тармагындагы үчүнчү милдети:<br><br>**Билим берүүнүн бардык деңгээлинде жарандардын квалификациясын жогорулатуу;** | — мыйзам тарабынан ага берилген ыйгарым укуктардын чектеринде кадр саясатын жүзөгө ашыруу *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— республиткалык бюджеттен каржыланган мамлекеттик мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, мектептердин, балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын мектептен тышкаркы, атайын жана кошумча билим берүү уюмдарынын, кесиптик башталгыч жана кесиптик орто билим берүү окуу жайларынын жетекчилерин дайындоо *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— мамлекеттик билим берүү, жалпы билим берүү, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын мектептен тышкаркы, атайын жана кошумча билим берүү бардык типтеги уюмдардын мугулимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*; | — “Улуттук кадрлар резерви” долбоору;<br>— «Методист» программасы | — илимий и<br>өнүгүшү<br>механизм<br>менен ша<br>түзүү |
| **КР ББжИМ компетенттүүлүгүнө таандык болбогон же КР ББжИ милдеттенмеси катары КР Конституциясына таянабаган компетенттүүлүгү, ошондой эле аутсорсинге берүү мүмкүн** | — мамлекеттик каржылоо үчүн улуттук жана региондук маанидеги мамлекеттик жогорку окуу жайларынын тизмесин аныктоо *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— билим берүү уюмдары үчүн кесиптердин жана адистиктердин тизмесин аныктоо *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— камкорчулук жана билим берүү кыймылдарына колдоо көрсөтүү жана аларды өнүктүрүү *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*;<br>— билим берүү тутумун маалыматтар менен камсыз кылуу, окуу адабияттарын жана окуу куралдарын бастыруунү жана чыгарууну уюштуруу *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*; | | |

| | |
|---|---|
| | — башталгыч кесиптик билим берүүнүн сапатын мамлекеттик көзөмөлдөөгө алуусун камсыздоо *(“Кесиптик билим берүү жөнүндө” КРМ );* |
| **КР ББжИМ башка функцияларына каршы келген КР ББжИМ компетенттүүлүгү жана функциялары** | |
| **Бири-бирин кайталаган функциялары же компетенттүүлүгү** | — билим берүү тармагын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик жана эл аралык программаларды ишке ашырууга жана иштеп чыгууга катышуу *(«Билим берүү жөнүндө» КРМ)*; *(берилген компетенттүүлүк “Мамлекеттик билим берүү саясатын, билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясын түзүү жана жүзөгө ашыруу, бул чөйрөдөгү артыкчылыктарды аныктоо” компетенттүүлүгү менен үндөш)* |

**Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында (ТӨУС), ошондой эле 2040-жылга чейин Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында (ББӨС) аныкталган КР ББжИМ аткарган жаңы ролуна дал келбеген функциялары, о.э аларды аутсорсинге берүү мүмкүн**

## Тиркеме 2. КР ББжИМдин түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук органдарынын, карамагындагы уюмдар жана мекемелердин функцияларын салыштыруу

| № | Аткарылуучу функциялардын тизмеси | Функцияны аткаруучу түзүмдүк бөлүмдүн аталышы | Функцияны ишке ашыруу үчүн талап кылынган практикалык иш-аракеттердин тизмеси | Функцияны аткаруудан кийинки жыйынтыкты кыскача баяндоо |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| | а) **тармактык саясат жагындагы функциялары:** | | | |
| 1. | - төмөнкүлөр боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте кароого коюу: Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүү жагында мамлекеттик саясаттын стратегиялык багыттары жөнүндө сунуштарды; | **Борбордук Азиянын (БА) деңгээлинде:** ББжИМ Мониторинг, өнүгүү, стратегиялык пландоо бөлүмү, ББжИМ түзүмдүк жана ведомстволук подразделениелери менен биргеликте | Подразделениялар арасында өз ара аракеттенүүсүн аныктоо, Индикаторлорун, мөөнөтүн, жооптуларды ж.б. камтыган Пландын долбоорун жана сунуштарды иштеп чыгуу | Бардык багыттагы билим берүү деңгээлин камтыган иш-аракеттерди өзүнө камтыган Стратегиялык өнүгүү планы (ГСД), |
| 2. | төмөнкүлөр боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте кароого коюу: -билим берүү, илим жана илимий-техникалык иш тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууга багытталган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, билим берүү системасынын иштешин, өнүгүшүн жана өркүндөтүлүшүн камсыз кылуу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ бардык түзүмдүк подразделениелери, **ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМдин алдындагы ИД, ББСБМТУБ, КР ББжИМдин алдындагы БКББА менен биргеликте | Ченемдик-укуктук актылардын (ЧУА) долбоорлорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык аларды сунуштоонун стандарттык процедуралары | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болушу |
| 3. | - билим берүү тармагында мыйзамдарды колдонуу практикасын жалпылоо; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ бардык түзүмдүк подразделениелери | Башка мамлекеттик органдардын вдомстволук уюмдары жана юристтери менен өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу. Мыйзамды колдонуу практикасын анализдөө | Аналитикалык запискалар, ЧУАны оңдоо-түзөө боюнча сунуштар |
| 4. | - Кыргыз Республикасы катышкан, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде билим берүү жөнүндө документтерди | **БА деңгээлинде:** ББжИМдин КБББ | Чет мамлекеттик өнөктөштөр менен макулдашууларды жүргүзүү.<br>ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык аларды сунуштоонун | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болушу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | теңдештирүү (нострификация) (башка мамлекеттерде берилген билим берүү жөнүндө документтерди Кыргыз Республикасында таануу) тартибин иштеп чыгуу; | | стандарттык процедуралары | |
| 5. | - билим берүү жөнүндө документтерге мамлекеттик талаптарды иштеп чыгуу; менчиктин бардык түрүндөгү аккредиттелген (аттестацияланган) билим берүүчү уюмдардын бүтүрүүчүлөрүн документ менен камсыз кылуу; | **БА деңгээлинде:** Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы, Кесиптик билим берүү башкармалыгы. **Ведомстволук деңгээлде** – КР ББжИМдин алдындагы БКББА | ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык аларды сунуштоонун стандарттык процедуралары. Катуу талап коюлган отчёттуулукту уюштуруу. Типографиялар менен келишим түзүү | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болушу. Бүтүрүүчүлөргө өз убагында берилүүчү документтердин болушу |
| 6. | - белгиленген тартипте билим берүү тармагында мамлекеттик кадр саясатын жүзөгө ашыруу. | **БА деңгээлинде:** КР ББжИМдин Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгы **Аймактык деңгээлде:** Рай/Шаарык билим берүү бөлүмү/шаардык билим берүү башкармалыгы | Бош кызмат орундарына конкурс жарыялоо, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жана мектептердин ж.б. жетекчилеринин кандидатураларын Рай/Шаарык билим берүү бөлүмү/шаардык билим берүү башкармалыгы жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБО) менен макулдашуу | Кызматкерлерди жумуш орундарына бекитүү жана бошотуу. Кызматкерлерди карьералык тепкич боюнча өйдө көтөрүү |
| 7. | - мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясынын интеграцияланышы үчүн билим берүү тармагы боюнча сунуштардын топтомун иштеп чыгуу; | **БА деңгээлинде:** Бюджеттик саясат, каржылоонун анализи башкармалыгы ББжИМ Түзүмдүк жана ведомстволук подразделениелери менен биргеликте | Билим берүү жана илим жаатында мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүү Планынын долбоорун жана сунуштарды иштеп чыгуу | Мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясында билим берүү жана илим боюнча бөлүмдүн/ көрсөткүчтүн камтылуусу |
| 8. | - билим берүү тармагында долбоорлор менен жана максаттуу программаларды ишке ашырууга жана иштеп чыгууга катышуу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ бардык түзүмдүк подразделениелери | Долбоорлордун жана максаттуу программалардын долбоорлорун жана сунуштарды иштеп чыгуу | Өнүгүү боюнча максаттуу программалар/ долбоорлор (мисалы, «Тарбия» программасы, PISA катышууга даярдоо программасы ж.б. |
| 9. | - Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык, республикадан тышкары жашаган мекендештерге | **БА деңгээлинде:** Эл аралык кызматташтык жана инвестициялар бөлүмү | Башка өлкөнүн жараны катары саналган этникалык кыргыздарга КР жогорку окуу жайларында бюджеттик орундарды бөлүүгө багытталган иш-чараларды уюштуруу; | Бюджеттик орундар бөлүнгөн, абитуриенттер окуу жайга кабыл алуу жүргүзүлгөн |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мамлекеттик тилде билим алууга көмөктөшүү; | | Билим берүү уюмдарына этникалык кыргыздарды кабыл алуу боюнча практикалык жана ченемдик жардам көрсөтүү (анын ичинде маалымат берүү, байланыш түзүү, чет мамлекетте берилген документтерди экспертизадан өткөрүү) | |
| 10. | - мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттердин билим алуусу үчүн билим берүү гранттарынын санын жана өлчөмүн аныктоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүү; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы | - бюжеттин эсебинен кадрларды даярдоого арыз жыйноо;<br>- ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык стандарттык сунуштоо иш-аракеттери<br>-Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен кызматташууну уюштуруу | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болуусу |
| 11. | - атактуу инсандардын аттарын билим берүү уюмдарына ыйгарууну макулдашуу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы ББжИМ Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгы | Макулдашылган иш-аракеттери алып баруу | ББжИМ расмий такталган позициясы – ыйгаруу / атактуу инсандардын аттарын билим берүү уюмдарына ыйгаруудан баш тартуу |
| 12. | - билим берүүчү уюмдардын педагогикалык кадрларын жана билим берүүнү башкаруу органдарынын кызматкерлерин даярдоо жана кайра даярдоо системасын уюштуруу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Мектепке чейинки билим берүү бөлүмү, ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы, **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – РПККЖКДИ | Квалификациясын жогорулатуу үчүн квалификацияны жогорулатууучу борборлорго жана институттарга аймактардын мисалында тапшырыктарды түзүү, Окуу программаларын түзүү жана жайылтуу, каржылоо маселелерин чечүү, билим берүүнү уюштуруу | Педагогдорду даярдоо, квалификациясын жогорулаткан билим берүү кызматкерлери |
| 13. | - тиешелүү министрликтер, мамлекеттик башка органдар, жалдоочулар жана башка социалдык өнөктөштөр менен макулдашуу боюнча кадрларды даярдоо үчүн кесиптердин жана адистиктердин тизмесин иштеп чыгуу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар -** КР ББжИМдин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги | Башка мамлекеттик органдар менен макулдашуу боюнча иш-чараларды өткөрүү, эмгек рыногу боюнча изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдонуу, ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке | Кадрларды даярдоо үчүн Кесиптердин жана адистиктердин Тизмесинин болуусу, Ишке ашыруу үчүн ЧУА болушу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | ылайык стандарттык сунуштоо иш-аракеттери | |
| 14. | - билим берүүчү уюмдарда билим алууга, магистратурага, аспирантурага жана докторантурага кабыл алуунун жалпы тартиби менен типтүү эрежелерин иштеп чыгуу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМ Илим департаменти | ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык стандарттык сунуштоо иш-аракеттери | Ишке ашыруу үчүн ЧУА бекитилген Типтүү эрежелердин болуусу |
| 15. | - жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын студенттерин кабыл алуу, эсепке киргизүү, которуу, калыбына келтирүү жана окуудан чыгаруу тартибин, абитуриенттердин билиминин рейтингин аныктоо механизмдерин иштеп чыгуу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы | ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык стандарттык сунуштоо иш-аракеттери | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болуусу |
| 16. | - илимий иштер тармагында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга жана өркүндөтүүгө катышуу, алардын аткарылышы үчүн уюштуруу-усулдук жетекчиликти камсыздоо; | **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМ Илим департаменти | ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык стандарттык сунуштоо иш-аракеттери | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болуусу |
| 17. | - илим чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу; | **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМ Илим департаменти | ЧУА долборлорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык стандарттык сунуштоо иш-аракеттери | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болуусу |
| 18. | - илимий-инновациялык иштерди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгуу боюнча белгиленген тартипте сунуш киргизүү; | **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМ Илим департаменти | Жумушчу топ түзүү, сунуштарды иштеп чыгуу, аларды Илим боюнча кеңешмеде талкулоо жана бекитүү Министрликтерде илимий кеңешмелерди түзүү | Илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүү багытындагы максаттарды аныктоо |
| 19. | - илимий-инновациялык иштер жагында жана аларга мониторинг жүргүзүүдө мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышуу; | **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМ Илим департаменти | Аткарылган иштердин натыйжалуулугун баалоонун критерийлерин даярдоо. Текшерүүлөрдү жүргүзүү, жыйынтыгы боюнча сунуш-пикирлерди киргизүү | Мониторингдин жыйынтыгы боюнча буйруктарды чыгаруу |
| 20. | - илимий-инновациялык долбоорлорго мамлекеттик заказдарды түзүүгө катышуу жана белгиленген тартипте аларды каржылоо | **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМ Илим департаменти | Нускама даярдоо жана КР Өкмөтү же КР ББжИМ тарабынан чечимдерди кабыл алуу боюнча керектүү процедураларды өткөрүү | КР Өкмөтү, КР ББжИМ тарабынан кабыл алынган чечимдер |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жөнүндө сунуштарды киргизүү; | | | |
| 21. | - тейлеген тармагына ылайык укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды өткөрөт; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгы, ББжИМ Коррупцияга каршы саясат жүргүзүү сектору | Иш-чараларды уюштуруу жана алардын ишке ашыруу боюнча көзөмөл жүргүзүү | Пропаганда жүргүзүү |
| 22. | - жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү боюнча чараларды иштеп чыгуу; | **БА деңгээлинде: Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – ББжИМ Илим департаменти | Учурдагы ситуацияларды анализдөө, алар боюнча сунуш-пикирлерди даярдоо | КР Өкмөтү же КР ББжИМ тарабынан кабыл алынган чечимдер |
| 23. | - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу; | **БА деңгээлинде:** Мектепке чейинки билим берүү бөлүмү, ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – КР ББжИМдин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги, Кыргыз билим берүү академиясы | - ЧУА долбоорун иштеп чыгуу;<br>- Мамлекеттик билим берүү стандарттарын (МБС) иштеп чыгуу боюнча буйруктарды чыгаруу;<br>- Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү деңгээлдери боюнча МБС иштеп чыгуу (жумушчу топ);<br>- ЖОЖдордун окуу-методикалык бирикмелерин жана ОПББМ окуу-методикалык кеңешмесин түзүү;<br>- Мамлекеттик билим берүү стандарттарын (МБС) иштеп чыгуу боюнча иш-чаралардын планын бекитүү;<br>- ББжИМ коллегиясында талкууга чыгаруу;<br>- Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү деңгээлдери боюнча мамлекиттик стандартты бекитүү жана кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн МБС макетин КР Өкмөтүнүн чечиминин негизинде бекитүү | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болуусу |
| 24. | - жаштарды патриоттуулукка, руханий-ыймандуу тарбиялоого, | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Мектептик жана мектептен | Сунуш-пикирилерди жана максаттуу программаларды иштеп | Максаттуу программалар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | интеллектуалдык, чыгармачылык өнүктүрүүгө жана дене-бой жагынан жетилүүгө багытталган максаттуу программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; | тышкаркы билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – КР ББжИМдин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги, Кыргыз билим берүү академиясы | | |
| 25. | - мамлекеттик органдар, инвесторлор жана эл аралык уюмдар үчүн билим берүү объекттеринин инфратүзүмүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды даярдоо; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Инфраструктура жана мамлекеттик сатып алуулар бөлүмү, ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы, Эл аралык кызматташтык жана инвестициялар бөлүмү **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар** – КР ББжИМдин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги | Сунуш-пикирилерди иштеп чыгуу | Билим берүү обьектилеринин инфратүзүмүн өнүктүрүү боюнча сунуштар |
| | **б) жөнгө салуу функциялары:** | | | |
| 26. | - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, билим берүү ишмердүүлүгүнө (мектепке чейинки, жалпы баштапкы, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү мекемелеринен башка) лицензия берүүнү ишке ашыруу; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Лицензиялоо жана аккредитациялоо башкармалыгы | Лицензия алууну көздөгөндөрдүн арыздарын жана берилген документтердин топтомун таанышуу жана карап чыгуу;<br>Эксперттик комиссия түзүү боюнча буйрук даярдоо;<br>Эксперттик комиссиянын корутундулары менен таанышуу жана Лицензия боюнча кеңешменин протоколун даярдоо;<br>Лицензия боюнча кеңешменин жыйынында арызды жана Корутундуларды карап чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу<br>Кеңеш жактырса лицензиягв тапшырык берүү, ондоо жана кол коюу, лицензия тапшыруу, лицензиялар | Берилген лицензия же болбосо негизделген баш тартуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | базасын түзүү иш-чаралары;<br>Лицензия берүүгө уруксат берилбесе баш тартуу боюнча билдирүү даярдоо жана арыз ээсине жөнөтүү | |
| 27. | - билим берүү жаатында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды тартипке салуу | **БА деңгээлинде:**<br>ББжИМ Маалыматтык камсыздоо сектору,<br>ББжИМ Мектепке чейинки билим берүү бөлүмү,<br>ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы,<br>ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы,<br>Документтерди камсыздоо жана көзөмөлдөө бөлүмү ж.б. мамлекеттик кызмат көрсөткөн бөлүмдөр<br>**Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар**:<br>КР ББжИМдин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги,<br>ББСБМТУБ | Окуу мекемелерин компьютерлештирүү жана интернетке кошуу, электронных китепкана жана окуу китептерин түзүү, ИКТ боюнча окутуу тармагын жакшыртуу, программалык платформаларда маалыматтардын базасын түзүү, электрондук документ жүгүртүү ж.б. | Окуу мекемелерин компьютерлештирүү жана интернетке кошуу, электронных китепкана жана окуу китептерин түзүү, ИКТ боюнча окутуу тармагын жакшыртуу, программалык платформаларда маалыматтардын базасын түзүү, электрондук документ жүгүртүү ж.б |
| 28. | - билим берүүчү мамлекеттик уюмдардын адистерди даярдоонун санын жана структурасын аныктоо маселеси боюнча иштерин жөнгө салуу; | **БА деңгээлинде:**<br>ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы<br>**Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар**:<br>КР ББжИМдин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги | Кабыл алуу планынын жана контингенттин көлөмүнүн лицензиялык талаптарга дал келүүсү боюнча окуу жайлардын арыздарын анализдөө,<br>Адистиктер жана багыттар боюнча планды бекитүү | Адистиктер жана багыттар боюнча планды бекитүү |
| 29. | - илимий-инновациялык мекемелердин ишин жөнгө салууга катышуу | **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар**:<br>ББжИМ Илим департаменти | Кырдаалды анализдөө, сунуш-пикирлерди иштеп чыгуу | Чечим кабыл алуу |
| 30. | - республикалык бюджеттен илимий изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди каржылоону токтотуу жөнүндө сунушун киргизүү; | **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар**:<br>ББжИМ Илим департаменти | Кырдаалды анализдөө, ЧУА долбоорлорун иштеп чыгуу, аларды сунуштоо боюнча стандарттык процедуралар | Чечим кабыл алуу, принятие НПА |
| 31. | - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте билим берүү мекемелеринин педагогдорун | **БА деңгээлинде:**<br>ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы,<br>ББжИМ Укуктук камсыз кылуу жана | ЧУА долбоорун иштеп чыгуу, Регламентке ылайык аларды сунуштоонун стандарттык процедуралары | Ишке ашыруу үчүн ЧУА болуусу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | аттестациялоону уюштуруу; | кадрдык иштер башкармалыгы, **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар**: ББСБМТУБ **Аймактык деңгээлде:** Рай/Шаарык билим берүү бөлүмү/шаардык билим берүү башкармалыгы | | |
| 32. | - билим берүү системасында эмгек ресурстарына болгон муктаждыктын болжолун даярдоо; | **БА деңгээлинде:** ББжИМ Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгы (мектеп мугалимдери жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары үчүн), ББжИМ Мектепке чейинки билим берүү бөлүмү, ББжИМ Мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы, ББжИМ Кесиптик билим берүү башкармалыгы **Ведомстволук деңгээлдеги уюмдар**: КР ББжИМдин алдындагы Башталгыч кесиптик билим берүү агенттиги **Аймактык деңгээлде:** Рай/Шаарык билим берүү бөлүмү/шаардык билим берүү башкармалыгы | Аймактарда окуу жайлар жана предметтер боюнча педагогикалык кадрларга болгон муктаждыктарды топтоо<br>Жыйынтыктылган божомолду түзүү;<br>Абитуриенттерди кабыл алуу планын түзүү;<br>Бош орундар картасына ылайык бюджеттик негизде окуган бүтүрүүчүлөрдү бөлүштүрүү | Жер-жерлерде бош орундардын санын кыскартуу |
| | **в) координациялоо жана көзөмөлдөө функциялары** | | | |
